
# ИДЕЯДАН ОЙЛОП ТАБУУГА ЧЕЙИН

МЕКТЕП ПАТЕНТИ



Билимге умтулган мугалимдер жана камкор ата-энелер үчүн

ПРЕЗИДЕНТТИК ГРАНТТАР ФОНДУНУН КОЛДООСУНДА

КАДУЦЕЙ
ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ БОРБОРУ

2021

# Идеядан ойлоп табууга чейин

Билимге умтулган мугалимдер жана камкор ата-энелер үчүн

Ойлоп табуучу окуучулар менен сабак өтүү жана өз алдынча иштөө үчүн мугалимдер менен педагогдорго арналган окуу-усулдук колдонмо

**Бишкек 2021**

**УДК 347.77**
**ББК 30у**

**Идеядан ойлоп табууга чейин.** ***Билимге умтулган мугалимдер жана камкор ата-энелер үчүн.*** Ойлоп табуучу окуучулар менен сабак өтүү жана өз алдынча иштөө үчүн мугалимдер менен педагогдорго арналган окуу-усулдук колдонмо / проф. Е. Л. Богданова, проф. Т. Г. Максимованын ред. астында. / Авторлор жамааты. – Бишкек, 2021, 172-бет., илл. менен.

Окуу-усулдук колдонмо курамына А. А. Антипов, Е. Л. Богданова, А. В. Ерузалимская, Д. А. Коротышева, Ю. Н. Коротышева, О. Е. Котенева, Т. Г. Максимова, А. С. Николаев, Г. В. Пудкова, Ю. С. Сербиненко кирген авторлор жамааты тарабынан Россия Федерациясынын Президентинин жарандык коомдук өнүктүрүүгө берилген грантынын (№19-1-018506-келишим) финансылык колдоосу менен иштелип чыккан.

Колдонмодо пайдаланууга жана өзгөртүүгө лицензиясы бар иллюстрациялар пайдаланылды.

Колдонмо ойлоп табуучу окуучулар менен сабак өтүү жана өз алдынча иштөө үчүн мугалимдер менен педагогдорго, ошондой эле балдарга ойлоп табуучулуктун жана интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын коргоо эрежелерин түшүндүрүүгө аракеттенген ата-энелерге арналган.

© А. А. Антипов, Е. Л. Богданова, А. В. Ерузалимская, Д. А. Коротышева, Ю. Н. Коротышева, О. Е. Котенева, Т. Г. Максимова, А. С. Николаев, Г. В. Пудкова, Ю. С. Сербиненко, 2019

© Кыргызпатент, 2021

*Колдонмо Окуу колдонмосун пайдалануу укугуна берилген лицензиялык келишимдин негизинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайыкташтырылган.*

***Кыргыз тилине которгондор:***
*Рымбекова Н. Н. – 1– 102-беттер;*
*Калыева Ө. А. – 103 – 129-беттер;*
*Исакова З. Т. – 130 – 143-беттер;*
*Мусаева М. И. – 144 – 165-беттер.*

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ........................................ **6**

**1 бөлүк. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК: НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР**...........**8**

**1. ОЙЛОП ТАБУУЧУНУН ИНСАНДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ** ..............................**8**

Ойлоп табуучулар – адамзатты куткаруучулар ........................................ 8

Ойлоп табуучу – бул байкоочу ........................................ 9

Ойлоп табуулар – чарчабастан үйрөнүү жана өз күчүнө ишенүү ..........12

Ойлоп табуучулук – бул өз жанын аябоочулук жана тобокелдик..........16

Ойлоп табуучу интеллектуалдык менчиктин укуктук негиздерин билиши керек........................................17

Ойлоп табуучу – дүйнөнү сактап калууну жана аны жакшыртууну каалаган гуманист! ........................................19

Суроолор жана тапшырмалар........................................23

**2. АДАМЗАТТЫН ЗОР ОЙЛОП ТАБУУЛАРЫ** ........................................ **24**

Оттон кыймылдаткычка чейин ........................................24

Дөңгөлөктөн дөңгөлөк алкакка чейин ........................................27

Жазуудан интернетке чейин ........................................28

Медициналык зор ачылыштар: вакцинация, анестезиядан 3D-көкүрөк клеткасына чейин........................................31

Балдардын зор ачылыштары........................................33

Суроолор жана тапшырмалар........................................36

**3. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА АЛ МЫЙЗАМ МЕНЕН КАНТИП КОРГОЛОТ** ........................................ **37**

Интеллектуалдык менчик түшүнүгү ........................................37

Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзамдык актылары ........................................37

Интеллектуалдык менчикти укуктук коргоонун түрлөрү........................39

Автордук укукту коргоо........................................39

Патенттик укук объектилерин коргоо ........................................40

Интеллектуалдык менчикти эл аралык коргоо........................................41

Суроолор жана тапшырмалар........................................43

**2-бөлүк. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИКТИН МИСАЛДАРЫ** ...................... **44**

**4. ФИЗИКА ЖАНА ТЕХНИКАДАГЫ ОЙЛОП ТАБУУЛАР. ОЙЛОП ТАБУУЛАР, ПАЙДАЛУУ МОДЕЛДЕР, ӨНӨР ЖАЙ ҮЛГҮЛӨРҮ** ...............**44**

Патенттик укук объектилеринин коргоого жөндөмдүүлүгүнүн шарттары........................................44

Патентке жөндөмдүүлүк шарттары........................................45

Ойлоп табуунун милдети жана техникалык натыйжасы ..........................47

Патенттик укук объектилерин мамлекеттик каттоо ..................................49

Ойлоп табуунун же пайдалуу моделдин формуласы ................................49

Өнөр жай үлгүсүн сыпаттоо ........................................51

Жыйынтыктар ....................................................................................51
Суроолор жана тапшырмалар....................................................................52
**5. АДАБИЯТТАГЫ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК. АВТОРДУК УКУК .....................................................................................53**
**6. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ХИМИЯ ИЛИМИНИН ТАРЫХЫНДА ..............................................59**
**7. ЖИВОПИСТЕГИ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК. ТОВАРДЫК БЕЛГИЛЕР.....................................................................................71**
**8. ЧЕТ ТИЛ ЖАНА ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ......................................77**
Чет тилдеги чыгарма....................................................................................77
Суроолор жана тапшырмалар....................................................................81
Чет тилдеги чыгармаларды цитаталоо.......................................................81
Суроолор жана тапшырмалар....................................................................82
Чет тилдеги ауидовизуалдык чыгармалар ..................................................82
жана аудиожаздыруулар ..............................................................................82
Суроолор жана тапшырмалар....................................................................84
Чыгармаларды которуу .................................................................................84
Суроолор жана тапшырмалар....................................................................86
Бул бөлүмдү окутууга сунуштамалар .........................................................86
**9. МАРКЕТИНГ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК .....................................87**
Интеллектуалдык менчик жана окутуу .......................................................87
Жарнамадагы интеллектуалдык менчик .....................................................88
Туризм чөйрөсүндөгү интеллектуалдык менчик.........................................92
Мода өндүрүшүндөгү интеллектуалдык менчик.........................................93
Тейлөө чөйрөсүнүн башка жааттарындагы интеллектуалдык менчик.............................................................................94
Бренддер жана товардык белгилер .............................................................95
Суроолор жана тапшырмалар....................................................................96
**3-бөлүк. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН КОММЕРЦИЯЛАШТЫРУУ..............................................97**
**10. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИККЕ УКУКТАРДЫН ЧЕКТЕРИ...........97**
Интеллектуалдык менчик атаандаш актив катары.....................................97
Интеллектуалдык менчикти коргоонун актуалдуу стратегиялары ........97
Интеллектуалдык менчиктин субъектилери...............................................99
Интеллектуалдык менчик укуктары............................................................99
Интеллектуалдык менчик объектилери.....................................................101
Автордук укуктарды белгилөө жана коргоо варианттары.....................103
Патенттөө механизми ................................................................................104
Жекелештирүү жана ноу-хау каражаттары ...............................................105
**11. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК УКУКТАРЫНЫН СУБЪЕКТИЛЕРИ ЖАНА ОБЪЕКТИЛЕРИ.......................................................................107**
Интеллектуалдык менчик укуктарынын субъектилери...........................107

Интеллектуалдык менчик укуктарынын субъектилеринин интеллектуалдык укуктары ... 108
“Интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларынын автору” түшүнүгүн ченемдик аныктоо ... 110
Интеллектуалдык менчик укуктарынын объектилери ... 112
Суроолор жана тапшырмалар ... 114
**12. ИНТЕРНЕТТЕ МААЛЫМАТТЫ ТАЛДОО МИСАЛЫНДА ПАТЕНТТИК ИЗДӨӨ ... 115**
Патенттик издөө эмне үчүн керек? ... 115
Патенттик издөө жүргүзүүнүн этаптары ... 116
Патенттик издөө үчүн маалымат булактары ... 116
Кыргызпатенттин Интернет-портал системасынын жардамы менен издөө ... 118
Интернет желесинде издөө ... 121
**13. ЛИЦЕНЗИЯЛАР ЖАНА КОММЕРЦИЯЛАШТЫРУУНУН БАШКА ЫКМАЛАРЫ ... 124**
Интеллектуалдык менчикти коммерциялаштыруу ... 124
Интеллектуалдык менчик объектисине укуктарды өткөрүп берүү ... 126
Өзгөчө укукту өткөрүп берүү жөнүндө келишим ... 126
Лицензиялык келишим ... 127
Интеллектуалдык менчиктин натыйжасынын техника-экономикалык көрсөткүчтөрүн жана аны коммерциялаштыруунун келечегин баалоо ... 128
Ийгиликтүү коммерциялаштыруунун шарттары ... 130
Уюмда жаратылган интеллектуалдык менчик объектисин коммерциялаштыруу ... 131
Илимий уюмда же жалгыз ойлоп табуучулар тарабынан жаратылган интеллектуалдык менчик объектисин сатуунун жолдору ... 132
Интеллектуалдык менчик объектин интернет-аукциондору жана стартаптар үчүн аянтчалар аркылуу коммерциялаштыруу ... 134
Интеллектуалдык менчиктин аукциондору ... 135
Суроолор жана тапшырмалар ... 137

**ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ОЮН ... 138**

**Авторлор жөнүндө кыскача маалымат ... 159**

**Кыскача жазуулар үчүн ... 160**

## Киришүү

Санариптик экономикага өтүү Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу маселеси болуп саналат. Жаңы экономикалык шарттардын келип чыгышы ой жүгүртүүнүн инновациялык түрүнүн калыптануу процесси менен байланышта. Интеллектуалдык менчик (ИМ) жаңы экономикалык шарттардын негизги активи жана эң башкы ресурсу болуп калууда.

Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун (ИМБДУ) эксперттери дүйнөлүк патенттик активдүүлүктүн оң жакка жылыштарын белгилешүүдө.

ИМ жаатындагы дүйнөлүк ишмердүүлүк жөнүндө ИМБДУнун статистикалык маалыматтары боюнча, 2018-жылы патенттөөнүн жаңы рекорду коюлган, 2019-жылы болсо, 2009-жылдагы финансылык кризистен берки мезгилде биринчи жолу патенттик өтүнмөлөрдүн бүткүл дүйнөлүк саны 3%га төмөндөгөн. Мунун фонунда товардык белгилер жана өнөр жай үлгүлөрү жаатындагы ишмердүүлүктүн масштабдары тиешесине жараша 5,9%га жана 1,3%га өскөн. Көлөмдүк көрсөткүчтөр менен алганда дүйнө жүзү боюнча берилген патенттик өтүнмөлөр 3,2 млн.ду түзсө, товардык белгилерди каттоого – 15,2 млн.ду, ал эми өнөр жай үлгүлөрүн каттоого өтүнмөлөр – 1,4 млн.ду түзгөн. Патенттик укуктун өзгөчө түрү болгон пайдалуу моделдерди каттоого өтүнмөлөрдүн саны 9,1%га өскөн жана 2,3 млн.го жеткен.

Мурдагы жылга салыштырмалуу өтүнмө берүүчүлөрдүн активдүүлүгү сезилерлик төмөндөгөнүнө карабастан, Кытайдын ведомствосу 2019-жылы алган патенттик өтүнмөлөрдүн саны боюнча лидерлигин сактап калган. 2019-жылы ИМ боюнча Кытайдын ведомствосу 1,4 млн. патенттик өтүнмө алган, бул АКШнын тиешелүү органынын ушундай эле көрсөткүчүнөн эки эсе көп.

Ал эми Кыргыз Республикасында болсо, ИМ рыногу иштеши үчүн шарттарды түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-

жылдын 6-июлундагы №424 токтому менен 2017 – 2021-жылдарга Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчиктик өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы бекитилген.

Мамлекеттик программаны ишке ашырууда негизги басым технологиялык базаны жаңыртууга, бизнестин инновацияларды кабыл алуусун жогорулатууга, инновациялык багыттагы тикелей инвестицияларды көбөйтүүгө, адам капиталын өнүктүрүүгө, инновациялык ишмердүүлүктү колдоого жана шыктандырууга жасалган.

Интеллектуалдык менчикти өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасында көрсөтүлгөндөй, өлкөнү инновациялык өнүктүрүү максатында эң маанилүү багыт болуп жаштардын инновациялык активдүүлүгүн, анын ичинде мектеп окуучуларын илимий-техникалык чыгармачылыкка шыктандыруу саналат.

Бул колдонмо мекенибиздеги интеллектуалдык менчиктин негиздерине арналган окуу-усулдук адабияттагы боштукту толтурууга арналган.

Колдонмо курамына А.А. Антипов, Е.Л. Богданова, А.В. Ерузалимская, Д.А. Коротышева, Ю.Н. Коротышева, О.Е. Котенева, Т.Г. Максимова, А.С. Николаев, Г.В. Пудкова, Ю.С. Сербиненко кирген авторлор коллективи тарабынан иштелип чыккан.


Окуу-усулдук колдонмо ойлоп табуучу окуучулар менен сабак өтүү жана өз алдынча иштөө үчүн мугалимдер менен педагогдорго, ошондой эле балдарга ойлоп табуучулуктун жана интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын коргоо эрежелерин түшүндүрүүгө аракеттенген ата-энелерге арналган.

# 1 бөлүк.
# ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК: НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР

## 1. ОЙЛОП ТАБУУЧУНУН ИНСАНДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Ойлоп табуучулар – адамзатты куткаруучулар*

Баарыбызга улуу ойлоп табуучулардын ысымдары белгилүү, Архимед, Леонардо да Винчи, М. В. Ломоносов, Никола Тесла ж.б., булар адамзаттын тарыхынын жүрүшүн өзгөрткөн жана биз “илимий-техникалык прогресс” деп атагандын негизин түзгөн. Бүгүн биз күнүгө ойлоп табууларды колдонобуз, алар күндөн-күнгө көбөйүүдө, бирок негизинен алганда азыр электр кубатын, суу түтүктөрүн, компьютерди жана башка заманбап технологияларды адаттагы көрүнүш катары кабыл алышыбыз үчүн канча миң жылдыктар жана күч-аракеттер талап кылынганы тууралуу деле ойлонбойбуз.



*1-сүрөт. Байыркы адамдар эмгек куралдарын жасоодо*

Дал ошол ойлоп табуулар адамды сактап калбады беле жана аны Homo Sapiens кылбадыбы. Жаныбарлар дүйнөсүнүн өкүлдөрүнөн айырмаланып, адам баласы курчап турган чөйрөдөн толугу менен корголгон эмес жана узак мезгил бою жок болуунун кырында турган. Тирүү калуу үчүн ал эмгек куралдарын, аң уулоо куралдарын, отту, турак жайды ойлоп таба баштаган, бара-бара күчтөнүп, курчап турган жаратылыштан коркпой, анын ресурстарын өз пайдасына, адам цивилизациясын курууга пайдалана баштаган.




*2-сүрөт. Титан асманды кармап турат*

Ойлоп табуучулар – дүйнөнү кармап турган титандар деп ишенимдүү айтууга болот. Бирок байыркы грек титандары эбегейсиз кара күчкө ээ болушкан. Алардан айырмаланып, ойлоп табуучулардын эбегейсиз күчү башка түрдө.

*Ойлоп табуучу – бул байкоочу*

Биринчи ачуучунун, ойлоп табуучунун күчүнө эгедер болуу үчүн адам кандай сапаттарга ээ болушу керек?


Эң алгач – бул **байкагычтык**. Адамзат өзүнүн улуу ачылыштары үчүн дал ошол курчап турган дүйнөгө милдеткер экени жалпыга маалым. Марк Цицерон: "Жаратылыштан ашып түшкөн ойлоп табуучу жок", - деп бекер жерден айткан эмес.



*3-сүрөт. Демокрит жана атом*

Алсак, атомдордон материя түзүлөт, ал эми атомдун аналогдорунун бири болуп б.з.ч. V кылымда бул теориянын негиздөөчүсү Демокрит үчүн үйдө күндүн нуруна салганда учуп жүргөн чаңдар болгон.

XIX кылымда атомдун планетардык моделин түзгөн Эрнест Резерфорд үчүн мындай аналог болуп Күн системасы саналган.



*4-сүрөт. Күн системасы жана атомдун модели*

1999-жылы "Тайм" журналы тарабынан Нобель сыйлыгынын лауреаты Александр Флеминг XX кылымдын эң маанилүү адамдарынын бири деп аталган. Ал пенициллинди - активдүү затты бөлүп чыгара алган, бул ойлоп табуу XX кылымда адамзатты сактап калган деп айтса болот.

Ал эми буга кадимки окуя менен окумуштуунун байкагычтыгы жардам берген: бактериялар салынган бир чыныдагы көгөргөн козу карындардын колониясы бактериялардын клеткаларын өлтүргөн, акыры келип бул иш Флемингге улуу ачылышын жасоого мүмкүнчүлүк берген.



*5-сүрөт. Александр Флеминг лабораториялык эксперимент жүргүзүүдө*



*6-сүрөт. Жарганаттардын навигациялоого мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу*


Ойлоп табуучулукту өнүктүрүүдө өзгөчө ролду жаныбарларга байкоо салуу ойногон.

Алгачкы учуучу аппараттардын учуу технологиясы куштардан алынгандыгы жалпыга маалым, ал эми навигациялык алеттер киттердин, үкүлөрдүн жана жарганаттардын багыт алуу боюнча өзгөчө мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен келип чыккан. Бүгүнкү күнү дагы адамзат эң заманбап технологияларды жаратылыштан алууну улантууда.


Мисалы, заманбап бургулоочу машиналар – бул жерди "жеп",

чарчабастан алдыга жыла берген, аркасында тоннель калтырууга жөндөмдүү кадимки сөөлжандын чоңойтулган механикалык көчүрмөсү.

Инженер Йеджи Накатсу “зимородок” түркүмүндөгү чымчыктарга байкоо жүргүзүүсүнүн негизинде жогорку ылдамдыктагы жүргүнчүлөр экспрессинин тумшугунун технологиясы жаралган, бул ойлоп табуу экспресстерге туннелдерден дабышсыз (адамдарды чочуткан “тарс” эткен катуу добушсуз) чыгууга мүмкүндүк берет.




*7-сүрөт. Бургулоочу машина сөөлжандын жер казуучулук жөндөмүн кайталайт*



*8-сүрөт. Жогорку ылдамдыктагы экспресстин кабинасынын технологиясы “зимородок” түркүмүндөгү чымчыктардын тумшугунун формасын кайталайт.*

Тоңкулдактын тумшугунун соккуларды алуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө самолеттордун кара кутуларын бузулуудан коргогон аппараттарды ойлоп табууга мүмкүнчүлүк берген.





*9-сүрөт. Тоңкулдактын тумшугунун соккуларды алуу мүмкүнчүлүктөрү соккуга туруштук берген аппараттардын негизин түзгөн*

## *Ойлоп табуулар – чарчабастан үйрөнүү жана өз күчүнө ишенүү*


Албетте, жогоруда айтылган мисалдарда жөн гана байкап коюу жөнүндө сөз болуп жаткан жок, кеп максатка багытталган байкоочулук жөнүндө болуп жатат. Көп адамдар үчүн күн нуруна чагылышкан чаңчалар эч нерсени билдирбейт, ал эми чыныдагы көгөрүп кеткен козу карындар – кадимки балиттиктин белгиси, ага байкоо жүргүзүү эмес, жөн гана тазалап салуу керек.

Ошондуктан изилдөөчү менен ойлоп табуучуга байкагычтыктан тышкары чарчабастан таанып-билүү жана максатка багытталгандык, изилдеп жаткан көйгөйгө ынтаа коюусу, ишке жөндөмдүүлүгү өңдүү сапаттар да керек. Башкача айтканда, ойлоп табуучу – бул ойлоп табууларга анын шыгы бар экендигин түшүнгөн, өзүнө жана өзүнүн ойлоп табууларынын келечегине ишенген адам.




*10-сүрөт. Леонардо да Винчинин соргучтарынын чиймелери*

Ньютондун башына түшүп кеткен алма, ошондон дүйнөлүк тартылуу мыйзамын алгачкы ачкандыгы, ошондой эле Менделеевдин түшүнө кирген мезгилдүү элементтердин таблицасы жөнүндө жарымы чындык, жарымы уламыштарды билебиз. Илимде окумуштууларды улуу ачылыштарга жана ойлоп табууларга алып келген дагы көптөгөн кокусунан келип чыккан факторлор белгилүү. Бирок негизинен ачылыштар жана ойлоп табуулар – узак жана тынымсыз эмгектин натыйжасы, ага кээде бүт өмүрү сарпталышы мүмкүн.



*11-сүрөт. Уламыш боюнча, Ньютондун башына түшүп кеткен алма ага дүйнөлүк тартылуу мыйзамын ачууга түрткү берген*

Адамзаттын улуу теорияларынын бири болгон гелиоцентрикалык моделди түзүүнүн үстүндө Николай Коперник 40 жылга жакын иштеген. Дүйнө жүзүнө бул теорияны сунуштаган “Асман сфераларынын айланышы жөнүндө” китеби 1543-жылы – автордун көзү өткөн жылы гана жарыкка чыккан, ал эми гелиоцентризмди тастыктаган башка улуу окумуштуулардын теориялык жана практикалык эмгектери ондогон жылдардан кийин пайда болгон: атап айтсак, Күн системасындагы планеталардын жылуу мыйзамдарынын автору И. Кеплердин жана эксперименталдык физиканын негиздөөчүсү Г. Галилейдин эмгектери.




NICOLAI
COPERNICI TO
RINENSIS DE REVOLVTIONI
bus orbium cœlestium,
Libri VI.

*12-сүрөт. Николай Коперниктин “Асман сфераларынын айлануусу жөнүндө” китебинин тышы*

Леонардо да Винчинин ойлоп табуучулук тарыхы өтө уникалдуу десек да болот. Улуу италиялык ойчул жана сүрөтчү бүткүл өмүрүн ойлоп табууларга жумшаган.



*13-сүрөт. Леонардо да Винчинин дөнгөлөктүү кулпусу*



*14-сүрөт. Да Винчинин идеалдуу шаарынын долбоору*

Ошол эле учурда автордун көзү тирүүсүндө инновация катары бир гана дөңгөлөктүү кулпусу кеңири таралган, бул ойлоп табуу - кертик түшүрүлгөн айланма дөнгөлөкчөнүн жардамы менен ок аткан куралдын механизми болгон.

Леонардонун гениалдуу ойлорунун көбү, мисалы, парашют, "орнитоптер" учуучу аппараты, келечектеги экологиялык жактан таза шаар, ошол бойдон жүзөгө ашырылбай калган. Өнүгүүнүн азыркы учурунда гана адамзат Да Винчинин гениалдуу ойлорун ишке ашыра алган, ал эми азыр активдүү иштелип чыгып, жайылтылып жаткан "акылдуу шаар" концепциясы жарым-жартылай анын келечектеги шаар идеясынын уландысы болуп саналат.


Окумуштуу, ойлоп табуучу Михаил Васильевич Ломоносов дагы гениалдуу болгон, ал дагы да Винчи өндүү эле бүткүл өмүрүн илимге жана ойлоп табууларга арнаган. Алардын айрымдарын мисал келтирсек.

Ломоносов граф М. И. Воронцов Рим шаарынан алып келген италиялык мозаиканын үлгүлөрү менен абдан кызыгып калат. Бирок италиялыктар смальтаны (тунук эмес түркүн түстүү айнектерди) жасоонун технологиясын өтө купуя сактагандыктан, Михаил Ломоносов өзүнүн технологиясын ойлоп табууну чечет. Бул үчүн ал төрт жыл бою иштеп, төрт миңге жакын эксперимент жүргүзөт.



*15-сүрөт. М. В. Ломоносов – түстүү айнек жасоонун россиялык технологиясын ойлоп табуучу*

Натыйжада  сапаты италиялык айнектен ашып түшкөн түстүү айнек чыгаруу технологиясы табылган, аны азыркы күнгө чейин мозаикалык искусствонун билгичтери жогору баалашат. Ушуну менен эле катар, Ломоносов вискозиметрди – суюктуктун илээшкектигин өлчөө үчүн алгачкы аспапты, “түндү кароочу түтүктү” – мааниси боюнча алгачкы  түнкү көрүү аспабын, электр өлчөгүч аспапты жана заманбап чагылганды четтеткичтин алгачкы үлгүсүн, ошондой эле атмосферанын жогорку катмарларын изилдөө үчүн аэродромдук машинаны ойлоп тапкан. Улуу окумуштуу көзү тирүүсүндө учуучу машинасын пайдаланганга үлгүргөн эмес, ал эми анын чиймелери бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган.



*16-сүрөт. Ломоносовдун вискозиметри*

*Ойлоп табуучулук – бул өз жанын аябоочулук жана тобокелдик*


Көп ойлоп табуучулардын өз жанын аябоочулук жана тобокелдикке салган сапаттары болбосо, дүйнө жузү улуу ачылыштардан жана ойлоп табуулардан кур калмак. Окумуштуу менен ойлоп табуучуга дайыма эле шарттардын ыңгайы келе бербейт, ошондуктан көп учурларда ачылыш жасоо, ойлоп табуу жолунда көп татаалдыктардан өтүүгө туура келет.

Луи Пастер, пастеризация жана вакцинация технологияларынын автору, XX кылымдын улуу ойлоп табууларынын бири – кутурмага каршы вакцинаны өзү катуу ооруп жатып, өлөрүнө аз калганда ойлоп тапкан. Ал кутурган ит тиштеген беш жашар кыздын өлүмүнө күбө болгон, ошол күндөн тартып жанын аябастан вакцинаны жаратууга киришкен. Пастер өз жанын тобокелге салып, оорулуу жаныбарлардын оозунан шилекейди өзү алчу. Натыйжада үйгө багылган коендун кургатылган мээсинен вакцина жасаган. Окумуштуу адамдарга эксперимент кылуудан коркуп жүргөн, акыры ага кутурган ит тиштеген оорукчан баланын апасы кайрылат. Пастер тобокелге салып, ал балага вакцинаны куят, бир аз убакыттан кийин бала айыга баштайт. Көп өтпөй бала айыгып кетет, бул кутурмага каршы эмдөөнүн майнаптуулугун тастыктап, өтө көп сандагы адамдарды сактап калууга мүмкүнчүлүк берген, ал эми адамзат болсо дагы бир куткаруучу каражатка ээ болгон.



*17-сүрөт. Луи Пастер – кутурмага каршы вакцинанын автору*

Пастердин окуучусу, микробиолог Владимир Ааронович Хавкин болсо адамдардын жашоосуна көптөгөн кылымдар бою коркунуч жаратып, өтө коркунучтуу, айыкпас дарт делген холера менен чумага каршы вакциналарды жараткан. 1892-жылы Хавкин холерага каршы вакцинаны жасап, өзүнө куюп, текшерип көрүп, бир жылдан кийин Британиянын өкмөтүнүн суранычы менен холера күчөп жаткан Индияга барат, ал жерден вакцинанын өндүрүшүн жөндөйт, натыйжада кырк эки миңден ашуун адамды эмдеп, өлүмдүн санын он эселеп кыскарткан.



*18-сүрөт. Чума таякчалары. В. Хавкин эмдөө жүргүзүүдө*


1896-жылдын январь айында Индиянын Бомбей шаарында жана анын тегерегинде чуманын эпидемиясы жүрүп, жүз миңдеген адамдардын жанын алып турган. Хавкин кайрадан Индияга барат, 14 сааттан иштеп, болуп көрбөгөндөй чечкиндүү экспериментке барат, натыйжада чуманын микробдору бөлүп чыккан уудан вакцина жасайт. Хавкин кайрадан алгачкы вакцинаны өзүнө куюп, сынап көрөт. Оң натыйжа алган соң Бомбейдин жашоочуларын массалык түрдө эмдеп, сактап калат. Сиңирген эмгеги үчүн Владимир Хавкинге "Индия империясынын Орденинин кавалери" деген наам ыйгарылат, ал эми анын ысымы Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азиядагы эң ири эпидемиология жана бактериология изилдөө борборуна ыйгарылат, анткени дал ошол жерде Хавкин чумага каршы алгачкы лабораториясын ачкан.

## *Ойлоп табуучу интеллектуалдык менчиктин укуктук негиздерин билиши керек*

Азыркы жашоодо ар бир ойлоп табуучу өз ойлоп табуусун укуктук жактан коргобосо, анын бардык эмгеги текке кетерин билет. Ошондуктан дайыма ойлоп табуудан кийин патент алуу жол-жобосу башталат.


Ойлоп табуучулар дайыма эле өзүнүн инновациялык иштелмелерине авторлугун бекемдей алышкан эмес. Мекени Россия деп эсептелинмек, бирок өз убагында патент менен корголбой калган ойлоп табуулар кийин чет элдик ойлоп табуучуларга даңк алып келгендигинен бир нече мисалдарды келтире кетсек.

1751-жылы эл ичинен чыккан Леонтий Шамшуренков деген механик мамлекеттик буйрукту аткарып жатып, автомобилдин алгачкы үлгүсүн - тышкы күчсүз эле өзү кыймылдаган "өзү чуркаган араба" жасаган. 1769-жылы болсо ушундай типтеги аппарат француз Николай Куньо тарабынан дүйнөгө сунушталган.



*19-сүрөт. Шамшуренковдун өзү чуркаган арабасы*

Азыр Куньону дүйнө жүзү билет, ал эми орус механик-ойлоп табуучунун аты унутулган. Крепостной кедей Ефим Артамоновду велосипеддин аналогун ойлоп табуучу катары санаса болот: 1801-жылы ал алгачкы кош дөңгөлөктүү толугу менен металлдан жасалган, тээктүү самокат жасаган. Бирок велосипедге патентти немец барону Карл Дрейз алган.



*20-сүрөт. Артамоновдун самокаты*

1870-жылы Орус техникалык коомунун мүчөсү Александр Лодыгин лампаларда вольфрам жиптерин спираль түрүндө эшип, колдонууну биринчи болуп сунуштаган. Бирок чыңалуу лампасына патентти 1880-жылы Томас Эдисон алган.




*21-сүрөт. Лодыгиндин чыңалуу лампасы*


Александр Попов 1895-жылдын 7-майында алгачкы жолу аралыктан радиосигналдарды кабыл алууну жана берүүнү коом алдында көрсөтүп берген, ал эми эки жылдан кийин – зымсыз телеграфтын жардамы менен радиолокацияны табууну көрсөткөн. Чынында Попов радионун ойлоп табуучусу катары саналат. Бирок Европа менен Америка радионун ойлоп табуучусу деп Гульермо Марконинин эсептейт.

Өз ысымын биринчи ойлоп табуучу катары тарыхка жазуу мүмкүнчүлүгүнөн кол жуугандардын бир нече мисалын гана келтирдик. Эгерде бул мисалдарда орус ойлоп табуучуларына шарттар, доордун өзгөчөлүктөрү тоскоол болгон болсо, азыркы заманбап ойлоп табуучу ойлоп табуу – бул бир гана чыгармачылык, билип-таануу, күч-аракет, тобокелдик, баш-оту менен киришүү эле эмес, мелдеш түрүндө экендигин дагы эстен чыгарбашы керек, анткени бул мелдеште жеңүүчү болуп, өзүнүн интеллектуалдык менчигин өз убагында коргой алган киши саналат.

*Ойлоп табуучу – дүйнөнү сактап калууну жана аны жакшыртууну каалаган гуманист!*


Л. Пастер менен В. Хавкиндин мисалдары көрсөтүп тургандай, ойлоп табуучулуктун негизги максаты – адамзатка пайда алып келүү. Ойлоп табуучу өз ишмердүүлүгүндө гумандуу түшүнүктөрдөн башат алышы керек. Врачтардын “зыян келтирбе” деген осуяттарынын бири өңдүү, ойлоп табуулар эч убакта зыян келтирүү үчүн жасалбашы керек.

Ойлоп табуучулардын баардыгы эле өз ойлоп табуусунун келечегин көрө билбейт. Ошондуктан аларды пайдалангандардын өзүнө – адамзаттын өзүнө чоң жоопкерчилик жүктөлөт.



*22-сүрөт. Хиросиманы өзөктүк (ядролук) бомбалоо*

Алсак, башында атом энергиясы – бул айрыкча бакубаттуулук деп эсептелген. Бирок атом бомбасын жасоо жана аны пайдалануу көрсөткөндөй, мурдагы “тынчтык атомунун” аркы бети кандай кыйроого алып келерин көрсөттү.



*23-сүрөт. Альберт Эйнштейн*

XX кылымдын залкар окумуштуусу Альберт Эйнштейн 1939-жылы башка окумуштуулар менен биригип, АКШнын отуз экинчи президенти Франклин Рузвельтке жөнөткөн, нацисттик Германия атомдук бомба жасагандыгы мүмкүн экендигин эскерткен катка кол койгондугуна капыстан эле өкүнүп калган эмес. Бул кат АКШнын ядролук курал жаратуусуна түрткү берген, акырында бул Хиросима менен Нагасакини бомбалоого алып келген.

Салыштырмалуулуктун атайын жана жалпы теориясынын автору андан кийинки өмүрүн массалык талкалоо куралын жасоого жана колдонууга, жарышып куралданууга каршы жигердүү күрөшкө арнаган. “Эгер үчүнчү дүйнөлүк согуш атомдук бомбалар менен жүргүзүлсө, төртүнчүсү – таштар жана таяктар менен болот”, - деген Эйнштейн, муну менен ал адамзат алгачкы адамдардын абалына чейин артка кетүү же толугу менен жок болуп кетүү коркунучу бар экендигин эскерткен.



*24-сүрөт. Копенгагендеги таштандыны кайра иштетүү боюнча Amager инновациялык заводу*

Бүгүнкү күнү дагы, Хиросима менен Нагасакидеги трагедиялардан кийин, Чернобылдагы жана Фукусимадагы авариялардан кийин ой жүгүрткөн адамзаттын алдында турган эң маанилүү милдеттердин бири – ядролук трагедиялардын кайталанышына жол бербөө жана анын алдын алуу.

Ядролук коркунучтан тышкары, адамзат бүгүн биринчи кезекте экологияга байланышкан башка көптөгөн көйгөйлөрдү чече албай келет.

Азыркы экологиялык көйгөйлөр көптөгөн ойлоп табуулардын аркасында келип чыккандыгы да парадокс: мунайзаттан отундун түрлөрүн жасоо, ичтен күйүүчү кыймылдаткыч, заводдор жана фабрикалар, конвеердин иштеши, массалык автомобиль жана самолетторду чыгаруу, пластикти ойлоп табуу жана ар тараптуу колдонуу, токойлорду целлюлоза-кагаз өнөр жайы үчүн кыюу – мунун бардыгы бир кезде геометриялык прогрессияда өсүп жаткан адамзаттын жашоосун маанилүү өзгөрткөн жагымдуу шарттар өндөнгөн.



*25-сүрөт. Швецияда таштанды жыйноо жана дүйнө жүзүндөгү эң ири таштанды өрттөөчү завод*

Бирок бүгүн биз анын кесепеттерин көрүп жатабыз: өтө катуу космос нурлануусунан жерди коргогон озон катмарынын ичкериши, мөңгүлөрдүн өтө тез эриши, планетадагы температуралык аномалияларга жана жаныбарлардын массалык кырылуусуна алып келүүдө, таштанды чогултулган жерлер, суунун жана абанын булганышы, суу жакын арада планетадагы эң кымбат ресурс болуп калат.

Ошондуктан заманбап ойлоп табуучулардын эң негизги милдеттеринин бири – энергия сактоочу технологияларды жаратуу.

Ошентип, таштандынын кайра иштетүү технологиясынын өнүгүшү бүткүл дүйнөлүк тенденция болуп калды. Бул жаатагы эң алдыңкы өлкөлөрдүн бири – Дания. Азыр Даниянын аймагында отуздан ашуун таштанды өрттөөчү заводдор иштейт, алар таштандыны кайра иштетип, энергия алышат. 2017-жылы ачылган бир гана Amager Bakke заводу жылына 400 000 калдыкты кайра иштетип, 60 МВт энергия өндүрөт, ал 600 000 жашоочуга, 46 компанияга жана 120 000 үйдү жылуулук менен камсыздоого жетет. Заводдун өзүнүн конструкциясы дагы инновациялык болуп саналат: Бьярке Ингельстин архитектуралык бюросу заводдун чатыры жайкысын гүлдөгөн бак, кышкысын – тоо лыжасын тепкенге жантайма боло турган кылып ойлонуштурган.



*26-сүрөт. Ойлоп табуучулуктун негизги милдети –*
*Жердин экологиясын сактоо!*

2050-жылга карата Дания толугу менен энергиянын жаңыланма булактарына өтүп, күйүүчү кендерден баш тартууну пландаштырууда. Скандинавиянын башка өлкөсү – Швеция азыр эле тиричилик калдыктарынын 99%ын керекке жаратат, керек болсо таштандыны башка өлкөлөрдөн алып келип, аны кайра иштетүүдөн акча табат. Бул уникалдуу процесске бардыгы: таштандыны сорттогон жөнөкөй жашоочулардан баштап, бардык таштандыларды чогултууга жооптуу муниципалитеттер, таштандыны кайра иштетүү технологиясын ойлоп таап, аны жакшырткан окумуштуулар менен ойлоп табуучуларга, таштандыны кайра иштетүү менен алектенген ишканаларга чейин катышат.

Эгер өлкөлөрдүн көпчүлүгү Скандинавия өлкөлөрүнөн үлгү алса, адамзат акыры курчап турган чөйрөнү колдонуу эле эмес, аны сактоо керектиги жөнүндө ойлонуп баштагандыгы жөнүндө ишенимдүү айтса болот, анткени планетанын экологиялык келечеги – бул адамзаттын өзүнүн дагы келечеги.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1) Ойлоп табуучулар менен байыркы грек титандарынын кандай окшоштугу бар?

2) Ойлоп табуулар адамзаттын жашап кетишине кандай жардам берди?

3) Эмне үчүн ойлоп табуучу курчап турган дүйнөгө байкоо жүргүзүшү керек?

4) Эмне үчүн окумуштуу, ойлоп табуучу тынымсыз таанып-билүү процессинде болушу жана өзүнө ишениши керек?

5) Ойлоп табуучулук – бул өз жанын аябоочулук жана тобокелдик, Сиз буга макулсузбу? Мисалдарды келтириңиз.

6) Ойлоп табуучулук интеллектуалдык менчиктин укуктук негиздерин билүү керектиги менен кандай байланышта?

7) Башынан жакшы ниет менен жасалган ойлоп табуулар адамзаттын жашоосуна чоң коркунуч алып келиши мүмкүнбү? Аны болтурбоо үчүн эмне кылуу керек?

8) Заманбап илим менен ойлоп табуучулуктун экологиялык көйгөйлөргө байланышкан негизги милдетин атагыла. Мисалдарды келтиргиле.

9) “Таштанды” маселесин чечүүдөгү Скандинавия өлкөлөрүнүн уникалдуу мисалы эмнеден турат? Кыргыз Республикасында бул көйгөйдү чечүүнүн жолдорун сунуштагыла жана мисалдарын келтиргиле.

10) “Ойлоп табуучу деген ким?” деген темада дилбаян жазгыла жана улуу ойлоп табуучулар жөнүндө өзүңөрдүн мисалдарды келтиргиле.

# 2. АДАМЗАТТЫН ЗОР ОЙЛОП ТАБУУЛАРЫ

Адамзаттын тарыхында азыркы жашоо-турмушту аларсыз элестетүү мүмкүн болбогон эбегейсиз сандагы ойлоп табуулар бар. Байыркы ойлоп табуулар бизди азыркы жашоого алып келген ойлоп табуулардын тизмегинин башталышы болгону кызык.

## *Оттон кыймылдаткычка чейин*

Кудайлардын тыюусуна карабастан, алардын айрыкча укугуна кирген отту адамдарга уурдап келип берип, адамдарды жаныбарлардын абалынан чыгарган Прометей жөнүндө уламыш бекер жерден эң популярдуу уламыштардын бири эмес: отту табуу адамзаттын социалдык эволюциясынын эң урунттуу учуру болгон.

Отту баш ийдирүү адамдарга укмуш артыкчылыктарды берген: жапайы жаныбалардан коргоо, жылуулук, караңгы маалда да иш кылууга мүмкүнчүлүк, белок жана көмүрсуулуу тамак-аш жасоо, турмуш-тиричилигине жана аңчылыкка керектүү курал-жарактарды жасоо, дегеле мурда мүмкүн болбогон көп нерселер.




*1-сүрөт. Прометей адамдарга отту тартуулоодо*




*2-сүрөт. Азыркы австралиялык аборигендердин от алуусу*

Отту алуу 1,4 млн. – 780 миң жыл мурда байыркы адамдар таштарды иштетүүнүн аркасында келип чыккан деп эсептелет. Бирок отту таштан учкун чагып чыгаруу өтө көп эмгекти талап кылган, нымдуу жерлерде дээрлик мүмкүн эмес болгон. Ошондуктан бири-бирине сүрүштүрүү технологиясы келип чыккан, андан кийин тешүү технологиясы пайда болгон: адам таякты кургап калган бакка таяп, алаканынын ортосуна салып, жип эшкендей кыймылдарды жасаган, натыйжада жыгач күкүм пайда болуп, бир маалда андан от жанып кеткен.



*3-сүрөт. Жан Шансель – химиялык ширеңкени ойлоп тапкан адам*

Заманбап ширеңкенин бир түрү байыркы Кытайда пайда болгон, ал эми Европада алгачкы ширеңкени француз химиги Жан Шансель XIX кылымда жасаган. Материалдардын күйүүчү касиеттерин изилдөө отундун ар кандай түрлөрүнүн пайда болушуна алып келген. Алсак, в 1799-жылы француз инженери Филипп Лебон кургак жыгач менен көмүрдү кызытуу жолу менен жарык берүүчү газды ачып, ага патент алган. 1825-жылы англис физиги, сыноочу Майкл Фарадей расмий түрдө алгачкы болуп бензинди тапкан, ал эми немец инженери Рудольф Дизель анын наамы менен аталган күйүүчү майдын түрүн колдонгон.




*4-сүрөт. Солдон оңго: Филипп Лебон – газ менен жарыктандырууну ойлоп тапкан адам*



*5-сүрөт. Филипп Лебондун газ менен иштеген кыймылдаткычы*


Отундун алынган түрлөрү кыймылдаткычтарда пайдаланыла баштаган. Алгачкы кыймылдаткычтар Филипп Лебондун жана Жан Ленуардын газ менен иштеген кыймылдаткычтары болгон.



*6-сүрөт. Николаус Оттонун ичтен күйүүчү кыймылдаткычы*

Ичтен күйүүчү кыймылдаткычтын ойлоп табуучуларынын бири болуп Николаус Отто саналат, ал эми бензин менен жүргөн алгачкы кыймылдаткычты ойлоп табууга немец инженери Готлиб Даймлер эң чоң салым кошкон.

Ал эми 1889-жылы Санкт-Петербург шаарындагы “Людвиг Нобель” заводунда Густав Васильевич Тринклер катуу кысуудан өзү тутанган, ичтен күйүүчү алгачкы дизель кыймылдаткычты ойлоп тапкан, ушундан баштап ал массалык түрдө тарай баштаган.



*7-сүрөт. Г.В. Тринклердин «орус дизели»*

## *Дөңгөлөктөн дөңгөлөк алкакка чейин*

Дөңгөлөк мындан 3000 жыл мурда болжол менен шумер цивилизациясында пайда болгон. Дөңгөлөктүн алгачкы үлгүсү болуп, чоң таш кесектерди ордунан жылдырыш үчүн астына коюлган устундар саналган. Бара-бара ал устундар сүрүлүп отуруп, ортосу жукарып, бир калыпта жакшы жылганы байкала баштаган, акырында ал устундарды атайын ортосунан күйгүзүп, ичкертип жасай баштакан. Акырында устундардын ортосун өзүнчө даярдап, эки четине чоңураак көлөмдөгү устундун бөлүктөрүн коюп, огунан бириктирип баштакан. Мезгилдин өтүшү менен бул алгачкы унаа каражаттарынын пайда болушуна алып келип, унаа каражаттары жүргөн жолдордун пайда болушуна түрткү берген.



*8-сүрөт. Байыркы дөңгөлөк жана араба*

Буу энергиясы менен иштеген алгачкы автоунаа болуп, буу арабасы саналат, ал 1869-жылы француз Николя Куньо тарабынан курулган.




*9-сүрөт. Николя Куньонун буу арабасы*

Автоунааларды ойлоп табуучулардын расмий даңкы немец инженерлери Карл Бенц менен Готлиб Даймлерге таандык, алардын атаандаштыгы жыйынтыгында «Daimler- Benz» автоунаа концернинин пайда болушуна алып келген.



*11-сүрөт. Карл Бенц автоунаанын жакшыртылган моделдеринин биринде*



*10-сүрөт. “Чагылган” автоунаасы дүйнөгө чечилме Michelin дөңгөлөк алкактарын көрсөтүүдө*

Пневматикалык шиналардын пайда болушу автомобиль куруунун өнүгүшүн кыйла тездеткен. 1891-жылы резина буюмдарын чыгарган заводдун ээси Эдуард Мишлен велосипед үчүн чечилме пневматикалык шиналарды ойлоп тапкан. Ал эми 1895-жылдан баштап бир тууган ага-ини Мишлендер тарабынан автомобилдер үчүн пневматикалык шиналар чыгарыла баштаган.

## *Жазуудан интернетке чейин*

Жазуунун пайда болушу маалыматтын ири көлөмдөрүн түзүү, сактоо, аралыкка берүү менен мүнөздөлгөн заманбап маалыматтык коомго жасалган алгачкы кадам болгон,

Жазуунун алгачкы формалары өзгөчө жол менен чиймеленген белгилер түрүндө 4000 миң жылга жакын мезгил мурда пайда болгон.

Жазуунун эң байыркы түрү болуп пиктографиялык жазуулар эсептелет: бул сүрөт же сүрөттөрдүн катары түрүндөгү билдирүү берилген сүрөт жазуу.




*12-сүрөт. Шумер клинописи*

Жазуунун кеңири таралышына кагазды ойлоп табуу түрткү болгон. Аны Хань империясынын сарайында кызмат кылган кызматкер Цай Лунь ойлоп тапкан. Болжол менен 105-жылы ал төмөнкүдөй жол менен кагаз жасаган: тыт жыгачынын булаларын, жыгачтын күлүн, кендирдин буласын, чүпүрөктөрдү жанчып майдалап, атайын калыпка төгүп, кургагандан кийин таш менен тегиздеп, кагаздын бекем барактарын алган.



*13-сүрөт. Цай Лунь – кагазды ойлоп тапкан адам*

Тынымсыз кагаз жасаган машина Европада француз Луи-Николя Робер тарабынан 1799-жылы ойлоп табылган. Англис басмаканачылары бир тууган ага-ини Фурдриньелер Роберден анын патентин сатып алышкан, чиймелерин колдонуп, жакшыртуу менен 1803-жылы англис механиги Брайан Донкин алгачкы кагаз жасаган машинаны чогулткан.



*14-сүрөт. Фурдриньенин кагаз жасаган машинасы*

Маалыматтын массалык таралышы китеп басуусуз мүмкүн эмес эле. Европада типографиялык кол станок алгач Иоганн Гуттенберг тарабынан 1440-жылдардын ортосунда колдонулган.

Россияда типография Иван Федор жана Петр Мстиславец тарабынан 1553-жылы негизделген, алар 1564-жылы Москва падышалыгынын датасы бар биринчи “Апостол” китебин басып чыгарышкан. Кагазга жазылган маалыматтар адамзаттын тарыхында дайыма чоң роль ойнойт.



*15-сүрөт. Москва падышалыгынын датасы бар биринчи “Апостол” китеби*

Бирок XX жана өзгөчө XXI кылымдар көрсөткөндөй, кагаз улам өсүп жаткан маалыматтын көлөмүн батыра албайт, ал эми адам интеллекти аны тез кайра иштетүү жана сактоо жагынан алганда чектелген. Ошондуктан бүгүн биз компьютердин пайда болушуна түздөн-түз байланышкан маалыматтык технологиялардын эбегейсиз тез өсүп жатканын көрүп жатабыз.




*16-сүрөт. Герман Холлериттин алгачкы электрдик эсептөөчү машинасы, б.а. "комьютерлердин чоң атасы"*

Электрондук-эсептөө машиналарынын (ЭЭМ) тарыхы көптөгөн этаптарды жана ойлоп табуучуларды камтыйт: XIX кылымдагы Герман Холлериттин алгачкы эсептөөчү машинасынан жана АКШда конструкторлор Д. Моучли менен Дж. Эккерт тарабынан курулуп, 1946-жылдын 14-февралында көрсөтүлгөн ENIAC алгачкы ЭЭМинен тартып, бүгүнкү күндөгү кытай суперкомпьютери Sunway TaihuLightка чейин.

XX кылымдын 1970-жылдары накта компьютердик жандануу башталган. Алгачкы массалык жеке компьютерлер 1977-жылы пайда болгон. Алардын бири Apple 2 болгон.

"Компьютер" түшүнүгү бүгүнкү күндө "интернет" түшүнүгү менен түздөн-түз байланышта: интернеттин пайда болушу заманбап маалыматтык коомдун өнүгүшүндөгү маанилүү кадамы болгон.



*17-сүрөт. ENIAC алгачкы электрондук компьютери*



*18-сүрөт.1977-жылдагы Apple 2 жеке компьютери*

Интернеттин туулган күнү болуп 1969-жылдын 29-октябры саналат, бул күнү ARPANET серверинин жардамы менен аралыгы 640 кмди түзгөн Стэнфорд жана Калифорния университеттериндеги тарамдык түйүндөрдүн ортосунда байланыш сеансы жүргүзүлгөн.

Бирок дүйнөлүк желе катары интернеттин идеясы британ окумуштуусу Тим Бернерс-Лиге таандык. 1989-жылы ал World Wide Web (WWW) аталышындагы долбоорду сунуштаган, ал эми 1991-жылдын 6-августунда дүйнөдөгү биринчи веб-сайтты түзгөн.

## *Медициналык зор ачылыштар: вакцинация, анестезиядан 3D-көкүрөк клеткасына чейин*

Адамзат **эмдөө** өңдүү медицина тарыхындагы улуу ачылышы үчүн англис врачы Эдвард Дженнерге милдеткер. 1796-жылы чечек эпидемиясынын маалында дүйнө жүзүндө 40 миллионго жакын адам каза тапкан, ошол жылы 14-майда Эдвард Дженнер сегиз жашар дени сак балага уй чечегинин вирусун сайган, натыйжада бул баланын ооруга сезгичтиги жоголуп, ага оору жуккан эмес.

**Анестезия** ачылганга чейин дарылоо процесси, озгөчө операциялар ооруга чыдоо керектиги менен байланышкан, албетте мындайда ооруганына чыдабай далайлары мерт кеткен. **Анестезиянын ачылышы адамдын медицинага болгон көз карашын өзгөртүүгө мүмкүндүк берген**, анткени дарылоо көп учурларда кыйноо болбой калган, ал эми врачтар оорулуунун өмүрүнө анча кабатырланбай, узак мөөнөттүү татаал операцияларды жасай башташкан.



*23-сүрөт. Уильям Мортон анестезиянын таасирин алгачкы жолу көрсөтүүдө*

Эфирдин жардамы менен анестезиялоонун таасирин алгачкылардын бири

болуп бостондук тиш дарыгер Уильям Мортон 1846-жылдын 16-октябрында эл алдында көрсөтүп берген. Моюнундагы шишикти алып салуу үчүн оорулууга эфир беришкен, операциядан кийин ал эч нерсе сезбегендигин моюнуна алган. Ошол эксперимент анестезияны массалык колдонуунун башталышы болуп калган.



*24-сүрөт. Рентгендин аялынын колун тарткан алгачкы сүрөтү*

1895-жылы Вильгельм Рентген электрондук-нурлануу түтүгүнүн жардамы менен жүргүзгөн эксперименттин жыйынтыгында капыстан ачылыш жасаган, ал дартты медициналык так аныктоонун - **рентген нурлануусунун** негизин түзгөн. Бул ачылыштын аркасында бүгүн компьютердик томография, рентген телескопу ж.б. ушул өңдүү технологияларды колдоно алабыз.





*25-сүрөт. Пенициллин – адамзаттын бүтүндөй тарыхындагы медицинанын эң зор ойлоп табуусу*

XX кылымдын зор медициналык ачылыштарынын катарына **пенициллин** кирет. Биринчи Дүйнөлүк согуштун учурунда инфекция кирген жаракаттардан массалык өлүмдөр катталган, ошондо окумуштуулар бактериялардын кол салышынан сактанууга жол берген каражатты активдүү издеп башташкан. 1940-жылы Оксфорд университетинин кызматкерлери Хоуард Флори менен Эрнст Чейн Александр Флеммингдин иштелмелеринин негизинде таза пенициллинди бөлүп алышып, сыноодон ийгиликтүү өткөрүшкөн. Бул дары алгачкы жолу Экинчи Дүйнөлүк согуштун маалында массалык түрдө колдонулуп, миллиондогон адамдардын жанын сактап калган.

**Жасалма органдарды жана дененин бөлүктөрүн жасоону** азыркы мезгилде медицинанын зор ачылышы деп эсептесек болот. 2001-жылы Кентуккиде хирургдардын тобу оорулууга AbioCor аттуу жаны муундагы

жасалма жүрөктү имплантациялаган, ал жүрөк адамдын денесинин ичинде автономдуу жашай бере алат. Ошол эле жылы доктор Кеннет Матсмуре жаныбарлардын чогултулган боордун клеткаларын пайдаланып, биожасалма боорду жасаган.



*26-сүрөт. Солдон оңго: AbioCor жасалма жүрөгү, 3D-көкүрөк клеткасы, экзоскелет*

Медицинада 3D-технологияларды пайдалануу 2015-жылы испан врачтарына талкаланган көкүрөк клетканы 3D-басылып чыгарылган протез менен алмаштыруу боюнча алгачкы операцияны жасоого мүмкүнчүлүк берген.

2019-жылы Францияда экзоскелет жасалган, ал оорулуунун мээсине туташтырылып, кыймыл ишараттарын берип турган жана анын жардамы менен толук шал киши басууну үйрөнгөн.

## *Балдардын зор ачылыштары*

Улуу ачылыштар чоң адамдарга гана тиешелүү эмес. Балдардын ачылыштарынын жана ойлоп табууларынын мисалдарын келтире кетели, булар аларга дүйнөлүк даңк алып келген.

Атактуу француз математиги Блез Паскаль жаштайынан илим, ойлоп табуу менен алектенген. 19 жашында “суммалоочу машинаны” жасай баштаган, бул машина азыркы калькулятордун алгачкы үлгүсү болгон.



*27-сүрөт. Б. Паскалдын арифмометри («паскалина»)*

1649-жылы Паскаль өзүнүн эсеп машинасына автордун макулдугусуз машинаны көчүрмөлөөгө жана ойлоп табууга тыюу салган королдун артыкчылыгын алган.

Луи Брайль үч жашар курагында көзү көрбөй калган жана 15 жашка келгенде, т.а.1824-жылы, **көзү азиз жана көрүүсү начар адамдар үчүн рельефтик-чекиттик шрифт**ти иштеп чыга алган, кийинчерээк бул жалпыга белгилүү “Брайль шрифти” деп аталып калган.




*28-сүрөт. Брайль шрифти*



*29-сүрөт. Роберт Патч – жүк ташуучу машина -трансформердин ойлоп табуучусу*

1963-жылы алты жашар Роберт Патч өтүк салган кутуну, бөтөлкөнүн капкагын, мыктарды колдонуп, **жүк ташуучу машина – трансформердин** алгачкы үлгүсүн жасаган. Патенттик ишенимдүү өкүл болуп иштеген атасынын жардамы менен Роберт өзүнүн ойлоп табуусуна - оңой чачыратып, башка түрдөгү жүк ташуучу машиналарды жасоого мүмкүн болгон оюнчукка патент алган.

Ал эми Фило Франсуорт **телевидениенин** өнүгүшүнө чоң салымын кошкон. Ал 15 жашында мугалимине электрондук телевизиондук системанын толук схемасын көрсөткөн, андан 5 жылдан кийин, 1927-жылы, диссекторго – тышкы фототаасирдин негизиндеги электрондук-нур аспабына патент алган.



*30-сүрөт. Фило Фарнсуорт – электрондук телевидениенин негиздөөчүсү*

Норвегиялык 15 жашар үйрөнчүк-механик Жозеф Бомбардье 1922-жылы сынып калган Форддон алгачкы **карда жүргүч машина** жасаган.Кийинчерээк ал дүйнө жүзүнө белгилүү Bombardier Recreational Products компаниясын негиздеген. Американын жаш ойлоп табуучуларынын улуттук галереясы алты жашар Спенсер Уэйлди 1998-жылы ойлоп тапкан KidCare бейтапканалар үчүн оюнчук машиналары үчүн эң жаш катышуучусу катары кабыл алган, бул машиналарда балдар тамчылатма дары куйгучтар менен болсо да жүрө алышкан.



*31-сүрөт. Бомбардье жасаган карда жүргүчтүн бир түрү*




*32-сүрөт. Спенсер Уэйлдин бейтапканадагы балдар үчүн оюнчук машинасы*

Балдардын ушул жана башка көптөгөн ойлоп табуулары көрсөтүп тургандай, ойлоп табуу үчүн жаш-курак тоскоолдук кылбайт. Бала болсо да өз атын тарыхта калтыра алат. Бул үчүн илимге, техникага өз салымын кошуп, керектүү колдоо тапса жетиштүү.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1) Отту ойлоп табуу технологиясы менен заманбап кыймылдаткычтардын кандай байланышы бар?
2) Адамзатка дөңгөлөктү ойлоп таап, ага дөңгөлөк алкак кийгизүү үчүн болжол менен канча убакыт керектелген?
3) Эмне үчүн байыркы жазуулар менен интернет өз ара байланышта?
4) Медицинадагы кайсы ачылыштарды Сиз эң зор ачылыштар деп эсептейсиз?
5) Балдар чоңдордон кем калышпаган ойлоп тапкычтар экендигин далилдегиле.
6) Байыркы мезгилден баштап азыркы мезгилге чейинки ойлоп табуулардын өзүңүз түзгөн чынжырчаларынын мисалдарын келтириңиз (мисалы, байыркы коомдогу ишараттардан айфондогу билдирүүлөргө чейин).
7) Сиз балдардын дагы кандай ойлоп табууларын билесиз? Бул темага баяндама-бетачар даярдаңыз.

# 3. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА АЛ МЫЙЗАМ МЕНЕН КАНТИП КОРГОЛОТ

### *Интеллектуалдык менчик түшүнүгү*

Терминологиядан баштайлы. “Интеллект” сөзү энциклопедиялык сөздүктө берилген аныктама боюнча “таанып билүү”, “түшүнүү”, “акыл-эс”, ой жүгүртүү жөндөмү”, “акыл” дегенди билдирет.

Интеллект – бул адамдын акылы, ой жүгүртүү жөндөмү, анын акыл башаты.

Эгер акылдуу адам болсо, ал жөнүндө интеллекти жогору же интеллекти чоң, интеллектуалдуу, интеллектуалдык жөндөмү бар деп айтышат.

Адамдын чыгармачыл эмгегинин натыйжасы катары “интеллектуалдык менчик” түшүнүгүнүн биринчи мазмуну адам өзүнүн интеллекти – акылы менен бир нерсени жасаганында турат, ошондо акыл-эс эмгегинин натыйжасында бир продукт келип чыгат. Бул продукт анын интеллектуалдык менчиги (адамдын акылы менен жаралган менчиги) болуп саналат.

“Интеллектуалдык менчик” түшүнүгүнүн экинчи мазмуну – бул юридикалык, укуктук түшүнүк.

Интеллектуалдык менчик өз алдынча укуктук шарттам болуп саналат.

### *Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзамдык актылары*

Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзамдар базасына 14 мыйзам кирет, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин II бөлүгүнүн «Интеллектуалдык менчик» аталышындагы V бөлүмү, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин тиешелүү ченемдери кирет. Кабыл алынган мыйзамдарга ылайык, 56 мыйзам алдындагы актылар жана интеллектуалдык менчиктин айрым объектилери боюнча мамилелерди айкындаган ар түрдүү жоболор, эрежелер түрүндөгү 60тан ашуун ведомстволук актылар иштелип чыгып, ишке киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин II бөлүгүнүн «Интеллектуалдык менчик» аталышындагы V бөлүмүнүн 53-бабынын 1037-статьясында укуктук коргоо берилген интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжалары жана жекелештирүү каражаттары саналган (1-сүрөт).

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси, II бөлүк

---

**1037-статья. Интеллектуалдык менчиктин объектилери**

Интеллектуалдык менчиктин объектилерине төмөндөгүлөр кирет:

1) интеллектуалдык иштин натыйжалары:

илимдин, адабияттын жана искусствонун чыгармалары;

аткаруулар, фонограммалар жана уктуруу уюмунун берүүлөрү;

электрондук эсептөө машиналары үчүн программалар жана маалыматтар базасы;

интегралдык микросхемалардын топологиялары;

ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жайлык үлгүлөр;

селекциялык жетишкендиктер;

ачыла элек маалыматтар (коммерциялык жашыруун сыр), анын ичинде өндүрүштүк сырлар (ноу-хау);

2) граждандык карым-катнашка катышуучулардын товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жекече түргө өткөрүү каражаттары;

фирмалык аталыштар;

товардык белгилер (тейлөө белгилери);

товарлардын чыккан жеринин аталыштары;

3) интеллектуалдык ишмердүүлүктүн башка натыйжалары жана ушул Кодексте же башка мыйзамдарда каралган учурларда граждандык карым-катнашка катышуучулардын товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жекече түргө өткөрүү каражаттары интеллектуалдык менчиктин объектилерине таандык кылынат.

*(КР 2013-жылдын 25-февралындагы №32 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*1-сүрөт. Корголуучу интеллектуалдык ишмердиктин натыйжалары жана жекелештирүү каражаттары*

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 2-бөлүгүнүн 1037-статьясынын алкагында корголгон объектилердин тизмеги толук.

Өз кезегинде Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 2-бөлүгүнүн 1037-статьясында көрсөтүлгөн интеллектуалдык менчик объектилери төмөнкүлөрдүн объектилери болуп бөлүнөт:

- патенттик укуктун (ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү);
- автордук укуктун (илим, адабият жана искусство чыгармалары, электрондук-эсептөөчү машиналар үчүн программалар, маалымат базалары) жана чектеш укуктардын (аткаруулар, фонограммалар, эфирге берүү уюмдарынын берүүлөрү);
- жарандык жүгүртүүгө катышуучулардын жекелештирүү каражаттары, товарлар, иштер жана тейлөө кызматтары (фирмалык аталыштар, товардык белгилер (тейлөө белгилери), товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары;

- интеллектуалдык менчиктин салттуу эмес объектилери (интегралдык микросхемалардын топологиялары), селекциялык жетишкендиктер, ачыкталбаган маалымат (коммерциялык сыр), анын ичинде өндүрүш сырлары (ноу-хау).


## *Интеллектуалдык менчикти укуктук коргоонун түрлөрү*

Интеллектуалдык менчик объектилерин укуктук коргоо төмөнкү учурларда келип чыгат:

- аларды жаратуу фактысынан (каттоо талап кылынбайт);
- интеллектуалдык менчик жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан каттоого алынып, коргоо документин берүү жолу менен укуктук коргоо бергенден кийин.

## *Автордук укукту коргоо*

Арналышына жана наркына карабастан, ошондой эле алардын туюнтулган ыкмасына карабастан, чыгармачылык ишмердүүлүктүн натыйжасы болгон илим, адабият жана искусство чыгармаларын жаратуу фактысынан автордук укук келип чыгат.


Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси, II бөлүк

**1048-статья. Автордук укуктун объектилеринин түрлөрү**

Төмөндөгүлөр:

- адабий чыгармалар (адабий-көркөм, илимий, окуу, публицистикалык жана башка ушул сыяктуу);
- драмалык жана сценалык чыгармалар;
- тексти бар жана тексти жок музыкалык чыгармалар;
- музыкалык-драмалык чыгармалар;
- хореографиялык чыгармалар жана пантомималар;
- үнвизуалдык чыгармалар (кино, теле, жана көргөзмө фильмдер, слайд-фильмдери жана башка кино, теле жана көргөзмө чыгармалар);
- живопись, скульптура, графика, дизайн чыгармалары жана көрсөтмөлүү искусствонун башка чыгармалары;
- декоративдик-прикладдык сценалык искусствонун чыгармалары;
- архитектура, шаар куруу жана багбанчылык-сейил бак искусствосунун чыгармалары;
- фото чыгармалар жана фото сүрөткө окшош ыкмалар менен алынган чыгармалар;
- географиялык, геологиялык жана башка карталар, географияга, топографияга жана башка илимдерге таандык кылынган пландар, эскиздер жана чыгармалар;
- ар кандай түрдөгү электрондук-эсептөө машиналары (ЭЭМ), анын ичинде прикладдык программалар жана операциялык системалар;
- ушул Кодекстин 1047-статьясында белгиленген талаптарга жооп берген башка чыгармалар автордук укуктун объектилерине таандык кылынат.

*(КР 2003-жылдын 17-февралындагы № 39 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*2-сүрөт. Автордук укуктун Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1048-статьясына ылайык корголуучу объектилери*

Автордук укук элге белгилүү болгон, ошондой эле элге белгилүү болбогон чыгармаларга да жайылтылат. Ошол эле учурда автордук укук идеяларга, жол-жоболорго, ыкмаларга, концепцияларга, принциптерге, чечимдерди сунуштаган системаларга, объективдүү бар болгон көрүнүштөрдү ачууга жайылтылбайт.

*Патенттик укук объектилерин коргоо*

| **Ойлоп табууну, пайдалуу моделди, өнөр жай үлгүсүн пайдалануу укугу** | **Мыйзамга шилтеме** |
|---|---|
| Патент ээсине патент аркылуу корголгон ойлоп табууну, пайдалуу моделди, өнөр жай үлгүсүн өзүнүн кароосу боюнча пайдалануунун өзгөчө укугу, анын ичинде корголгон чечимдерди колдонуу менен продукция чыгаруу укугу, патент менен корголгон технологиялык процесстерди өз өндүрүшүндө колдонуу, корголгон чечимдерди камтыган продуктуларды сатуу же сатууга сунуш кылуу, тиешелүү продуктуларды импорттоо укугу таандык болот. | Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1089-статьясы |

*3-сүрөт. Патенттик укуктун объектилери*

Ойоп табуунун, пайдалуу моделдин же өнөр жай үлгүсүнүн автору деп аны чыгармачыл эмгеги менен жараткан адам таанылат.

Ойлоп табуунун, пайдалуу моделдин, өнөр жай үлгүсүнүн авторуна төмөнкүлөр таандык:

- автордук укугу;

- ойлоп табуусуна, пайдалуу моделине, өнөр жай үлгүсүнө атайын аталыш берүү укугу;

- патент алуу укугу;

- кызматтык ойлоп табууга, пайдалуу моделге же өнөр жай үлгүсүнө сыйакы алууга.

Ойлоп табууга, пайдалуу моделге жана өнөр жай үлгүсүнө укук патент менен тастыкталат.

Ойлоп табууга, пайдалуу моделге же өнөр жай үлгүсүнө патенттин ээсинин артыкчылыгын, авторлугун жана өзгөчө укугун тастыктайт.

Патент алуу укугу төмөнкүлөргө таандык:

1) ойлоп табуунун, пайдалуу моделдин, өнөр жай үлгүсүнүн авторуна (авторлоруна);

2) жумуш берүүчүгө, эгер ойлоп табуу, пайдалуу модель, өнөр жай үлгүсү жумушчу өз кызматтык милдеттерин аткарып жатканда же жетекчинин

так тапшырмасынын натыйжасында жаралса;

3) алардын укук мураскерине, анын ичинде өткөрүп берүү тартибинде тиешелүү укук алган жакка.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 58-бабы **өндүрүш сырларын (жабык маалыматтар, ноу-хау)** укуктук жөнгө салууга арналган.

Жабык маалымат (ноу-хау) англис тилинен сөзмө-сөз кторгондо “кандай экенин билем” дегенди түшүндүрөт. Бир нерсени кандай жасашты билем, бирок айтпайм. Коммерциялык сырды коргоонун бул шарттамын көп учурларда ойлоп табууларды, өзгөчө өндүрүү ыкмаларын коргоо үчүн колдонушат, аларды пайдалангандыгын контролдоо тиги же бул түзүлүштү же затты колдонгондугун контролдоого караганда татаалыраак. Өндүрүш сырларын коргоону бирөөнүн идеясын атаандаштар тартып (уурдап) албашы үчүн колдонушат.

## *Интеллектуалдык менчикти эл аралык коргоо*

Негизги бир нече эл аралык макулдашууларды атай кетели. Эл аралык макулдашууларды конвенциялар деп аташат, бул синоним сөздөр. Бирок “эл аралык конвенция” деп айтпаңыз, бул туура эмес.

<u>Өнөр жай менчигин коргоо боюнча Париж конвенциясы</u> 1883-жылы кабыл алынган. Париж конвенциясы өнөр жай менчигинин объектилерин укуктук коргоо маселелерине арналган. Өнөр жай менчигине ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер жана өнөр жай үлгүлөрү кирет. Конвенцияны кабыл алып жаткан 1883-жылы ага 11 мамлекет катышкан, азыр алардын саны 177 мамлекетти түзөт. Кыргыз Республикасы Париж конвенциясына 1994-жылы кошулган.

<u>Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо боюнча Берн конвенциясы</u> 1886-жылы кабыл алынган. Кыргыз Республикасы Берн конвенциясына 1999-жылы кошулган. Берн конвенциясы автордук укук жаатындагы эн негизги эл аралык макулдашуу болуп эсептелет. Конвенция төмөнкү принциптерге негизделет:

- улуттук шарттам принциби, бул конвенцияга катышкан кандай болбосун мамлекетте жергиликтүү эмес авторлордун чыгармаларын коргоо жергиликтүү жарандардын чыгармаларына берилген коргоого окшош;
- автоматтык коргоо принциби – коргоо кандайдыр бир формалдуулуктарды аткаруу менен шартталбашы керек.
- коргоонун коз карандысыздыгынын принциби чыгарма келип чыккан өлкөдө коргоосу бар/жоктугунан көз карандысыз дегенди билдирет.

Авторлуктун презумпциясы – эгер андай эместиги далилденбесе, автору деп ысымы же купуя ысымы (псевдоними) китептин бетинде берилген адам саналат.

Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмун (ИМБДУ) негиздеген конвенцияга 1967-жылы Стокгольмдо кол коюлган. Кыргыз

Республикасы конвенцияга 1994-жылы кошулган.

Интеллектуалдык менчикти коргоо боюнча эл аралык макулдашууларга өлкөлөрдүн көпчүлүгү кол койгон. Маалыматтык технологиялар өнүккөн, маалымат көз ирмемде тараган, ири улуттар аралык корпорациялар түзүлгөн, дүйнө жүзү боюнча соода кылган заманда интеллектуалдык менчикти коргоо боюнча конвенцияларга кол коюусуз интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын жаратуучулардын укуктарын коргоо мүмкүн эмес.

Улуттук жана эл аралык деңгээлде мыйзамдарды кабыл алуу интеллектуалдык менчикти жаратуучулар менен коомдун кызыкчылыктарынын ортосундагы тең салмактуулукту камсыздоого багытталган.

Бул тең салмактуулук бузулганда тигил же бул өлкөнүн жарандары тилекке каршы жакшы, жаңы музыка уга алышпайт, анткени автордук укукту пайдаланууга лицензиянын баасынын өтө кымбаттыгынан, радиостанциялардын аларды алып берүүгө мүмкүнчүлүгү жок болот.

Машинада радио угуп жатканда бул өзгөчө байкалат. Кээде бир жолу эле эмес, көп кайталанган ырларды угууга туура келет, анткени автор менен радиостанциянын ортосунда келишим болушу мүмкүн.

Бирок дайыма эле мындай чектөөлөр авторго пайда алып келе бербейт. Мисал келтирели. Кыргызстанга гастролдоп чет элдик аткаруучу келди дейли. Анын концерттерине көп көрүүчүлөр келчү, алар анын дээрлик бардык ырларын жатка билип, керек болсо ырчы менен кошо ырдап турушчу. Албетте, буга ырчы абдан ыраазы болчу. Гастролу өтө ийгиликтүү өтүп, чоң киреше алып келди. Мында болгону биздин өлкөдө бир кезде ошол ырчынын лицензияланбаган дисктери сатылган. Азыр муну менен катуу күрөшүп жатышат. Ырчы бул тууралуу билип калып, жини келген жок, сотко да берген жок, болгону анын дисктери мыкты жарнама болуп бергенин айтты. Жарнама бир кыйла кымбатыраак түшмөк.

Ошондой эле интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзамдар коом Кыргызпатенттин сайтында “Интеллектуалдык менчик” деген расмий бюллетенинде жарыяланып турчу, патенттелген өнөр жай менчигинин объектилери (ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү) жөнүндө маалыматты колдоно алышы үчүн кам көрөт. Маалымат техникалык жана илимий чыгармачылыкты активдештирүүгө, жаңы техникалык, дизайнерлик чечимдерди жасоого кызмат кылышы мүмкүн.

Ойлоп табууга, пайдалуу моделге, өнөр жай үлгүсүнө патенттин күчүнүн мөөнөтү өткөндөн кийин аны каалаган адам колдоно алат.

Советтер Союзу (СССР) мезгилинде патенттер чет өлкөлүк өтүнүүчү авторлорго аз гана өлчөмдө берилчү. Биздин авторлор алардын авторлук укугун тастыктаган Ойлоп табууга автордук күбөлүк алышчу. Ойлоп табууну пайдалануу укугу мамлекетке, б.а. өлкөнүн бардык жарандарына таандык болчу.

Чыгармачылык менен алектенгиле: сүрөт тарткыла, ыр, романдарды жазгыла, жомокторду ойлоп чыгаргыла, музыка жазгыла, жаңы техникалык,

көркөм-конструктордук чечимдерди сунуштагыла, сценарий жазгыла, фильм тарткыла ж.б.у.с. Сиздин интеллектуалдык менчигиңиз мыйзам менен ишенимдүү корголот.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Өнөр жай менчигин коргоо боюнча Париж конвенциясы кайсы жылы кабыл алынган?
Бир жоопту тандаңыз:
а / 1996-ж.
b / 1883-ж.
Туура жооп - b

2. Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму (ИМБДУ) кайсы жылы негизделген?
Бир жоопту тандаңыз:
а / 1967-ж.
b/ 2000-ж.
c/ 1898-ж.
Туура жооп - а

3. Кыргыз Республикасы кайсы жылы Берн конвенциясына кошулган?
Бир жоопту тандаңыз:
a/ 2008-ж.
b/ 1995-ж.
c/ 1887-ж.
Туура жооп - b

4. Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмун (ИМБДУ) уюштурган конвенцияга кайсы шаарда кол коюлган?
Бир жоопту тандаңыз:
a/ Берн
b/ Париж
c/ Стокгольм
Туура жооп – с

5. А. С. Пушкиндин алтын балык жөнүндө жомогу шарттамдын чыгармаларынын кайсы түрүнө кирет?
Бир жоопту тандаңыз:
a/ илимий чыгармаларга
b/ адабий чыгармаларга
c/ эл чыгармачылыгына
Туура жооп - b

6. Кайсы объектилер автордук укук тарабынан корголот?
Бир жоопту тандаңыз:
a/ фирмалык аталыштар, товардык белгилер
b/ ойлоп табуулар
c/ адабий. Илимий жана көркөм чыгармалар
Туура жооп - с

7. Кайсы эл аралык макулдашуулар ойлоп табууларды укуктук коргоого арналган?
Бир жоопту тандаңыз:
a/ Өнөр жай менчигин коргоо боюнча Париж конвенциясы
b/ Белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид макулдашуусу
c/ Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо боюнча Берн конвенциясы
Туура жооп - а

8. Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо боюнча Берн конвенциясы кайсы принциптерди карманат?
Бир жоопту тандаңыз:
a/ улуттук шарттам, автоматтык коргоо жана коргоонун көз карандысыздыгы принцибин
b/ улуттук шарттам, автоматтык коргоо принцибин
c/ улуттук шарттам принцибин
d/ автоматтык коргоо принциптерине
Туура жооп - а

9. ЭЭМ үчүн программалар төмөнкүлөрдүн кайсынысы катары корголот:
a/ алгоритмдик түзүмдөр
b/ адабий чыгармалар
c/ аудиовизуалдык чыгармалар
Туура жооп – b

# 2-бөлүк.
# ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИКТИН МИСАЛДАРЫ

## 4. ФИЗИКА ЖАНА ТЕХНИКАДАГЫ ОЙЛОП ТАБУУЛАР. ОЙЛОП ТАБУУЛАР, ПАЙДАЛУУ МОДЕЛДЕР, ӨНӨР ЖАЙ ҮЛГҮЛӨРҮ

Техникалык чечим ойлоп табуу, пайдалуу модель же өнөр жай үлгүсү катары патенттик укуктун объектилерине кириши үчүн жана патент алууга жөндөмдүү болушу үчүн бир катар шарттар сакталышы керек. Аларды кененирээк карайлы.

### *Патенттик укук объектилеринин коргоого жөндөмдүүлүгүнүн шарттары*

Ойлоп табуунун коргоого жөндөмдүүлүгүнүн шарттары (Кыргыз Республикасынын "Патент мыйзамы" Мыйзамынын 5-беренеси). Ойлоп табуу катары кайсы жааттагы болбосун, продуктка же ыкмага, а.и. **продуктту** же **ыкманы** белгилүү багыт боюнча **колдонууга** тиешелүү техникалык чечим корголот. Бул терминдердин маанисин түшүндүрө кетели.

**Продукт —** түзүлүш, зат, микроорганизмдин штаммы жана өсүмдүктөр менен жаныбарлардын клеткаларынын культуралары.

**Ыкма —** материалдык каражаттардын жардамы менен материалдык объектке иш-аракеттерди жүргүзүүнүн ырааттуу процесси.

**Колдонуу** — белгилүү продуктту же ыкманы жаңы багыт боюнча, б.а. мурда колдонулбаган жаатта колдонуу.

**Төмөнкүлөр ойлоп табуу деп эсептелбейт** (Кыргыз Республикасынын "Патент мыйзамы" Мыйзамынын 5-беренесинин 9-бөлүгү):

1) ачылыштар;
2) илимий теориялар жана математикалык ыкмалар;
3) чарбаны уюштуруу жана башкаруу ыкмалары;
4) шарттуу белгилер, жүгүртмөлөр, эрежелер;
5) акыл-эс операцияларын аткаруунун, оюн өткөрүүнүн эрежелери жана ыкмалары;
6) алгоритмдер жана эсептөө машиналары үчүн программалардын бардыгы;
7) маалымат берүүгө гана арналган чечимдер;
8) курулмаларды, имараттарды, аймактарды пландаштыруунун долбоорлору жана схемалары;
9) эстетикалык керектөөлөрдү канааттандырууга багытталган буюмдардын тышкы көрүнүшүнө гана тиешелүү чечимдер;
10) интегралдык микросхемалардын топологиялары;

11) өсүмдүктөрдүн сорттору жана жаныбарлардын тукумдары;

12) коомдук кызыкчылыктарга, гумандуулукка жана адеп-ахлакка карама-каршы келген, курчап турган чөйрөгө зыян келтирген чечимдер.

Мыйзам математикалык ыкмаларды, оюндардын эрежелерин жана ЭЭМ үчүн программаларды патенттик укуктар объектилерине киргизбегендигин өзгөчө белгилей кетүү керек. Бул, бөлүп караганда, Мыйзам чыгаруучулардын түшүнүгүндө ыкма деп материалдык объектилер менен, электрондук, виртуалдык жана математикалык эмес, операциялар гана түшүндүрүлгөндүгүнө байланыштуу.

Пайдалуу моделдин коргоого жөндөмдүүлүгүнүн шарттары (Кыргыз Республикасынын "Патент мыйзамы" Мыйзамынын 6-беренеси). Пайдалуу модель катары түзүлүшкө тиешелүү техникалык чечим корголот. Ойлоп табуу менен пайдалуу моделдин коргоого жөндөмдүүлүгүнүн негизги айырмачылыгы – ойлоп табуу продуктка (а.и. түзүлүшкө), ыкмага жана аны колдонууга тиешелүү, ал эми пайдалуу модель бир гана түзүлүшкө тиешелүү болушу мүмкүн.

Өнөр жай үлгүсүнүн коргоого жөндөмдүүлүгүнүн шарттары (Кыргыз Республикасынын "Патент мыйзамы" Мыйзамынын 7-беренеси). Өнөр жай үлгүсү катары өнөр жайдан же майда кол өнөрчүлүк өндүрүшүнөн чыгарылган **буюмдун сырткы көрүнүшүнүн** чечими корголот.

Биз ойлоп табуунун, пайдалуу моделдин, өнөр жай үлгүсүнүн коргоого жөндөмдүүлүк шарттарын гана карадык, б.а. кайсыл объектилер патенттик укуктун тиешелүү объектилери, кайсылары – патенттик укуктун тиешелүү объектиси эмес деп саналышы мүмкүн экендигин карадык. Бирок аларга патент берилерин түшүнүү үчүн бул эле жетиштүү эмес. Патентке жөндөмдүүлүк шарттарын сактоо дагы керектелет. Алар патенттик укуктун үч объектисинин ар бири үчүн ар башкача. Ошол шарттарды карайлы.

## *Патентке жөндөмдүүлүк шарттары*

Ойлоп табуунун патентке жөндөмдүүлүгүнүн шарттары (Кыргыз Республикасынын "Патент мыйзамы" Мыйзамынын 5-беренесинин 1,2,3,6-бөлүктөрү):

- ойлоп табуу жаңы болсо, ойлоп табуучулук деңгээли бар болсо жана өнөр жайда колдонууга мүмкүн болсо, ага укуктук коргоо берилет;
- ойлоп табуу техниканын деңгээлинде белгилүү болбосо - ал жаңы;
- ойлоп табуу бул тармактагы адис үчүн техниканын деңгээлинен келип чыкпаганы айкын болсо, анда анын ойлоп табуучулук деңгээли бар;
- эгер ойлоп табууну өнөр жайда, айыл чарбасында, саламаттыкты сактоодо жана эл чарбасынын башка тармактарында пайдаланууга мүмкүн болсо, ал ойлоп табуу өнөр жайда пайдаланууга жөндөмдүүлүгү бар деп саналат.

Пайдалуу моделдин патентке жөндөмдүүлүгүнүн шарттары (Кыргыз

Республикасынын “Патент мыйзамы” Мыйзамынын 6-беренесинин 1,2,5-бөлүктөрү):

- пайдалуу модель жаңы жана аны өнөр жайда колдонууга боло турган болсо, ага укуктук коргоо берилет;
- пайдалуу моделдин маанилүү сыпаттарынын жыйындысы техниканын деңгээлинде белгилүү болбосо - ал жаңы;
- пайдалуу моделди иш жүзүндө колдонууга болсо, аны өнөр жайда колдонууга болот.


Кыргыз Республикаынын “Патент мыйзамы” Мыйзамынын жогоруда берилген жоболору түшүндүрүүнү талап кылат.

Патентке жөндөмдүүлүктүн негизги шарты болуп жаңылыгы эсептелет. Ойлоп табуу (же пайдалуу модель) жаңылыкка ээ экендигин аныкташ үчүн адистер аны кезеги менен дүйнө жүзүндө белгилүү болгон, ошого окшош техникалык чечимдер менен салыштырып чыгышат. Алар эч кайталанбашы керек.

Ошол эле учурда ойлоп табуу абсолюттук жаңылыкка ээ болушу керек, б.а. мурда белгисиз болгон, жок дегенде бир айырмасы бар техникалык сыпаты болушу керек. Пайдалуу моделдин салыштырмалуу жаңылыгы эле жетиштүү. Пайдалуу моделдин бардык сыпаттары ар бири өз алдынча мурда белгилүү болушу мүмкүн, негизгиси – ошондой эле сыпаттарынын томтому бар дал ошондой буюм же технология болбошу керек.

Ойлоп табуунун же пайдалуу моделдин патентке жөндөмдүүлүгүн экспертизалоодо буюмдун, технологиянын же заттын техникалык сыпаттары гана эске алынат. Көркөм жасалгасы, наркы, аталышы өңдүү техникалык эмес сыпаттары көнүлгө алынбайт.

Ойлоп табуунун пайдалуу моделден айырмасын сүрөттүн жардамы менен түшүндүрүп берели. Сүрөттө белгилүү эки дөңгөлөктүү велосипеддин негизинде жасалган жаңы велосипеддер тартылган. Алардын бири - ойлоп табуу, экинчиси – пайдалуу модель.



*1-сүрөт. Белгилүү велосипеддин жаңы варианттары – ойлоп табуу жана пайдалуу модель*

Төрт дөңгөлөктүү велосипеддин эки чечилме дөнгөлөгү бар болгону бала велосипед тепкенди үйрөнүп жатканда пайдалуу. Бул велосипед өзүнүн аналогунан маанилүү айырмаланат – анын ойлоп табуучулук деңгээли бар болгондуктан, ойлоп табуу болуп саналат.

Ал эми кийинкиси болсо тандем-велосипед, аны Кыргызпатенттин адистери толук кандуу ойлоп табуу деп таанымак эмес болушу керек. Тандем – ошол эле эки велосипед, бирок бириктирилген, мында ойлоп табуучулук деңгээл жок. Бул – пайдалуу модель.

Дагы бир сүрөттү карайлы.




*2-сүрөт. Пайдалуу модель жасоонун мисалы*

Үчүнчү вариантты карап көрөлү. Сүрөттүн сол тарабындагы эки ойлоп табууну айкалыштырып, чечилме эки жуп дөңгөлөктөрү бар тандем-велосипедди алабыз. Бул жаңылык өзгөчө деле эмес, анткени ар түрдүү эки велосипедден алынган белгилүү сыпаттарды жөн эле кошуп коюу аркылуу алынган. Ошентсе да буга пайдалуу модель катары патент алса болот.

## *Ойлоп табуунун милдети жана техникалык натыйжасы*

Жогоруда айтылган талаптар менен кошо ойлоп табуунун пайдасы да болушу керек, анткени ал кандайдыр бир көйгөйдү чечүү үчүн колдонулушу керек.

Ойлоп табуунун маңызы эң жакын, окшош техникалык чечимди (прототипти) оригиналдуу модернизациялоо, модификациялоо же маанилүү өзгөртүү аркылуу анын кемчиликтерин жоюуда турат.

Ошол эле учурда прототиптин кемчиликтерин жоюу ойлоп табуунун милдети болуп саналат, ал эми жаңы, жакшыртылган техникалык же техникалык-экономикалык мүнөздөмөлөргө жетүү – техникалык натыйжа болот.

Ойлоп табуунун милдети – бул ойлоп табуу аркылуу жетүүгө багытталган максат.

Ойлоп табуунун техникалык натыйжасы – бул ойлоп табуунун аркасында алынган жаңы касиеттер жана мүнөздөмөлөр.

Пайдалуу модель үчүн техникалык натыйжанын болушу милдеттүү шарт эмес.

Өнөр жай үлгүсүнүн патентке жөндөмдүүлүгүнүн шарттары (Кыргыз Республикасынын "Патент мыйзамы" Мыйзамынын 7-беренесинин 2, 3, 5-бөлүктөрү):

Өнөр жай үлгүсү жаңы жана оригиналдуу болсо, ага укуктук коргоо берилет.

Эгер буюмда (түп нускасында) берилген жана маанилүү сыпаттар тизмегинде берилген маанилүү сыпаттарынын жыйындысы өнөр жай үлгүсүнүн артыкчылык датасына чейин дүйнөдө жалпыга жеткиликтүү маалыматтардан белгилүү болбосо, өнөр жай үлгүсү жаңы болуп эсептелет.

Эгер өнөр жай үлгүсүнүн маанилүү сыпаттары буюмдун өзгөчөлүктөрүнүн чыгармачыл сапатын шарттаса, ал өнөр жай үлгүсү оригиналдуу.

Өнөр жай үлгүлөрү үчүн өнөр жайда колдонууга мүмкүндүгү деген шарт жок.

Сүрөттө өнөр жай үлгүлөрүнүн мисалдары келтирилген.



*3-сүрөт. Өнөр жай үлгүлөрү*

Өнөр жай үлгүсүндө буюмдун сырткы көрүнүшү гана көрсөтүлөт, ал эми конструкциялоонун майда-чүйдөсү, арналышы же пайдасы такыр эсепке алынбайт. Өнөр жай үлгүсүнүн сырткы көрүнүшү жаңы жана оригиналдуу болушу керек.

Аталышына карабастан, өнөр жай үлгүсүн өнөр жайда даярдоо милдеттүү эмес, аны колго деле жасаса болот.

Өнөр жай үлгүлөрүнө карата маанилүү талап – мисалы, товардык белгилерден айырмаланып, алар сөзсүз түрдө конкреттүү буюмда көрсөтүлүп берилиши керек.

Материалды көрсөтүп берүү аркылуу түшүндүрүү үчүн патенттик укуктун түрдүү объектилерине патенттердин күчүнүн мөөнөтү, ошондой эле коргоого жөндөмдүүлүгүнүн жана патентке жөндөмдүүлүгүнүн шарттары таблицада берилди.

1-таблица. Патенттик укуктун түрдүү объектилеринин коргоого жөндөмдүүлүгүнүн жана патентке жөндөмдүүлүгүнүн шарттары

| Патенттик укуктун объектиси | Коргоого жөндөмдүүлүгүнүн шарттары | Патентке жөндөмдүүлүгүнүн шарттары | Патентти н күчүнүн мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| Ойлоп табуу | Өнүм, Ыкма, Өнүмдү же ыкманы колдонуу | - Жаңылыгы<br>- Өнөр жайда колдонуу мүмкүнчүлүгү<br>-Ойлоп табуучулук деңгээли | 20 жыл |
| Пайдалуу модель | Түзүлүш | - Жаңылыгы<br>-Өнөр жайда колдонуу мүмкүнчүлүгү | 5 жыл |
| Өнөр жай үлгүсү | Буюмдун тышкы көрүнүшүнүн чечилиши | -Жаңылыгы,<br>-Оригиналдуулугу | 10 жыл |

## *Патенттик укук объектилерин мамлекеттик каттоо*

Биз патенттик укук объектилеринин патентке жөндөмдүүлүк шарттарын кеңири карадык. Бул билимдер жаңы техникалык чечимге патент алууга болор-болбосун түшүнүү үчүн керек. Патент алуу үчүн Кыргызпатентке ойлоп табууга, пайдалуу моделге же өнөр жай үлгүсүнө өтүнмө берүү керек. Кыргызпатенттин адистери өтүнмөдө берилген техникалык чечим белгиленген талаптарга ылайык келишин текшерип, өтүнмөгө экспертиза жүргүзүшөт. Эгер жогоруда айтылган коргоого жөндөмдүүлүк жана патентке жөндөмдүүлүк шарттары, ошондой эле өтүнмөнүн материалдарын түзүүгө жана берүүгө коюлган талаптар аткарылса, патент берилет.

Ойлоп табууга же пайдалуу моделге өтүнмө сыпаттамадан, графикалык материалдардан, формуладан жана рефераттан турат.

Ойлоп табуунун формуласы – ойлоп табуунун маңызын өтө кыска түрдө баяндаган туюнтма.

## *Ойлоп табуунун же пайдалуу моделдин формуласы*


Ойлоп табуунун формуласы патент алууга берилген өтүнмөнүн эң маанилүү бөлүгү, ал ойлоп табуунун же пайдалуу моделдин маңызын көрсөтүп, аларга карата укуктук коргоонун көлөмүн аныктайт. Ойлоп табуунун формуласы белгилүү эрежелер менен түзүлөт.

Ал толугу менен ойлоп табуунун сыпаттамасына жана өтүнмөнүн графикалык материалдарына негизденип, түшүнүктүү, конкреттүү болуп, жаргон же илимий эмес терминдерди камтыбашы керек.

Ойлоп табуунун формуласы бир сүйлөм менен берилет.

Эреже катары, формула из негизги бөлүктөн турат: аталышы, чектөөчү бөлүгү жана айырмалоочу бөлүгү.

Ойлоп табуунун аталышы анын арналышын чагылдырышы керек. Чектөөчү бөлүгүндө ойлоп табуунун прототипте болгон белгилүү сыпаттары келтирилет, ал эми айырмалоочу бөлүгүндө авторлор ойлоп тапкан жаңы сыпаттар берилет. Бир бөлүгүн экинчисинен бөлүү үчүн, алардын ортосуна “мунусу менен айырмаланат” деген сөз айкашы киргизилет.




*4-сүрөт. Ойлоп табуунун формуласынын түзүмү*

Мурда айтылгандай эле, ойлоп табуу өнүмгө (атап айтканда, түзүлүшкө), ыкмага же колдонууга кириши мүмкүн.

Ойлоп табуулардын эң жөнөкөй же жөнөкөйлөтүлгөн формулаларынын мисалдарын келтире кетели.

Берилген объектилердин жаңылыгы бар дейли. Түзүлүштөн баштайлы.

**1-мисал.** Ойлоп табуу – отургуч, анын прототиби – табурет.

Ойлоп табуунун жөнөкөйлөтүлгөн формуласы – отуруу үчүн түзүлүш, ал негизден жана буттардан туруп, мунусу менен айырмаланат: анын жөлөнгүчү бар. Элементтеринин ортосунда байланыштары жана мамилелери бар ойлоп табуунун формуласы – отуруу үчүн түзүлүш, отуруучу бөлүгүнөн жана ага төмөн жагынан бекитилген үчтөн кем эмес буттан туруп, мунусу менен айырмаланат: кошумча отуруучу бөлүгүнө үстүнөн бекитилген жөлөнгүчтү камтыйт.

**2-мисал.** Ойлоп табуу – башында өчүргүчү бар карандаш, анын прототиби – карандаш.

Карандаш, тулкудан жана таш калемден туруп, мунусу менен айырмаланат: тулкусунун бир башында өчүргүч резинка бекитилген.

**3-мисал.** Ойлоп табуу – эки түстүү карандаш, анын прототиби – карандаш.

Карандаш, тулкудан жана таш калемден туруп, мунусу менен айырмаланат: анын таш калеми түрдүү түстөгү эки бөлүктөн турат.

**4-мисал.** Ойлоп табуу – күндөн коргоочу көз айнек, анын прототиби – көз айнек.

Көз айнек, догочолору бар алкактан жана айнектерден туруп, мунусу менен айырмаланат: айнектери бир аз карартылган.

**5-мисал.** Ойлоп табуу – тефлон таба, анын прототиби – таба.

Таба, тулкудан жана кармагычтан туруп, мунусу менен айырмаланат: анын ички бөлүгү ысыкка туруктуу, жабышкактыгы аз материалдын, мисалы – тефлондун, катмары менен капталган.

Эгер формула ыкмага тиешелүү болсо, б.а. ырааттуу аракеттердин жардамы менен аткарылчу кандайдыр-бир процессти сыпаттоого тиешеси бар болсо, анда ал бир аз башкачараак жазылат.

Ыкманын формуласы үчүн көптүк сандагы үчүнчү жактын этиштерин пайдаланышат (мисалы, ысытышат, аралаштырышат, бириктиришет, бурушат, сугарышат, кесишет) жана убакыт өлчөмүндөгү аракеттердин ырааттуулугун көрсөткөн тактоочторду пайдаланышат (мисалы, башында, андан кийин, андан соң, ошол эле учурда, акырында ж.б.).

**6-мисал.** Гүлдөрдү боео ыкмасы.

Гүлдөрдү боектун сууга эритиндисин пайдалануу менен боео ыкмасы, мунусу менен айырмаланат: башында гүл өсүмдүгүн бутондору бышып келе жаткан мезгилде ачылганга чейин үч суткадан кем эмес мезгил аралыгы бою аталган эритинди менен сугарат, андан кийин гүлдөрдү кесип алат.

**7-мисал.** Мөмө-жемиштерди сактоо ыкмасы.

Мөмө жемиштерди герметикалык таңгакта сактоо ыкмасы, мунусу менен айырмаланат: мөмө-жемиш салынган таңгактын ички көлөмүн башында инерттүү газ менен, мисалы, кургак азот менен толтурушат, андан кийин таңгакты герметизациялашат.

Белгилүү өнүмдү жаңы багытта пайдаланууга тиешелүү формула чектөөчү жана айырмалоочу бөлүктөргө бөлүнбөйт.

**8-мисал.** Жаратты айыктыруучу каражат.

БФ чаптагычын жаратты айыктыруучу каражат катары колдонуу.

## *Өнөр жай үлгүсүн сыпаттоо*

Өнөр жай үлгүсүн мүнөздөө үчүн формула эмес, буюмдун сырткы көрүнүшүнүн сүрөтү (же сүрөттөр топтому) колдонулат. Бул колго тартылган сүрөт же фотосүрөттөр болушу мүмкүн. Сыпаттамада объекттин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү саналып өтүп, өнөр жай үлгүсү кайсы буюмда чагылдырылганы көрсөтүлөт.

## *Жыйынтыктар*

Бул параграфтын жыйынтыктарын чыгаралы:

- Кыргыз Республикасында үч укуктук объект каралган, аларга коргоо документин - патент алууга болот, алар: ойлоп табуу, пайдалуу модель, өнөр жай үлгүсү.

- ойлоп табуу катары өнүмдү, ыкманы же колдонууну патенттесе болот, пайдалуу модель катары – бир гана түзүлүштү, ал эми өнөр жай үлгүсү катары – буюмдун тышкы көрүнүшүнүн өзгөчөлүктөрүн.

- патенттик укуктун объектилеринин ар бири патентке жөндөмдүүлүктүн

- өтүнүүчүнүн патенттик укуктарын тариздөө үчүн милдеттүү документтердин топтому каралган, аларды карап чыгуунун негизинде Кыргызпатент патент берүү жөнүндө же патент берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим чыгарат.

*Суроолор жана тапшырмалар*

1) Интеллектуалдык менчиктин кайсы объектилерине патент алууга болот?
2) Ойлоп табуу деген эмне?
3) Ойлоп табуу катары кайсы объектилер коргоого алынышы мүмкүн?
4) Кайсы объектти пайдалуу модель катары патенттесе болот?
5) Өнөр жай үлгүсү катары эмне корголот?
6) Ойлоп табуулардын патентке жөндөмдүүлүгүнүн шарттарын атагыла.
7) Пайдалуу моделдердин патентке жөндөмдүүлүгүнүн кайсы шарттарын билесиңер?
8) Өнөр жай үлгүлөрүнүн патентке жөндөмдүүлүк шарттарын санап бергиле.
9) Ойлоп табуулардын пайдалуу моделдерден негизги айырмачылыктары эмнеде?
10) Ойлоп табуунун милдети жана анын техникалык натыйжасы деген эмне?
11) Лампочкага, мискейге, шариктүү калемге ойлоп табуунун формуласын түзгүлө.

# 5. АДАБИЯТТАГЫ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК. АВТОРДУК УКУК

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде “интеллектуалдык менчик” деген түшүнүк бар. Кеңири алганда, бул термин авторлордун интеллектуалдык (чыгармачыл) ишмердүүлүгүнүн натыйжасына же жекелештирүү каражатына мыйзам тарабынан бекитилип берилген убактылуу өзгөчө укугун, ошондой эле жеке мүлктүк эмес укуктарын билдирет. Күнүгө ар бирибиз маалыматтын чоң агымына туш болобуз. Прогресс бир жерде турбайт – ар кайсы тармактарды өнүктүрүп жатып, адамдын мээси бир караганда мүмкүн эмес болгон, бирок ишке ашыра келгенде өндүрүштө жана экономикалык тармакта бир топ жакшыртууларды камсыздай алчу уникалдуу идеяларды жана сунуштарды бере алышы мүмкүн. Тез өнүгүп жаткан азыркы заманда илим, техника, IT–технологиялары, искусство жана адабият өндүү жааттардагы интеллектуалдык менчиктин натыйжаларына укуктарды бекиттирип алуу өтө маанилүү.

Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик чыгарылып жаткан өнүмдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн эле эмес, улуттук экономиканын жалпысынан атаандаштык артыкчылыктарынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн негизин түзөт, бирок менчиктин бул түрүнө укуктар чектелген жана убактылуу мүнөзгө ээ. Бул Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде бекитилген жана мөөнөтү өткөндөн кийин ал укуктар укук ээсинин макулдугусуз эле бузулушу мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык, интеллектуалдык менчиктин түрдүү объектилерине мүлктүк эмес жеке, мүлктүк укуктар, ошондой эле башка укуктар да бар.

Келгиле, интеллектуалдык менчик объектиси катары чыгарманы, б.а. адамдын чыгармачыл эмгеги менен жаралаган, интеллектуалдык ишмердүүлүгүнүн объективдүү чагылдырылган натыйжасын карап көрөбүз. Чыгармалардын мисалдары өтө көп! Алардын эң кеңири таралган түрү – кандай болбосун жанрдагы адабий чыгарма, мисалы, көркөм роман, ошондой эле бул категорияга илимий ишмердүүлүктүн же искусствонун чыгармаларын киргизсе болот.

Интеллектуалдык менчик объектилерин, биздин мисалда - чыгармаларды, жаратуучулардын мүлктүк эмес жеке укуктары ажыратылгыс болуп саналып, мөөнөтсүз күчүндө болот жана толук көлөмдө сакталышы керек. Укуктардын бул тобу чыгарманын автору менен тыгыз байланышта жана башка субъектилерге кандай болбосун негизде өткөрүлүп берилиши мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1040-статьясына ылайык, интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжасына же жекелештирүү каражатына мүлктүк укуктардын ээсине интеллектуалдык менчиктин ошол объектисин өз каалоосу боюнча кандай формада же ыкмада болбосун укук ченемдүү пайдаланууга өзгөчө укук берилген.

Өзгөчө укук берилген укук ээсинин интеллектуалдык менчик объектилерин башка жактар колдонушу үчүн укук ээсинин макулдугун алышы керек.

Башкача айтканда, көркөм романдын автору өз чыгармасын басмадан чыгарып, аны эркин сатуу аркылуу акча таба алат. Эгер автор муну өзү жасагысы келбесе, ал чыгармасына болгон укуктарын келишимдин негизинде үчүнчү жакка убактылуу же дайыма колдонуу үчүн өткөрүп бере алат, дал ошондуктан бул укук мүлктүк деп аталат. Бул учурда чыгарманы чыгарууга жана сатууга укук алган жак - "укук ээси" деп аталат.

Кыргыз Республикасынын "Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө" Мыйзамынын 17-статьясына ылайык, чыгармаларга башка укуктардын катарында эки негизги укукту белгилесе болот, алар: мүмкүндүк укугу жана жол берүү укугу.

Биринчисинде сүрөт искусствосуна тиешелүү чыгармалардын авторлоруна укуктар берилет. Алар чыгарманын ээсинин уруксатысыз эле оз чыгармасын тоскоолдуксуз кайра чыгара алат (мүмкүндүк алуу укугу).

Экинчисинде болсо, автор жана анын мураскерлери кайра сатуунун баасынан белгиленген пайыз өлчөмүндө сыйакы алууга укугу бар (жол берүү укугу).

Келгиле, интеллектуалдык менчик объектилерине өзгөчө укуктардын жиктөөсүн карап көрөбүз. Түшүнүү үчүн салыштыруу керек болгон маалыматты таблица түрүндө карайбыз.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин "Интеллектуалдык менчик" аталышындагы V бөлүмүнүн II бөлүгүндө интеллектуалдык менчик объектилеринин бир нече тобу белгиленген. Келгиле, кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин "Автордук укук" аталышындагы 54-бабын карайбыз. Автордук укук деген эмне?

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1047-статьясына ылайык, автордук укук деп илим, адабият жана искусство чыгармаларына интеллектуалдык укуктарды түшүнүшөт. Чыгарманын автору чыгармага, анын кол тийбестигине жана элге жарыялоого өзгөчө укукка ээ. Кандай болбосун чыгармачыл иш анын аброюна жана арналышына, ошондой эле аны чагылдыруунун ыкмасына карабастан, автордук укук менен корголушу мүмкүн. Мисалы, адабий чыгармалар, драмалык жана музыкалык-драмалык чыгармалар, сценардык чыгармалар, тексти бар жана тексти жок музыкалык чыгармалар, ошондой эле аудиовизуалдык чыгармалар.

Бирок, берилген чыгармага укуктук коргоо ал кандайдыр бир объективдүү, анын ичинде жазуу же оозеки формада берилген учурда гана, мисалы, эл алдында чыгып сүйлөө же аткаруу түрүндө, элге жарыланганына да, элге жарыяланбаганына да берилиши мүмкүн экендигин белгилей кетүү керек.

Автордук укуктар айрым учурларда бүткүл чыгармага эмес, болгону анын бир бөлүгүнө гана жайылтылышы мүмкүн, мисалы, объектилер мүнөзү боюнча автордун чыгармачыл эмгегинин өз алдынча натыйжасы катары таанылганда жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин талаптарына жооп берген учурда, чыгарманын бир же бир нече кейипкерине, аталышына жайылтышы мүмкүн.

**1-таблица. Патенттик укуктун түрдүү объектилерине карата коргоого жөндөмдүүлүк жана патентке жөндөмдүүлүк шарттары**

| Принциптин аталышы | Принциптин түшүнүгү | Мисал |
|---|---|---|
| Дуализм принциби | Аяккы объектиде материалдык эмес интеллектуалдык менчик объектилеринин чагылдырылыша негизденген жана материалдык объектилер үчүн негизги натыйжаларды камтыйт:<br>1. Ээси материалдык эмес объекттин укук ээси болуп саналат, ошол эле учурда бул объектте ишке ашырылган өнүмгө укугу жок (№1 мисал);<br>2. Өнүмдүн ээси ушул материалдык эмес объектте чагылдырылган интеллектуалдык менчикке ээлик кылуу укугуна талап кое албайт (№2 мисал). | №1 мисал:<br>Китепти басмаканадан чыгарууга келишим түзүп жатып, анын автору басмаканачыга өзүнүн өзгөчө укугун өткөрүп берүү менен бүтүм жасайт. Башкача айтканда, басмакана жөн гана укук ээси болуп калбастан, ал чыгарманын ээси болуп калат.<br>№2 мисал:<br>Дүкөндөрдөн китеп сатып алып жатып, биз анын ээси болуп калабыз, бирок ошол эле учурда чыгармага карата интеллектуалдык укукка ээ эмеспиз. |
| Укукту колдонуп бүтүү принциби | 1. Кайра чыгаруу укугу – башкача айтканда чыгарманы же анын бир бөлүгүн кандай болбосун материалдык формада бир же андан көп нускада жасоо. Чыгарманы убактылуу же кокустук мүнөзүндөгү, технологиялык процесстин ажыратылгыс жана маанилүү бөлүгүн түзгөн, жалгыз максаты чыгарманы укук ченемдүү пайдалануу же үчүнчү жактардын ортосунда маалыматтык ортомчу тарабынан чыгарманы маалыматтык-телекоммуникациялык тарамга берип жатканда бул жаздыруу оз алдынча экономикалык мааниге ээ эмес болгон шартта, кыска мөөнөткө жаздыруу кайра чыгаруу деп саналбайт;<br>2. Жайылтуу укугу – интеллектуалдык менчик чыгармасынын түп нускасын же нускаларын сатуу же башкача ажыратуу. | Келишим боюнча өзгөчө укугун басмаканага өткөрүп берүүдө чыгарманын автору өз интеллектуалдык менчигинин өнүмүн өз алдынча таратуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт, б.а. ал мындан ары өз китебин өз алдынча сата албайт. |
| Укукту чектөө принциби | Укук ээсинин уруксатын талап кылбаган жана мыйзам бузуу болуп | Азыр кеңири таралган, online шарттамда тигил же бул адабий чыгармага акысыз |

| | |
|---|---|
| эсептелбеген эркин жеткиликтүү интеллектуалдык менчик объектисин пайдалануу. | жетүү мүмкүнчүлүгүн берген интернет-ресурстар |

Автордук укук идеяларга, жол-жоболорго, ыкмаларга, концепцияларга, принциптерге, системаларга, сунушталган чечимдерге, объективдүү түрдө бар болгон көрүнүштөрдү ачууга жайылтылбайт.

Мында укуктук коргоонун объектиси болуп чыгарманын формаларынын өзүлөрү саналат, ал эми автор ошол теманы пайдаланууга өзгөчө укукка ээ болбойт, б.а. башка жактар дагы ошол эле сюжетти пайдалануу менен өзүнүн чыгармасын жаратууга укуктуу.

Автордук укук объектилери болуп төмөнкүлөр саналбайт:

1) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, муниципалдык түзүмдөрдүн расмий документтери, эл аралык уюмдардын расмий документтери, ошондой эле алардын расмий котормолору;

2) Мамлекеттик символдор жана белгилер, ошондой эле муниципалдык түзүмдөрдүн символдору жана белгилери, мисалы, туулар, гербдер, ордендер же акча белгилери.

3) Конкреттүү автору жок эл чыгармачылыгынын чыгармалары. Мисалы, кандай болбосун фольклордук чыгармалар.

4) Бир гана маалыматтык мүнөздөгү, окуялар жана фактылар жөнүндө билдирүүлөр. Мисалы, кандай болбосун теле- же радиоканалдардагы жаңылыктар мүнөзүндөгү программалар.

Бардык материалдык алып жүрүүчүлөргө "буюмдук укук" деп аталган менчик укугу жайылтылат, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1049-статьясына ылайык, анда автордук укук объектилеринин толук тизмегине катар туунду жана курамдуу чыгармалар да белгиленген. Башкача айтканда автордук иштер, кандайдыр бир чыгармалардын тышкы формасы же аларга байланышкандар, мисалы, китептерге резюме же аннотациялар, алардын сереби, материалдарды топтоодо жана жарыялоодо интеллектуалдык эмгектин натыйжасы катары автордук иштер, буларга жыйнактарды же маалыматтар базаларын киргизсе болот.

Өзүнүн автордук укугун кантип коргосо болот? Азыркы дүйнөдө өз чыгармасын мыйзамсыз пайдалануудан кантип коргосо болот? Чыгарманы интеллектуалдык меник объектиси катары коргоо тартибин түзүүдө көптөгөн факторлорду эске алуу керек.

Келгиле, кайра Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине кайрылалы. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1047-статьясына ылайык, автордук укук бардык элге жарыяланган же эл алдында жарыяланбаган, Кыргыз Республикасынын аймагында кандай болбосун объективдүү формада болгон чыгармаларга жайылтылат, ошол эле учурда авторлордун же алардын укук мураскерлеринин жарандыгы эске алынбайт.

Авторлорду коргоого тигил же бул чыгарманын элге жарыяланган жери чоң роль ойнойт.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын “Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө” Мыйзамына ылайык, автордук укук Кыргыз Республикасынын аймагында же андан сырткары элге жарыяланган жана жарыяланбаган, бирок кандайдыр бир объективдүү формада Кыргыз Республикасынын аймагында же андан сырткары болгон чыгармаларга жайылтылат жана алардын жарандыгына карабастан авторлордуку же алардын укук мураскерлериники деп таанылат, башка мамлекеттердин жарандары болуп саналган же жарандыгы жок авторлордун чыгармаларына Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык жайылтылат.

Эгер чыгарма алгачкы жолу Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жарыяланып, бирок 30 күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында жарыяланса, ал алгачкы жолу жарыяланган деп саналат. Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында чыгармага коргоо берүүдө чыгарманын автору же башка эң баштапкы укук ээси кайсы мамлекеттин аймагында автордук укуктарды алуу үчүн негиз болгон юридикалык факт орун алган болсо, ошол мамлекеттин мыйзамы менен аныкталат.

Автордук укуктун ар бир ээси автордук укукту коргоо белгисин «копирайт» (Copyright) белгисин пайдалана алат, ал чыгарманын ар бир нускасында жайгаштырылат жана төмөнкү 3 элементти камтыйт:

- тегерекчеге алынган «С» латын тамгасы - © Copyright;
- өзгөчө автордук укук ээсинин аты же аталышы;
- бул чыгарманын биринчи жарыяланган жылы.

“Копирайт” белгиси эч кандай укуктук кесепеттерге алып келбейт, бирок ал башка пайдалануучуларды бул чыгармага өзгөчө укуктардын ээси бар экендигин маалымдап турарын белгилейбиз.

“Копирайтты” сабаттуу тариздеш үчүн кандай кылуу керек? Келгиле, “копирайтты” туура жана ката тариздөөнүн мисалдарын карай кетели.

2-таблица. “Копирайтты” тариздөөнүн мисалдары

| **Туура** | **Ката** |
|---|---|
| © И. И. Иванов, 2000<br>© Иванов И. И., 2000-2015<br>© ООО «Рога и копыта», 2000-2015<br>© Сайтты жасалгалоо. ООО «Рога и копыта», 2005<br>© Иванов И. И., орусчага которуу, 2007 | © 2015<br>© И. И. Иванов, 2000 г.<br>2008 © И. И. Иванов<br>(с) Иванов И. И., 2000-2015<br>© 2006, Иванов В. И.<br>© ООО «Рога и копыта», 2000-2015.<br>Copyright © 1995-2015 «Рога и копыта»<br>© Рога и копыта 2000-2015<br>© xxxNiCkNaMexxx |

Бир караганда бул мисалдар окшоштой сезилет, бирок тыныш белгилерине көңүл бургула – көп учурларда тариздөөнүн сабаттуулугу дал ошолорго көз каранды болот.

Эске алчу жагдай, бир гана китептин текстин гана “копирайт” белгиси менен коргоого болбойт. Түрдүү интернет-ресурстарга жайгаштырган кандай

маалымат болбосун, мисалы, социалдык тармактардагы посттор, коргоону талап кылат. Көп учурларда биз ар кайсы адабий чыгармалардын бөлүктөрүн, коомго таанымал инсандардын тигил же бул сөздөрүн көчүрүп алып, жеке баракчаларыбызга жайгаштырабыз, бирок чыныгы авторун көрсөтүүнү унутабыз. Интернет-ресурстар үчүн дагы “копирайт” белгисин жайгаштыруунун эрежелери бар.

© символу «Unicode»до 169 ондук кодуна ээ, он алтылык - 00A9.

Web-барактын денесине дагы “копирайт” символун коюуга болот. Бул үчүн төмөнкү коддордун бирин колдонуу керек:

– ©

– &xa9;

- &copy.

«Windows» операциондук системасындагы кайсы документке болбосун © символун жайгаштыруу үчүн «Alt» клавишасын басып туруу менен 0169 сандарын ырааты менен терүү керек.

Ошондой эле «Copyright» символун чыгаруу үчүн символдор таблицасын пайдаланса болот. Ал үчүн «Пуск – Выполнить – charmap.exe» ачып, «Enter» клавишасын басуу керек.

Көп учурларда чыгармалар бир эле эмес, эки же андан көп адамдардын – тең авторлордун интеллектуалдык менчигинин натыйжасы болушу мүмкүн. Ошол эле учурда тең авторлордун ар бири чыгарманын ээси болуп чыгышы мүмкүн, б.а. чыгарманы пайдалануу укугу толугу менен бардык тең авторлорго бирдей таандык, алардын ар бири аны өз каалоосу боюнча колдонууга укугу бар. Бирок, ошентсе да тең авторлордун ортосунда макулдашуу түзүү аркылуу чыгарманы пайдаланууга укуктарды аныктап койгон жакшы.

Маалыматтын эбегейсиз агымында мезгилдүү жана улантылып келе жаткан жыйнактардын, энциклопедиялардын же сөздүктөрдүн, гезиттердин, журналдардын авторлорун, б.а. алардын түзүүчүлөрүн дагы унутканга болбойт, алардын өзүнүн чыгармачыл эмгегинин, атап айтканда курамдуу чыгарманы тандоо жана жарыялоонун, натыйжасына укугу бар. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1049-статьясына ылайык, курамдуу чыгармаларга жыйнактар (энциклопедиялар, антологиялар, маалымат базалары) жана тандоосу же жайгашуусу боюнча чыгармачыл эмгектин натыйжасын элестеткен башка курамдуу чыгармалар кирет. Түзүүчү башка авторлордун чыгармаларын жыйнакка киргизип жатып, алардын укуктарын сакташы керек, б. а. ошол чыгармалардын авторлору өз чыгармаларын каалагандай пайдалана алат. Башкача айтканда, түзүүчүнүн автордук укугу башка жактарга ошол эле материалдарды пайдалануу менен өз жыйнактарын түзүүгө тоскоолдук жарата албайт.

Автордук укук интеллектуалдык менчикти коргоонун эң маанилүү курамдуу бөлүгүнүн бири болуп саналат. Авторлордун интеллектуалдык менчигине укуктар Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси жана автордук укук жаатындагы мыйзамдары менен корголгон.

## 6. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ХИМИЯ ИЛИМИНИН ТАРЫХЫНДА


Заттар жана алардын кубулуулары жөнүндө илимде өзгөрүүсүз бир күн жок. Химиялык эксперимент – ачылыштардын жана ойлоп табуулардын пайда болушу үчүн жагымдуу мүмкүнчүлүк.

“Ачылыш” жана “ойлоп табуу” түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмачылыктарды карайлы. Ойлоп табуу деп маселенин натыйжасында жаңы ыкмалар, заттар, түзүлүштөр жаратылган техникалык чечимди түшүнүү керек. Ойлоп табуулар көп учурларда материалдык негизге ээ, демек, сатылышы мүмкүн.

Ачылыштарга илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын киргизсе болот. Жаңылыгы, фундаменталдуулугу жана шексиздиги ачылыштардын белгилери болуп саналат. Ачылыштар, бөлүп караганда химияда, материалдык чагылдырылбаган болушу мүмкүн, анын негизинде бизнес куруп, тикелей пайда көрүү мүмкүн эмес. Ошонун өзү илимий ачылыштарды интеллектуалдык менчик катары кийинчерээк карап баштаганынын себептеринин бири болуп калган.

Химиялык заттарды жана кубулуштарды биринчи ачкан алхимиктер өз ачылыштарынан материалдык пайда көрүүгө аракет кылышкан. Алхимиянын максаты – философиялык таш алуу болгон.

Алхимия мезгилинде интеллектуалдык менчикке укук бар болгонун элестетип көрөлү. Философиялык таштын жардамы менен алтын алуу сырын ачкан алхимик бул укугунан пайдаланат беле, кандай ойлойсуздар? Элестетип көрсөңүз, эгер философиялык таш табылган болсо, окумуштуулардын алдында жеке баюунун эбегейсиз мүмкүнчүлүктөрү ачылмак да. Жооп талашсыз.



*1-сүрөт. Хеннинг*

Немец алхимиги Хеннинг Бранд гамбургдук көпөс болгон, ал

жакырданганынан карызга батып, ишин оңдоо максатында алхимиядан өз бактысын издеп көрүүнү чечет. “Философиялык ташты” издеп жатып, Бранд тирүү организмдин бөлүп чыгарган продуктуларын изилдеп көрүүнү чечет. Алхимик мистикалык ой жүгүртүүгө жакын болгондуктан, изилдөө объектиси катары заараны изилдөөнү тандап алат. Заараны буулантkandан кийин, аны өтө ысытып, Бранд ак түстөгү затты алат. Бул зат абада тез күйүп, ак түтүн бөлүп чыгарчу.  1669-жылы гана анын иши логикалык аягына келип жеткен: ретортада (химиялык аппарат) түнкүсүн жаркыраган катуу зат пайда болот.

Бранд бул ачылышы окумуштуулар дүйнөсүнүн жана жөнөкөй жашоочулардын чыныгы кызыгуусун жаратаарын тез эле түшүнөт. Ал өзүнүн лабораториясында фосфорду көп санда чыгара баштайт да жаркыраган затты акчага көрсөтүп, алтындын баасына тете акчага кичинекей өлчөмдөрдө сата баштайт. Фосфорду алуунун ыкмасын Бранд эч кимге айтпай, сыр катары сактаган. Ачылыштан 61 жыл өтсө да, 1730-жылы Лондондо фосфордун 1 унциясы (31 грамм) 10,5 алтын теңге турган.

Киреше алуу максатында ошол кездеги көп окумуштуулар Бранддын сырын ачып, фосфор алууга аракет кылышкан.

Немец химиги, Виттенберг университетинин профессору Иоганн Кункель менен дрездендик химик Крафт Брандды фосфорду алуунун сырын 200 талерге сатууга көндүрүшөт. Бирок Кункель бул келишимден пайда көргөн эмес: иш билги Крафт досуна бул сырды айтпай койгон. Өзү курфюрсттардын сарайларына барып, фосфорду акчага көрсөтүп, байып кеткен.

Бирок “фосфор бизнеси” ушуну менен эле токтоп калган эмес.



*2-сүрөт. Иоганн Кункель*



*3-сүрөт. Георг Вольфганг Крафт*

Бир жолу Ганноверде герцог Иоганн Фридрихтин кабыл алуусунда Крафт

фосфорду көрсөтүп жатканда немец философу, математик Г. В. Лейбниц дагы болот.



*4-сүрөт. Готфрид Вильгельм Лейбниц*

Г.В. Лейбниц ал кезде герцогдун китепканачысы болуп кызмат кылчу. Бул ачылыш эбегейсиз байлык алып келерин түшүнгөн Лейбниц, герцог үчүн демиш болуп, Крафттан фосфорду алуунун сырын сатып алмак болот. Бирок бул аракети таш кабат. Ошондо Лейбниц Гамбургдагы Брандга барып, Бранд менен герцог Иоганн Фридрихтин ортосунда келишим түзүп келет. Бул келишим боюнча герцог Брандга сырды ачкандыгы үчүн 60 талер төлөп берет. Ошентип Бранд өзүнүн ойлоп табуусун экинчи ирет сатат.



*5-сүрөт. Роберт Бойль*

1860-жылы Бранддан көз карандысыз эле Англияда Роберт Бойль фосфорду алат. Ал 1677-жылы май айында Лондондогу королдук коомдо фосфорду көрсөткөндөн кийин, Крафтты жолугушууга чакырып, андан фосфордун катуу жана суюк түрлөрүн көрөт. Бойлго көрсөткөн сыйы үчүн

ыраазычылыгын билдирип жатып, Крафт фосфорду алуу үчүн адам организминен чыккан продукт колдонулаарынын четин чыгарат. Улуу химик Бойлго мунун өзү жетиштүү эле. Ал адамдын сөөктөрүн, канын, чачын, заарасын сынап көрөт, акыры 1680-жылы аракеттери ийгиликке алып келет.

Ачылыш элге маалымдалат, ошентип фосфордун баасы кымбат болбой калат. Бойлдун шакирти Гауквиц устаты каза болгондон кийин, 1691-жылы “андан ары барат”, ал фосфорду коммерциялык масштабда чыгара баштайт. Фосфордун унциясын үч фунт стерлингге сатып, Европанын илимий мекемелерин жана айрым окумуштууларды камсыздап, чоң байлык топтойт. Лондондо Гауквиц көзү тирүүсүндө эле атак-даңкка ээ болгон фармацевтикалык фирма негиздейт.




*6-сүрөт. Байыркы дарыкана*


“Фосфорго укук” деген нерсе ушул адамдардын кайсынысына таандык болот. Мында фосфорду ачкан адам эмес, ири масштабда ойлонгон, “фосфор бизнесин” уюштурган адам эң көп киреше алып атпайбы. Бирок мындай бизнес ачып, фосфор сатуу үчун ошондой бүтүм жүргүзүү укугуна ээ болушу керек да. Албетте, ал кезде патенттик мүнөздөгү мындай укук аталган окумуштуулардын эч кимисинде болгон эмес.

Илгери химия жаатындагы илимий ачылыштардын көпчүлүгү окумуштуулар тарабынан дарыгерлик практикада пайдаланылган. Бул өсүмдүктөрдөн жана жаныбарлардан алынган, дарылык касиети бар же адамга зыян келтирген заттар болгон. Мисалы, Парацельс тарабынан ачылган дары-дармектерди дарыгерлик практикада пайдаланууга интеллектуалдык менчиги аны жалпыга тааныткан. Баары мындай устаттын өзүнөн дарыланууну каалаган. Ушундан киреше алган.

Атактуу окумуштуу, фармацевт жана дарыгер Парацельстин лабораториясына баш багалы. Дүйнөнү таанууга болгон чексиз кызыгуусу, дайыма окууну каалоосу жана кедей адамдар менен баарлашуудан жийиркенбегендиги аны улуу адам кылган.


Окумуштуунун: “Бардыгы уу, эч нерсе уулуу болуудан четте калган эмес, бирок бир гана доза ууну билинтпес кылат”, - деген сөзү XVI кылымдагы

медицинада анын жаңычылдыгынан кабар берет.



*7-сүрөт. Парацельс лабораторияда*

Ал бардык тирүү организмдер белгилүү өлчөмдөгү химиялык заттардан турат деп окуткан. Эгер бул өлчөмдөр бузулса, ооруга алып келет. Химиялык каражаттар менен адам организминдеги заттардын тең салмактуулугун кайтарса болот. Кызыктуу факт – цинктин аталышын дал ошол Парацельс берген. Ал оорулууларды дарылоодо алтынды, сурьманы, сымапты колдонгон биринчи дарыгер болгон.Дүйнө жүзүн каалашынча кыдырып жүрүп, Парацельс Германияга кайтып келгенде ал 32 жашта болгон. Ал жерден дагы дарылоону уланткан. Башында анын жер кезип жүрүп тапкан билимдерине, тажрыйбасына эл ишенбестик менен мамиле кылган.



*8-сүрөт. Парацельс*



*9-сүрөт. Парацельстин мурасы*

Бирок убакыттын өтүшү менен ал бир нече оорулууну айыктыргандан кийин ушактар анын даңкына алмашты. Парацельс жаңылык киргизип, бүткүл Европада медициналык лекцияларды латын тилинде өтүп жатса, ал немис тилинде сабак бере баштаган. Бул жагынан алганда ал биринчилерден болгон. Бирок орто кылымдын гениалдуу дарыгеринин мындай өзүм билемдигин көптөр кечиришкен. Анткени Парацельстин лекциялары Гиппократ менен Авиценнанын чогулткан материалдарын кайталаган эмес, ал өзү дүйнөнү кыдырып жүргөндө чогулткан билимдери менен бөлүшчү. Практикалык билимдерди алгысы келген студенттер да профессорду абдан сыйлашчу, ал эми кээ бир консервативдүү көз караштагы кесиптештери жаңычылдын лекцияларынан үрөйү уччу. Өзгөчө ал маалымат алган булактарын билгенде. Анын билимдеринин көбү ага улгайган элдик дарыгерлер, баш кесерлер, чачтарачтар, цыгандар жана жөөттөр, жез кемпирлер жана аначы кемпирлер тарабынан берилген эле.

Билимдерди акысыз пайдалануу үчүн бир адам башка адамга “ооздон оозго” өткөрүп берүү ал кезге мүнөздүү болгон.Бул билимдерди талдай билүүсү, тажрыйбада колдоно билгендиги аны атактуу кылган. Анын кайраттуу көз караштары инквизиция мезгилинде өтө коркунучтуу эле. Мисалы, ал иштеген өлүк көмүү бюросунда адамдардын денелерине жүргүзгөн изилдөөлөрү үчүн аны өрттөп жибериши мүмкүн эле. Парацельс адам организмин дарылоо үчүн анын түзүлүшүн изилдеген. Дарылоого болгон көз караштары албетте жаңы болгон, кийин анын теориялары медицинанын негизин түзгөн. Анын бүткүл өмүрү – ойлоп табуулардын кезек алмашуусу болгон. Ал өзү болсо – адамзаттын интеллектуалдык менчиги.




*10-сүрөт. Химиялык аспаптар*

Баса, Парацельс 9 китеп жазган, бирок алардын үчөө гана анын көзү тирүүсүндө жарык көргөн.

Алыскы ал кездерде окумуштуулар жараткан аспаптар эксперимент жүргүзүү үчүн колдонулган жана натыйжа алуунун каражаты гана болгон. Бул аспаптар "химиялык" модадан эч качан чыкпайт. Дүйнө жүзүнүн бардык химиктери бул ойлоп табуулардын маанисине баш катырбастан, аларды азыркы күнгө чейин колдонушат. Мындай ойлоп табууларга XIX кылымда интеллектуалдык менчик катары мамиле кылып башташкан.

Абалды Францияда өзгөртүүгө аракет кылып көрүшкөн. 1920-жылдын 20-майында өлкөдө сүрөтчүлөр үчүн "жол берүү укугу" жөнүндө айтылган мыйзам кабыл алынган. Бул сүрөтчү өзүнүн эмгегин тарткандан кийин ал көргөзмөгө коюлса түшкөн кирешеден, эгер ошол эле көргөзмөдөн сатылып кетсе же кийин кайра сатылса, түшкөн кирешенин бир бөлүгүн ала алат дегенди түшүндүргөн. Бул жөнүндө уккан окумуштуулар өзүлөрүнүн ачылыштары жөнүндө ойлонуп калышат да Франциянын парламентине жардам сурап кайрылышат.



*11-сүрөт. Жюль Бартелеми-Сент-Илер*

Парламентте илимий ачылыштарга укуктарды коргоо долбоорун карап чыгып, анда өнөр жайчылардын кирешеси чектелгендиктен, четке кагышкан.

Бизнесмендер илим киреше алууга өбөлгө түзгөн учурларда гана илимий ачылыштарга оң баасын беришет.

"Илимдин эң гумандуу максаттарга кызмат кылган ири ачылышы кассага акча алып келбесе, бааланбайт. Мындай илимий изилдөөлөр көз жаздымда кала берет".

Металлургиянын илимий мааниси, экономикалык манисине караганда бир кыйла мурда калыптанган. Башында кендерден металлды ажыратып алуу искусствосу металлургия деп аталчу, биздин күндөрдө гана металлургия өз алдынча индустрия жана эл чарбасынын бир тармагы болуп калды.

Металлургия – металлдарды өнөр жайлык казып алуу жөнүндө илим. XVI кылымда эле окумуштуу жана врач Георг Агрикола (чын аты – Георг Бауэр) "Металддар жөнүндө 12 китепти" жазып, азыркы илимдин негизин түзгөн. Бөлүп караганда, ал китептерде металлургиянын башкы милдети – казылып алынган кенди "иш үчүн пайдасы бар" эритүү деп айтылат. Бул ар кайсы процесстердин жардамы менен кенден шлактарды бөлүп, андан таза металлдарды алуу дегенди билдирет. Бирок ошол окумуштуу "металлургия" деген материалдык эмес түшүнүккө менчиктеп алуу укугуна талаптана алат беле, жок беле деп талашсак, биз акыры талаш-тартыштан, түрлүү ой-пикирлерибизден адашып тынабыз.

Кеп мында! Ар бир гениалдуу ачылыштан кийин ал ачылышты пайдалана билүү турушу керек. Эгер ишкер ачылышты өнөр жайлык өндүрүшкө пайдаланса жана ал ага киреше алып келсе, окумуштууга кандайдыр бир төлөм же сыйакы тууралуу сөз кылса болот. Бизнесмендердин, эгер окумуштуулардын ачылыштары киреше алып келбесе, алардын укугу менен иши деле жок. Мындай ачылыштар адамдын жашоосу үчүн пайдасыз болбошу керек.

1928-жылы гана Улуттар Лигасынын Кеңеши Прага долбоорун бекиткен, анда илимий ачылыштардын авторлору сыйакы алуу үчүн кайрылган учурда, ойлоп табууларда ошол илимий ачылыштарды пайдаланган бизнесмендердин укугу корголгон.

Прага долбоору боюнча коргоо объектиси катары материалдык пайдаланууга жарактуу ачылыш гана таанылган, ал эми колдонулбаган мүнөздөгү ачылыштар корголгондордун тизмесинен чыгарылган.

Эгер XIX кылымда эле эл аралык уюмдардын каражат таап, илимий ачылыштарды каттоонун эл аралык жалпыга таанылган, корголгон юридикалык расмий формасын түзүүгө каалоосу болгондо илим кандай өнүкмөгү кызык. Илимий ачылыштардын саны өсөт беле, жок беле? Тилекке каршы, ал мезгилде бизнес башкы ролду ойногон, эл аралык ишмерлер окумуштуулардын эмес, ишкерлердин кызыкчылыгын коргошчу.

Эгер мамлекетте автордук укукту бекитип берүү системасы түзүлсө, бул

албетте, ачылыштарды пайдаланууга шарттарды түзөт жана окумуштуулардын илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө кызыгуусун арттырат.

“Жасалган жана майнаптуу пайдаланылып жаткан илимий ачылыштар менен ойлоп табуулардын саны – өзүнчө окумуштуунун болобу, илимий-изилдөө уюмунун жана мамлекеттин болобу ишмердүүлүгүн баалоодо негизги көрсөткүчтөрдүн бири”.

Бирок XVIII – XIX кылымдарда мындай система жок болгон. Бир мамлекеттин окумуштууларынын ачылыштары көп учурларда башка өлкөлөрдөгү ошондой эле ачылыштарга окшош болгон. Химиянын тарыхында бир эле затты болжол менен ошол же мезгил аралыгында ар кайсы окумуштуулар ачкан фактылар аз эмес. Мындай учурда ачылышка менчик укугу кимге таандык болот?

XVIII кылымдын аягы – XIX кылымдын башында француз физиктери Жозеф-Луи Гей-Люссак менен Жак Александр Сезар Шарль бир эле учурда бири-биринен көз карандысыз газдардын касиеттерин изилдешкен.

В конце 18 начале 19 века одновременно независимо друг от друга изучали свойства газов французские физики Гей-Люссак и Жак Александр Сезар Шарль.



*12-сүрөт. Жозеф-Луи Гей-Люссак*


Бирок Жак Александ Сезар Шарль алган маалыматтары өз убагында жарыялаган эмес. Гей-Люссак болсо мыйзамык так туюнткан, ал биздин өлкөдө дагы Гей-Люссактын мыйзамы деп аталат. Англия менен АКШда бул мыйзамды Шарль мыйзамы деген аталышта таанышары парадокс. Тарых бул ачылыштарды жасаган окумуштуулардын ортосунда интеллектуалдык менчикти так ушинтип бөлгөн.

Бир жолу тажрыйбаларын жүргүзүү үчүн Гей-Люсакка айнек түтүкчөлөр керек болуп калат. Азыр бул көйгөй эмес – кайсы болбосун лабораториялык компанияда алардын бир даанасынын баасы 10 сом турат, ал эми ошол алыскы жылдары атайын багыттагы химиялык айнек идиштерди бир гана Германияда жасашкан. Болгондо да немис айнекчилеринин өнүмдөрү абдан кымбат болгон.

Окумуштуу акыркы акчасына түтүкчөлөрдүн бир партиясын салып жиберүүгө тапшырык берет, бирок дүйнөлүк илимий эволюцияга француз бажычылары кийлигишип, бул жеткирип берүүгө өтө бажы алымдарын олчойто салышат. Натыйжасында Гей-Люссак аны төлөй албай, түтүкчөлөрүн ала албай калат. Ошентип, товар бажыда камакка алынат, бажы алымдарын төлөө үчүн акча жок, бирок ишти улантыш керек. Илим чакырып атат, кезектеги улуу ачылыштан кийин резина калошун кийип алып, бийлегиси келет. Сиз мындай кырдаалдан кантип чыкмаксыз?

Жозеф Гей-Люссак досу Александр Гумбольдт экөө сонун жолун табат. Химик достор германиялык жөнөтүүчүлөргө түтүкчөлөрдүн баштарын бүтүн кылып чаптап, аларга “Абайлагыла! Немис абасы!” деген этикеткаларды чаптап коюуну суранышат.

Бажыда окумуштуу аткаминерлерге бул Альпынын эң таза абасы экендигин, ал анын эксперименттерине жана тажрыйбаларына керектелерин айтат. Бул амалдын мааниси - абага бажы салыктары менен жыйымдары салынбагандыгында болчу!




*13-сүрөт. Жозеф-Луи Гей-Люссак жана “немис абасы”*

Мындай тарифтер эч качан болгон эмес, жок жана эч качан болбойт. Ал эми айнек түтүкчөлөр – ташуу үчүн жөн гана идиш. Бажычылар баштарын тырмап, айла жок жөнөтүлгөндөрдү берүүгө аргасыз болушкан. Акысыз.

Окумуштууларды илимий изилдөөлөрдү каржылоо маселеси дайыма түйшөлтүп келген жана түйшөлтө берет. Ошондуктан, 1901-жылы химия, физика, адабият, медицина жана физиологиядагы жетишкендиктер үчүн Нобель сыйлыгы бериле баштаганда, окумуштуулар дүйнөсү жеңилденүү менен “терең дем ала баштаган”. Бул сыйлык жаңычыл идеяларга жана теорияларга жакшы колдоо болгон. Бул сыйлыкты А. Нобель өзүнүн урматына, өзүнүн акчасына негиздеп, илимдеги, искусстводогу, адам сүйүүдөгү эң жогорку жетишкендиктерди белгилеп турууну жана өзү – А. Нобель жөнүндо эстеп жүрүүнү сунуштаган. Бирок бул сыйлык Швециянын укугунун субъектиси болуп саналат, анткени темаларды, талапкерлерди тандоо, тандап алуу, талдоо жана талапкерлерди бекитүү ж.б. - негизинен Швеция мамлекетинин коомдук жана мамлекеттик түзүмдөрүнүн колундагы иш. Субъективдүүлүгү ушунда.

“Сыйлыктар эки өлкөнүн  - Швеция менен Норвегиянын борборлорунда берилет. Стокгольмдо Швециянын королу тарабынан физика, химия, физиология жана медицина, адабият жана экономика жаатындагы сыйлыктар тапшырылат, ал эми тынчтыкты коргоо жаатында – Осло шаарында Норвегия нобелдик комитетинин төрагасы тарабынан шаардык ратушада Норвегиянын королунун жана королдун үй-бүлө мүчөлөрүнүн катышуусу менен тапшырылат. Сыйлыктын жүз жылдан ашуун тарыхын караганда, сыйлыктарды негизинен батыш өлкөлөрүнүн: АКШ, Англия, Германия, Франциянын өкүлдөрү алышат”.

Химия боюнча сыйлыктар 1901-жылдан тартып 2014-жылга чейин тапшырылган. Бардыгы мүмкүн болгон 114 сыйлыктан, 106 сыйлык тапшырылган. 169 адам сыйлык алган. Ачылыштар физикага караганда эки эсе аз. Болгону 21. Мындан башкасында сыйлыктар жаратканы, түзүмүн изилдегени, химияга кошкон салымы, реакциялардын механизмин тактаганы, ойлоп табуусу, изилдөөнү иштеп чыгып, ыкмаларын өнүктүргөнү, теорияга кошкон салымы, айландырууга кошкон салымы, түзүмүн аныктаганы, сиңирген эмгеги ж.б.у.с. үчүн берилген.

Д. И. Менделеев өзүнүн Элементтердин мезгилдүү таблицасын ачкандан кийин канча кордукка чыдаганы белгилүү. Аны ачык эле кемсинтишкен. Ал учурда Россиянын академиясы орус эмес окумуштуулар тарабынан башкарылчу, алардын көбү эч кандай ачылыш жасаган эмес.

Тилекке каршы, кээ бирде ачылыштар, теориялар, идеялар коомдун өнүгүшүнөн кыйла алдыда болот. Бул илимий теорияларды коом кабыл алганга чейин көп убакыт керек болот.

Химия боюнча алгачкы Нобель сыйлыгынын лауреаты Якоб Хендрик Вант-Гофф бала кезинен химияга кызыгып, кыска өмүрүндө химиянын ар кайсы жааттарында изилдөөлөрдү жүргүзүп, эң жок дегенде үч Нобель сыйлыгын алчу иштелмелерди жараткан. Бирок Нобель комитетинин “Химия динамикасынын мыйзамдарын жана эритмелердеги осмотикалык басымдын ачылышынын өтө чоң маанисин таануу белгиси катары” деген туюнтмасы менен бирөөнү гана алган. Ал биринчи болуп молекулалардын көлөмдүүлүгү жөнүндө оюн айткандыгы кызык. Муну ал химия боюнча окуусун жана илимий карьерасын баштагандан эки жылдан кийин айткан. Вант-Гофф “Үч өлчөмдүү мейкиндикке колдонуудагы түзүмдүк химиялык формулаларды жайылтуу аракети. Органикалык бирикмелердин оптикалык активдүүлүгү менен химиялык түзүлүшүнүн ортосундагы катышы тууралуу эскертүүсү менен” деген аталыштагы макаласын жарыялаган. 11 беттик макаласында Вант-Гофф гениалдуу божомолун айткан: көмүртектин атому тетраэдрди элестетет. Атомдун өзү бул көлөмдүү фигуранын борборунда жайгашкан, ал эми ал түзгөн төрт байланыш анын чокусуна багытталган. Ошентип, эгер көмүртектин төрт башка алмаштыргычы болсо, анда мындай молекуланын күзгүдөн чагылышы башка молекула болот, чагылышуулар, оң кол менен сол колдун кол каптарындай болуп, мейкиндикте сыйышпай калат деген. Бирок төрт валенттүү

көмүртекти “кошо ачкан” Герман Кольбе бул ишти “факт жүзүндө эч кандай негизге ээ болбогон, олуттуу изилдөөчү үчүн такыр түшүнүксүз фантастикалык сандырак” деп атаган. Ал минтип жазган: “Утрехттеги Мал доктурлар мектебиндеги доктор Вант-Гофф так химиялык изилдөөнү такыр жактырбайт окшойт. Ал аны Пегаска мингендей эле карап, өзүнүн эмгегинде химиялык Парнастын чокусуна Пегаска минип, чечкиндүү учкандай, ал эми атомдор ага космос мейкиндигинде жайгашкан жылдыздардай келгендигин жарыялайт”.



*14-сүрөт. Якоб Хендрик Вант-Гофф*

Акырында булардын кимисиники туура чыккандыгын мектепте химиядан органикага чейин окуган кайсы адам болбосун айта алат. Ал эми Вант-Гоффко алты жыл күтүүгө туура келген: 1880-жылы анын теориясын өтө таасирлүү окумуштуулар – Иоганн Вислиценус менен Виктор Мейер таанышкан. Дал ушундан баштап азыркы стереохимия башталган. Ал эми бул багыттагы Нобель сыйлыгын 1978-жылы Владимир Прелог алган.

# 7. ЖИВОПИСТЕГИ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК. ТОВАРДЫК БЕЛГИЛЕР

Кеңири түшүнүгүндө “интеллектуалдык менчик” термини мыйзам менен бекитилип берилген убактылуу өзгөчө укук, ошондой эле авторлордун интеллектуалдык (чыгармачыл) ишмердүүлүгүнүн натыйжасына же жекелештирүү каражаттарына жеке мүлктүк эмес укуктарын билдирет.



*1-сүрөт. Сүрөтчү Римма Вьюгова. Живопись*

Азыркы тез өнүгүп жаткан дүйнөдө илим, IT-технологиялар, техника, адабият жана искусство жааттарындагы интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларына болгон укуктарды бекитип алуу көбүрөөк маанилүү.

Көркөм сүрөт искусствосу же образдарды тартуу искусствосу көркөм чыгармачылыктын бир түрү болгон пластикалык искусство бөлүмүнө кирет.



*2-сүрөт. Сүрөтчү Евграф Плотников. Графика*

Бул түшүнүк живопистин, графиканын жана скульптуранын ар кайсы түрлөрүн бириктирет. XIX кылымга чейин көркөм сүрөт искусствосунун негизги түрлөрү болуп архитектура (же зодчество – мөмөрчүлүк, курулуш искусствосу), живопись, скульптура, б. а. жонуу, оюп-чегүү саналган, кийинчерээк искусствонун дагы бир түрү – графика пайда болгон.

Көркөм сүрөт искусствосуна көрүүдөн эстетикалык баалуулугу жана образдуулугу билинген чыгармалар мүнөздүү.



*3-сүрөт. Кижи. Мөмөрчүлүк*



*4-сүрөт. Артемида. Скульптура*

Сүрөтчүлөр көрүүчүлөр кабылдоосун күчөтүү үчүн көркөм сүрөт өнөрүнүн ар кайсы түрлөрүндө пайдаланылчу көркөм каражаттарды – көлөм, пластика, түс, фактура, көлөкө менен жарыктын өз ара катышын чыгарманын образдуулугунун мүнөзү менен байланыштыруу аркылуу пайдаланышат.

Келгиле, живопись өңдүү көркөм сүрөт өнөрүнүн бир түрүн кеңири карап көрөлү.

Живопись — бул көркөм сүрөт искусствосунун бир нерсенин бетине боек менен түшүрүлгөн образдарды берүүгө байланышкан түрү.

Живопистин негизги беш түрү бар, алар: станоктук, монументалдык, жасалга, театрдык- жасалгалоо, миниатюралык. Сүрөттөр негизинен кендирден жасалган боз кездемеге (холстко) тартылат, ал алкакка керилип коюлат же картонго чапталган болот. Кагазга тартылган түстүү сүрөттөрдү, мисалы, акварель, гуашь, пастель менен тартылгандарды жалпысынан графикага киргизишет, бирок көп учурларда мындай чыгармаларды живопись катары да карап жүрүшөт. Түстүү сүрөт тартуунун бардык башка ыкмалары графикага кирет, анын ичинде компьютердик технологиялардын жардамы менен тартылган сүрөттөр да бар.



*5-сүрөт. И. К. Айвазовскийдин сүрөттөрү жана кол тамгалары*

Живопись көп учурларда архитектура жана скульптура өңдүү пластикалык искусствонун түрлөрү менен чогуу болот. Живопись иллюзиялуу болот, анткени ал түс менен чийиндердин үч өлчөмдүү мейкиндикте берилиши аркылуу реалдуулукка окшоштурат. Бирок живопистин түс менен берилген визуалдык өңүтү көркөм сүрөт искусствосунун башка түрлөрүнүн арасынан өзгөчө болуу укугун берет.

Сүрөттү карап отуруп, искусство таануучулар тигил же бул сүрөттүн кимдин кыл калемине таандык экенин кантип аныкташат деп ойлонобузбу? Мунун сыры эң жөнөкөй – сүрөттүн авторун так аныктоо үчүн сүрөттүн төмөнкү оң бурчун жакшылап кароо керек. Адатта сүрөтчүлөр дал ошол жерге өз белгисин – кол тамгасын коюшат.



*7-сүрөт. Сүрөтчү Эдвард Мунктун кол тамгасы*

Орто кылымдарда сүрөтчүлөрдүн баары эле мындай “майда-чүйдөгө” көңүлүн бурушкан эмес. Мындай жупунулуктун да өз себептери болгон: сүрөтчү конкреттүү тапшырыкчыга тартып бергенде же атак-даңктан качканда, анткени орто кылымдарда коомдун аң-сезиминде дин башкы ролду ойноп, Жараткан, б.а. Кудай жараткан бүтүндөй дүйнөгө салыштырмалуу кайсы болбосун сүрөтчүнүн эмгеги экинчи даражада деп кабылдагандыкта.

Бирок байыркы дүйнөдө скульпторлор менен сүрөтчүлөр кол тамгаларын

өз чыгармаларына ээн-эркин коюшкан, бир четинен ал өзүн жарнамалоого жардам берген.

XV кылымдын аяк жагында Кайра жаралуу доорунун чеберлери көркөм чыгармаларынын авторлугун эле эмес, жаратылган мезгилин кошо көрсөтүшкөн, ал эле эмес тигил же бул ишине түшүндүрмө дагы беришкен.

Алсак, норвегиялык живописчи Эдвард Мунк өзүнүн живопистик эмгектерине эле эмес, фотосүрөттөрүнө, каттарына дагы кол тамгасын койгон. Анын эң белгилүү кол тамгасы – аты-жөнүнүн кыскартылганы - Edv. Munch же жөнөкөй кол тамга - E. Munch. Айрым учурларда эң жөнөкөй EM монограммасын колдончу.

Ошондо “живопись”, “кол тамга” жана “товардык белги” деген түшүнүктөрдүн өз ара кандай байланышы бар? Бул байланышты түшүнүү үчүн товардык белги эмне экенин кененирээк карап чыгышыбыз керек.

Товардык белги болуп жеке ишкерлердин же юридикалык жактардын товарларын жекелештирүү үчүн кызмат кылган белги саналат. Бул сүрөтчүлөрдүн мисалында айкалышкан, сүрөттүү белги же конкреттүү жеке же юридикалык жакка таандык тигил же бул товардын сөз белгиси болушу мүмкүн.

“Товардык белги” түшүнүгү “Товар маркасы” же “соода маркасы” тушүнүктөр менен байланышкан, булар мааниси жагынан алганда синоним сөздөр. Бул терминдер “trademark” англис сөзүнөн келип чыккан, ал “trade” жана “mark” деген орусчага которгондо бир нече мааниге ээ болгон эки сөздөн турат. Чынында “соода маркасы” жана “товардык белги” түшүнүктөрүнүн ортосунда айырма деле жок. Бирок Кыргыз Республикасында “товардык белги” деген термин мыйзамдарда бекитилген.

Товардык белгиге өзгөчө укук күбөлүк менен тастыкталат, ал бул товардык белгинин жекелигин тастыктайт. Товардык белгинин ээси Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1109-статьясына ылайык товардык белгиге өзгөчө укукка ээ жана аны өз каалоосу боюнча пайдаланып, тескей алат.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1037-статьясына ылайык, товардык белги граждандык жүгүртүүнүн катышуучуларын, товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана тейлөө кызматтарын жекелештирүү каражаттарына кирет.

Товардык белгинин ээсинин уруксатысыз эч ким анын товардык белгисине окшош товар белгилөөлөрдү же окшош товарларды пайдалана албайт, эгер мындай пайдалануудан аларды алмаштырып алуу мүмкүн болсо, б. а. мааниси жагынан (семантикалык) окшоштугу, фонетикалык (үн) окшоштугу, ошондой эле графикалык окшоштугу бар болсо.

Товардык белгинин кандай болбосун мыйзамсыз пайдалануу биринчи кезекте жарандык-укуктук (Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1113-статьясы), жазык жоопкерчилигине (Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 218-беренеси) алып келиши мүмкүн.

Тамгалардын, сөздөрдүн же сандардын айкашы товардык белги болушу мүмкүн. Живописте товардык белги – бул  сүрөтчү өз чыгармасынын бурчуна койгон ошол эле кол тамга, ал кол коюудан эле эмес, символ, сүрөт же көлөмдүү элемент түрүндө да болушу мүмкүн.

Азыркы дүйнөдө көлөмдүү элемент түрүндөгү товардык белги болуп товардын таңгагы – анын формасы, өңү-түсүнүн ыраңдары же керек болсо жыты дагы болушу мүмкүн. Негизгиси, товардын тигил же бул айырмалоочу белгилерин пайдаланууга келгенде фантазия чексиз экендигин түшүнүү керек.

Товардык белгини пайдаланууга монополиялуу укук алуу үчүн аны каттатуу керек. Келгиле өз товардык белгисин (соода маркасын) каттоо үчүн негизги үч себепти карап көрөлү:

1) Катталган товардык белгинин ээсинин башка үчүнчү жактардын баарына аны пайдаланууга тыюу салуу укугу бар, б.а. компания чыгарган товар жана ал компаниянын кадыр-баркы корголот.

2) Өзүнүн жеке брендин пайдаланууга артыкчылык алууга болот. Мисалы, жарнамада айрым логотиптер менен ураан сөздөр жакшыраак эсте калат, ошондуктан аларга укукту атаандаштардан мурдараак бекиттирип алуу керек.

3) Товардык белгини каттатуу ак ниет эмес атаандаштыктан коргойт.

Мисалы, эгер белгилүү бренд катталбаган болуп калса, атаандаштар демилгени колго алып, аны пайдаланууга өзгөчө укукту энчилеп алып, үчүнчү жактарга аны пайдаланууга тыюу салып коюшу да мүмкүн.

Кызмат көрсөтүүлөр менен товарларды жекелештирүү үчүн алардын белгилери айырмалоого жөндөмдүү болушу керек, эгер белгилөөнүн корголбогон элементтери бар болсо же алар басымдуулук кылган учурда гана айырмалоого мүмкүн эмес болот. Товардык белгинин корголбогон элементтерине төмөнкүлөр кирет:

- товарлардын жана тейлөө кызматтарынын жалпы кабыл алынган аталыштары болгон сөздөр, мисалы, консалтинг, сүт, архитектуралык бюро;

- тигил же бул товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мүнөздөгөн создөр, мисалы, квалификациялуу жардам, тез поезд, көп жылдык тажрыйба;

- товардык белги пайдаланылган ишмердүүлүк чөйрөсүндө жалпы кабыл алынган деп таанылган терминдер жана символдор, мисалы, химиялык өнөр жай жаатында катализ;

- формасы анын касиети же арналышы менен шартталган көлөмдүү белгилөөлөр, мисалы, бурама мык түрүндөгү товардык белги катталышы мүмкүн эмес.

Керектөөчүнү товардын өзү же аны чыгаруучу тууралуу жаңылтуу - товардык белгинин каттоодон баш тартуунун кеңири таралган негиздеринин бири. Бул өтө субъективдүү чен белги болгондуктан, жаңылтуунун бар-жогу тууралуу экспертизанын жыйынтыктарын татаалдаштырат.

Товардык белги керектөөчүлөрдү жаңылтышы мүмкүн болгон мисалдарды Кыргызпатенттин изилдөөлөрү боюнча карап көрөлү:

- өтүнүүчү жайгашкан жерге тиешеси жок географиялык аталышты пайдалануу. Мисалы, “Француз оймо-чиймелери” товардык белгиси Липецк шаарында жайгашкан уюм тарабынан катталышы мүмкүн эмес;

- товардык белгиде ошол мезгилден баштап ушул товар чыгарылып келе жатат деген дата көрсөтүлгөн, бирок өтүнүүчү юридикалык жак катары каттоодон кыйла кийин өткөн. Башкача айтканда, товар 1974-жылдан баштап чыгарылып, ал эми юридикалык жак 2015-жылы гана катталып жатса, эксперт мындай товардык белгини каттоодон баш тартат;

- товардык белгиде Кыргыз Республикасынын аймагында катталбаган, бирок мамлекеттик аймагында жана андан тышкары таанымал белгилөөнү пайдаланууга жол берилбейт. Кыргызпатенттин адиси маалыматтарды текшерүүдө товардык белгилердин маалымат базаларын, анын ичинде эл аралык эле эмес, интернет булактарынан алынган маалыматтарды да пайдаланат.

Товардык белгилер түрдүү формада болушу мүмкүн.

1-таблица. Товардык белгилердин түрлөрүнүн жана формаларынын мисалдары

| **Товардык белгинин түрү жана сыпаттамасы** | **Товардык белгинин мисалы** |
|---|---|
| Сөз түрүндөгү товардык белги, б.а. кара түстөгү стандарттуу шрифт менен жазылган сөз | Microsoft |
| Айкалышкан товардык белги – белгилөөлөрдүн ар кайсы түрлөрүнүн айкалышы | Shell |
| Сүрөт түрүндөгү товардык белги – жазуусу жок логотип | |

Автордук укукка окшош эле, товардык белгилерге укуктардын дагы өзүнүн “жарактуулук мөөнөтү” бар. Кыргыз Республикасынын аймагында товардык белгинин каттоосу ал каттоого берилген учурдан тартып 10 жыл бою күчүндө болот. Товардык белгини каттоонун күчүнүн мөөнөтү анын ээсинин арызы боюнча ар бир жолу алым төлөө менен 10 жылга узартылышы мүмкүн. 1891-жылдагы Мадрид макулдашуусуна ылайык катталган эл аралык товардык белгилер бул эрежеге карабайт, анткени Макулдашуу боюнча эл аралык каттоонун күчүнүн мөөнөтү – 20 жыл. Бирок, товардык белгини каттоонун күчүнүн мөөнөтүн чектелбеген жолу узартууга уруксат берилген.


## 8. ЧЕТ ТИЛ ЖАНА ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК

Кайсы чет тилди болбосун окуп, үйрөнүү – чет тилди кесиптик ишмердүүлүктө колдонуу, анын ичинде ойлоп табуучулук өндүү ишмердүүлүктө пайдалануу – татаал жана көп кырдуу процесс. Чет тилди өздөштүрүүдө жана аларды мектепте окутууда пайдаланууда педагогдор менен катар эле окуучулар дагы, өздөрү билбестен, интеллектуалдык ишмердүүлүктүн көптөгөн натыйжаларына дуушар болушат. Аларды белгилүү жол менен – башка жактардын укугун бузбастан, белгилүү эрежелерди сактоо менен пайдалануу керек.

Интеллектуалдык менчиктин чет тилдерди үйрөнүүдө жана пайдалануу учурунда көп кездешкен натыйжаларын жана аларга байланышкан маселелерди карап көрөлү.

### *Чет тилдеги чыгарма*

Чыгарма деп жалпысынан алганда адамдын илим, адабият же искусство жаатындагы ишмердүүлүгүнүн чыгармачыл натыйжасын түшүнүү керек. Чыгарма – бул кандайдыр бир объективдүү формада сыртка чыгарылган идеялардын, ойлордун, сүрөттөрдүн, образдардын жыйындысы (1-сүрөт).




*1-сүрөт. Чыгарманы түзгөн элементтер*

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында “чыгарма” түшүнүгүнүн аныктамасы жок, ошондуктан аны түшүнүү үчүн юридикалык адабиятта камтылган туюнтмаларды кароо керек.

“Чыгарма” түшүнүгү биздин планетанын бардык негизги тилдеринде бар, бул бардык жерде чыгармачыл өнүгүү бар экендигинен, анын ичинде ойлоп табуучулук ишмердүүлүктүн өсүп жаткандыгынан кабар берет, чынында ар бир тилде ал ар башкача айтылат, алардын бир нече мисалдары төмөнкүлөр:

- англисче – «work»,
- немисче – «werk»,
- испанча – «derecho»,
- французча – «oeuvre».

Чыгарма мыйзам чыгаруу деңгээлинде (автордук-укуктук сактоо) корголушу үчүн **төмөнкү чен белгилер мааниге ээ эмес:**

**ЧЕН БЕЛГИЛЕР**




✓ Чыгарманын наркы менен арналышы, б.а. чыгарманын оң мүнөздө болгону маанилүү эмес (мисалы, актуалдуулугу, чындыгы, жаңылыгы, колдонулган образдардын көркөмдүүлүгү ж.б.).

✓ Чыгарманын билдирилген ыкмасы жана формасы, б.а. атап айтканда кандай жол менен чыгарма көрсөтүлгөнү маанилүү эмес: жазуу же оозеки түрүндө – чыгарма жазылбаган, кагаздын барагына же компьютерде сакталган файл түрүндө терилбеген, бирок, мисалы, окулган, оозеки үн чыгарып окулган. Мындан тышкары, аягына чыгарылбаган, бүтпөгөн чыгармалар ошоной эле интеллектуалдык ишмердүүлүктүн корголгон натыйжалары болот (мисалы, А. С. Пушкиндин “Дубровский” романы автордун өзү тарабынан бүтүрүлгөн эмес, бирок мындан ал чыгарма статусунан айрылып калган жок).

✓ Элге жарыялоо, мында чыгарманы башка жактарга жеткиликтүү кылган иш-аракет түшүндүрүлөт. Адатта иш жүзүндө мындай иш-аракеттин астында жарыялоо, а.и. Интернет тарамында же чыгарманы эл алдында оозеки баяндоо түшүндүрүлөт. Элге жарыяланбаган чыгармалар (мисалы, сакталып коюлган, машинага басылган сценарий же аңгеме; автору (укук ээси) техникалык чечимге коргоо документин – патентти алганга чейин жарыялоосун күтүп жаткан илимий макала дагы интеллектуалдык ишмердүүлүктүн корголгон натыйжалары болуп саналат.

✓ Башка формалдуулуктарды сактоо, мисалы, мамлекеттик органдарда кандай болбосун каттоо, нотариуска күбөлөндүрүү, депонирлөө (уюшулган сактоо процесси), кандайдыр бир жыйымдарды төлөө ж.б. – чыгармага мыйзам боюнча коргоо жана сактоо берилиши үчүн ушул айтылгандардын эч бири талап кылынбайт.

Чет тилдеги чыгарма башынан эле анын автору тарабынан чет тилде

жасалат жана баяндалат, мында автор өз эне тилин, ошондой эле өзү билген чет тилди пайдалана алат. Жалпысынан алганда, чет тилдеги чыгарма укуктук маккамы боюнча кыргыз тилиндеги чыгармадан эч нерсеси менен айырмаланбайт.

Чет тилдеги чыгармалар жөнүндө кеп кылганда, көп учурларда окутуучулар менен окуучулар бир нерсени окуп, үйрөнүп жаткан кезде (мисалы, чет тилдин өзүн үйрөнүү же физикадагы кубулуштарды окуу, бул үчүн чет тилдеги илимий адабияттар менен таанышуу керек болот) же бир нерсени үйрөтүп жаткан кезде (мисалы, лектор чет тилде өткөн кошумча курстарда же сабактарда жаңы билимдерди алуу) кездешкен интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжалары жөнүндө, атап айтканда, илимий жана адабий чыгармалар жөнүндө сөз болот.

Чет тилдеги чыгармалардын мисалдары төмөнкүлөр боло алат:

- эл аралык журналдагы же гезиттеги илимий же башка макала;
- аңгеме, окуу китебиндеги текст;
- бүтүн китеп,
- лекциялардын конспекти же бир лекция;
- бетачар;
- реферат;
- баяндама;
- диссертация;
- монография;
- изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын сыпаттамасы;
- чет тилде баяндалган кандай болбосун башка чыгарма.

Чет тилдеги кайсы бир чыгарманы пайдаланууга туура келген учурда алгач **андай пайдалануунун максатын аныктап алуу керек**, анткени пайдалануунун бардык эле ыкмалары акысыз эмес жана автордун же башка укук ээсинин макулдугун талап кылышы мүмкүн.

Көп учурларда чыгарманы пайдаланууга акы төлөнөт жана келишим түзүлөт, ал келишимде чыгарманын автору же башка укук ээси аны пайдаланууга макулдугун билдирет, бирок интеллектуалдык менчик жаатындагы эл аралык жана кыргыз мыйзамдарына ылайык, чыгармаларды укук ченемдүү эркин пайдаланса дагы болот, мындай учурда автордун же башка укук ээсинин макулдугу, ага сыйакы төлөп берүү талап кылынбайт.

Мында чыгарманы маалыматтык, илимий, окуу жана маданий максаттарда эркин пайдаланса болот, ошол эле учурда автордун аты жана чыгарманы алган булак дайыма көрсөтүлүшү керек. Башкача айтканда, чыгарманы жогоруда аталган максаттарга пайдаланганда дайыма чыгарманын автору ким экендигин, кайдан алгандыгын (мисалы, Интернет тарамындагы шилтемесин, булактын – китептин, журналдын библиографиялык маалыматтарын) көрсөтүү керек.

Каралып жаткан теманын алкагында жогоруда айтылган пайдалануунун эң кызыктуу түрлөрү болуп төмөнкүлөр саналат: цитаталоо – бул жөнүндө

төмөнүрөөк өзүнчө бөлүмдө кеп кылабыз, чыгармаларды жана алардын үзүндүлөрүн иллюстрация (мисалы, окуу куралында кандайдыр бир маалыматты көрсөтмө курал менен коштоо үчүн) катары пайдалануу, билим берүү, медициналык, социалдык мекемелерде жандуу аткаруу аркылуу чыгармаларды эл алдында аткаруу (мисалы, көркөм чыгарманы мектепте коюу же мектептеги таланттар сынагында ыр окуу же мектеп ойлоп табууларынын көргөзмөсүндө (сынагында) мурда илимий макала түрүндө жазылган кандайдыр бир түзүлүштүн иштөөсүн кеңири түшүндүрүү).

Интеллектуалдык менчик менен чет тилдердин өз ара байланышы тууралуу маселени чет тилдеги чыгарма деген эмне деген жалпы түшүнүктөн же авторлордун / башка укук ээлеринин укуктарын сактоо жагынан алганда эле эмес, башка жагынан да карап көрсө болот – **мугалим дагы, окуучу дагы интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларынын автору болушу мүмкүн жана ал укуктарын тескей алат.**

Мисалы, мектептин чет тил мугалими окуучулары интеллектуалдык менчик деген эмне экенин түшүнүп, атайын лексиканы өздөштүрүүсү үчүн аны кеңири түшүндүрүп берүүнү максат кылды дейли. Буга байланыштуу мугалим башталгыч лекциялардын курсун жазып, тапшырмаларды ойлоп тапты, ошентип **мугалим** лекциялар курсунун, окуу куралынын **автору болуп калды,** ошондуктан автор жана укук ээси катары аларга укугун өзү каалагандай тескей алат.

Ошондой эле **окуучу дагы чет тилдеги чыгарманын автору жана укук ээси боло алат**. Мисалы, окуучуларга жайкы үй тапшырмасы катары чет тилде аңгеме жазып, ага иллюстрацияларды тартып келүү же комикстерди жасап келүү берилди дейли. Окуучу мындай чыгарманын жана иллюстрацияларынын автору болот.

Көп учурда бир нерсенин автору болуш үчүн, жаңы, кызыктуу бир нерсе ойлоп табуу үчүн көп маалыматты, анын ичинде чет тилдеги маалыматты окуп, талдап чыгуу керек.

Мисалы, кийинчерээк Кыргыз Республикасынын аймагында ойлоп табууга патент алуу пландаштырылган бир техникалык чечимди ойлоп табуу үчүн чет тилдеги маалыматтардын ар кандай булактарын карап чыгуу керек (башка жактарга берилген патенттердин материалдарын, жарыялоолорду, окуу китептерин ж.б.), анткени мурда дал ушундай техникалык чечим дүйнө жүзүндө эч качан болбогондугуна ынануу керек (техниканын дүйнөлүк деңгээли)).

Эгер адам чет тилдерди билбесе, ага мурда жасалган котормолор (мисалы, башында инглис тилинде жазылып, кийинчерээк укук ченемдүү орус тилине которулган), автоматтык түрдө которгон электрондук-эсептөө машиналары (ЭЭМ) үчүн программалар (мисалы, Google котормочу же Промт ж.б.) жардамга келет. Баса, окуучуларга кийинки өнүгүү багыты катары дал ушул багытты сунуштаса болот, анткени маалыматтык технологиялар (IT-технологиялар) азыркы учурда абдан популярдуу болуп жатат жана ойлоп

табуучулук ишмердүүлүктүн келечеги дал ошол багытта. Окуучулар мектептен эле программалоо жана жасалма интеллект жаатындагы маселелерди чечүү боюнча көндүмдөрүн өрчүтүп баштаса болот.

Бир тилден экинчисине которууга байланышкан маселелер төмөндө кеңенирээк каралат.


## *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Чыгарма деген эмне? Өз сөзүңөр менен түшүндүргүлө.
2. Чет тилдеги чыгармалардын мисалын келтиргиле. Алардын кайсылары силерге көп кездешет жана кандай шарттарда?
3. Чыгарма мыйзам чыгаруу деңгээлинде корголушу үчүн эмне керек?
4. Башкалардын укуктарын бузбоо үчүн чыгарманы кандай пайдалануу керек?
5. Чет тилде кандай чыгарма жараткыңар келет? Эмне үчүн? Аны кандай пайдаланат элеңер?

## *Чет тилдеги чыгармаларды цитаталоо*

**Цитаталоо** – бул чыгарманы маалыматтык, илимий, окуу же маданий максаттарда эркин пайдалануунун мыйзамда каралган ыкмаларынын бири. “Цитаталоо” термини “цитата” сөзүнөн келип чыгат.

**Цитата** – бул автордук текстен (илимий, көркөм, публицисттик же башка мүнөздөгү) сөзмө-сөз көчүрмөлөө. Цитата биз сөз айкашынан же бүтүндөй абзацтан турушу мүмкүн, мында текстти толук көлөмдө цитаталоо сунушталбайт, анткени жогоруда айтылган максаттар сакталбагандыктан, бул укуктан тышкары пайдалануу катары бааланышы мүмкүн .



Ошентип, цитаталоо кандайдыр бир тексттен цитата келтирүү дегенди түшүндүргөн иш-аракетти билдирет.

Автордун же башка укук ээсинин макулдугусуз жана сыйакы төлөбөстөн, бирок сөзсүз чыгармасын пайдаланып жаткан автордун атын жана чыгарманы алган булагын атоо менен чыгарманы түп нускасынан же котормосунан

цитаталоо илимий, полемикалык, сын айтуу, маалыматтык, окуу максаттарында же цитаталоонун максатын актаган көлөмдө чыгарманын авторунун чыгармачыл көздөмүн ачуу максатында жол берилет. Ошол эле учурда цитатаны техникалык тариздөө (тыныш белгилери, шрифти ж.б.) мыйзам деңгээлинде регламенттелген эмес. Цитаталоонун максатын актаган көлөмдү цитаталаган адам жүйөсүнө жараша өзү аныктайт, анткени цитаталоонун көлөмү мыйзамда көрсөтүлгөн эмес, бирок чыгарманы толук бойдон эмес, анын бир бөлүгүн гана пайдалануу көптөн-көп сунушталат, анткени аны толук бойдон пайдалануу автор же башка укук ээси тарабынан укуктан тышкары пайдалануу деп бааланышы мүмкүн.

**Цитаталоо эмне үчүн керек?** Жообу жетишерлик жөнөкөй: бул өтө пайдалуу жана майнаптуу аспап, көп учурларда пайдаланууга милдеттүү да аспап. Цитаталоо ар түрдүү көз караштарды карама-каршы коюп, сүрөттөп көрсөтүп берүүгө, бир нерсенин так даана туюндурмасын келтирүүгө, кадыр-барктуу автордун, кесипкөй адамдын сөзүн келтирүү менен өз оюн тастыктоого мүмкүнчүлүк берет. Цитаталоонун аркасында кандай болбосун (жазуу же оозеки) сөз ишенимдүү, далилдүү, аргументтелген жана ишенерлик боло түшөт.

Ошентип, илимий макала, баяндама, реферат же дил баян жазууда орус тилиндеги болобу, башка чет тилдердеги болобу башка чыгармалардан, маалымат булактарынан цитаталар берилиши мүмкүн (мисалы, бир конкреттүү көйгөй, тема боюнча чет элдик абройлуу профессордун пикирин чагылдырган цитата же кыргыз окумуштуулары жаңы түзүлүштү сыноодон өткөргөндөн кийин жазган отчетунан алынган ошол түзүлүштүн иштөө механизмин сыпаттаган бөлүгү). Милдеттүү цитаталоонун мисалы болуп ойлоп табууга же пайдалуу моделге патент берүүгө өтүнмөнүн материалдарында ошого окшош техникалык чечимдердин маанисин камтыган цитаталарды берүү саналат, аларды көрсөтпөсө регламент менен аныкталган талаптар сакталбаган болуп эсептелет.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1) Цитата жана цитаталоо деген эмне?

2) Цитаталоо эмне үчүн керек?

3) Чыгарманы цитаталоо аркылуу аны эркин пайдалануунун кандай милдеттүү шарттары жана өзгөчөлүктөрү бар?

4) Цитаталоонун мисалдарын келтиргиле.

## *Чет тилдеги ауидовизуалдык чыгармалар жана аудиожаздыруулар*

Чет тилдеги түрдүү маалымат булактары менен таанышуу аркылуу чет тилдерди үйрөнүү же жаңы билимдерди алуу процесси интеллектуалдык

ишмердиктин натыйжасы болгон видеочыгырыктарды, фильмдерди көрүү (мисалы, даректүү фильм же болбосо Youtube каналындагы химия боюнча экспериментти жаздырууну) же аудиожаздырууларды угуу (мисалы, чет тил боюнча окуу китептериндеги угуу боюнча көнүгүүлөр, жаздырылган лекцияларды) менен коштолот.




Видеочыгырыктар, фильмдер аудиовизуалдык чыгармалар болуп саналат. Аудиовизуалдык чыгарма – бул чыгармалардын өзүнчө, өзгөчө түрү, ал татаал объект болуп саналат, анткени бул татаал объект автордук укуктун жана ага чектеш укуктардын өз алдынча бир нече объектисин камтыйт (мисалы, сценарий, режиссердук коюу, музыкалык чыгарма, диалогдор, фонограммалар ж.б.). Ошол эле учурда аудиовизуалдык чыгарма дал ошол автордук укуктун объектиси болуп саналат.

**Аудиовизуалдык чыгармалардын авторлору болуп төмөнкүлөр саналат:** (1) коюучу режиссер (режиссерлук – чектеш укуктар объектиси), (2) сценарийдин автору (автордук укуктук объектиси), (3) ошол аудиовизулдык чыгарма үчүн атайын жазылган музыкалык чыгарманын автору болгон композитор (музыкалык чыгарма – автордук укук объектиси).

Жаңы товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана жаңы технологиялардын бетачарлары бара-бара аудиовизуалдык чыгармаларды көрсөтүүнүн жардамы менен көбүрөөк өткөрүлүп жатканына көңүл буруу керек, атап айтканда компаниялар инвесторлордун жана мүмкүнчүлүктүү керектөөчүлөрдүн көңүлүн буруу үчүн өзүнүн өндүрүштүк кубатын, жетишкендиктерин, өнүмдү даярдоо процессин видеочыгырыктарда активдүү көрсөтүшүүдө.

Бирок бир гана ири компаниялар бул аспапты пайдаланып, өз мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтө албайт, ошондой эле ойлоп табуучулук, рационализатордук ишмердүүлүк, жалпысынан чыгармачылык менен алектенген мектеп окуучулары дагы өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жана (же) иштелмелерин жакшыраак көрсөтүү үчүн өз видеочыгырыгын жаздырып, аны Интернетке жайгаштырып же көргөзмөдө, сынакта көрсөтө алат.

**Аудиожаздыруулар** (фонограммалар, б.а. жаздырылган үндөр же үндөрдүн ырааты) автордук укукка чектеш укуктардын объектиси болуп саналат.

Аудиожаздыруулар көп учурда кандай болбосун окутуу процессин коштогон материал болот, өзгөчө чет тилдерди үйрөнүү жаатында, анткени аларсыз бул процесс толук кандуу болбой калат. Мектеп билим берүүсүнүн алкагындагы аудиожаздыруулардын пайдалуу таасири окуучулар чыгармачыл материалды бир эле жолу эмес, көп жолу угуп, анын аркасында материалды жакшыраак өздөштүрө алгандыгында, ал эми чет тилдер жагында болсо – чет тилди укканда түшүнүү жана чет тилдеги сөздөрдү туура айтууга үйрөнүү саналат.

Видеочыгырыктарды жана аудиожаздырууларды пайдаланууда деле интеллектуалдык ишмердүүлүктүн башка натыйжаларын пайдалангандай эле авторлордун же башка укук ээлеринин укуктарын сактоо керек. Бирок, мурда айтылгандай эле, окутууга же илимий максаттарга аларды эркин колдонууга болот.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1) Аудиовзуалдык чыгарма деген эмне?

2) Аудиовизуалдык чыгарманы кандай пайдаланса болот?

3) Эгер силер жаңы түзүлүштү ойлоп тапсаңар, аны мектеп ойлоп табууларынын сынагында кантип көрсөтөт элеңер?

## *Чыгармаларды которуу*

Ар бир адам эле чет тилди биле бербейт, айрымдары өз эне тилин, улуттук тилин гана билет жана чет тилдеги китептердин, журналдардагы, гезиттердеги макалалардын, фильмдердин түп нускасын окуп, көрө албайт (мисалы, “Кичинекей канзада” (“Маленький принц”) повесть-жомогун (адабий чыгарма) француз тилинде окуй албайт же “Шакектердин ээси” (“Властелин колец”) трилогия-фильмин англис тилинде көрө албайт же медицина боюнча немис тилинде жарыяланган илимий макала менен тааныша албайт), ошондуктан мындай адамдарды бош убактысын кызыктуу өткөрүү же жаңы билимдерди алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратпоо үчүн чыгармалар түп нускасынын тилинен айырмаланган башка тилдерге которулат.




Албетте, которуу бир гана жогоруда аталган максаттар үчүн жүргүзүлбөйт, коммерциялаштыруу үчүн дагы  ишке ашырылышы мүмкүн – мисалы, кино чыгаруучуларга фильм кайсы тилде тартылса, аны ошол тилде сүйлөгөн, түшүнгөн  өлкөлөрдүн кинотеатрларында гана көрсөтүү пайда алып

келбейт, ошондуктан фильмди башка тилдерге которуп, башка тилдерде үнүн кайра жаздырып, дүйнө жүзү боюнча киреге көрсөтүүгө алып чыгышат, анын аркасында фильмди киреге көрсөтүүдөн кассалык чогултуулар көбөйөт.

Которуу деп эки түшүнүктү түшүнөбүз: биринчиси – бир тилден экинчи тилде которуу процессинин өзүн, экинчиси – ошол иш-аракеттин натыйжасын.

Которуу – бул бир тилде берилген оозеки же жазуу түрүндөгү текстти башка тилдеги ошондой эле оозеки же жазуу түрүндөгү текске кайра өзгөртүп түзүү, алмаштыруу процесси.

Өзгөчө укугу башка адамга таандык чыгарманы которуу үчүн эл аралык, ошондой эле улуттук мыйзамдарда бекитилген **белгилүү эрежелерди сактоо керек**.

Котормо чет тилдеги баштапкы (түп нускадагы) чыгармадан **туунду чыгарма** болуп саналат жана ошондой баштапкы (түп нускадагы) чыгарманы кайра иштеп чыгуудан алынат. Котормочуга ал аткарган котормосуна автордук укуктар таандык болот, ошол эле учурда котормочу өзүнүн автордук укуктарын туунду чыгарманы (котормону) жаратуу үчүн пайдаланылган чыгармалардын авторлорунун укуктарын сактаган шартта гана ишке ашырат. Бул кандайдыр бир чыгарманы которгонго чейин ал баштапкы (түп нускадагы) чыгарманын авторунан (укук ээсинен) которууга (иш-аракетке) макулдугун же уруксатын алышы керек.

Мындай макулдукту жазуу түрүндө алган жакшы жана маанилүү, бул укуктарды бөлүштүрүү жөнүндө шарты бар келишим түзүү жолу менен же баштапкы (түп нускадагы) чыгарманын авторунан (укук ээсинен) анын чыгармасын которууга уруксат берген кат (letter of consent, authorization letter) алуу аркылуу жүргүзүлүшү керек.

Котормону аткарууда баштапкы (түп нускадагы) чыгарманын маанисин жана анын авторунун оюн озгөртүүгө болбой тургандыгын эске тутуу керек. Эгер баштапкы (түп нускадагы) чыгарманы бирөө буга чейин которгон болсо, аны кайра башка адам (котормочу) которо албайт дегенди билдирбейт, бул жагынан алганда которуулардын саны эч нерсе менен чектелген эмес, бир гана баштапкы (түп нускадагы) чыгарманын авторунун (укук ээсинин) макулдугу, уруксаты менен чектелиши мүмкүн.

Адабий жана көркөм чыгармаларды эле эмес, ошондой эле техникалык документтерди, иштин же ар кандай түзулүштөрдүн механизминин сыпаттамаларын, илимий макалаларды, изилдөөлөр тууралуу отчетторду жана башка илимий жарыялоолорду башка тилдерге которууга жана пайдаланууга болот. Мында чыгарма же анын котормосу интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжасы болушу үчүн анын чыгармачыл курамы болушу керектигин түшүнүү керек, алсак, товарлардын аталышы менен сандардын маанилерин гана камтыган финансылык таблицанын котормосу, ошол баштапкы таблицанын өзү дагы интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжасы болуп саналбайт.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1) Котормо деген эмне? Сөздөр менен баяндап бергиле.

2) Котормону кандайча туура жана укук ченемдүү аткарса болот? Ал үчүн андай иш-аракеттерди жүргүзүү керек?

3) Сиз кайсы чыгарманы которот элеңиз? Эмне үчүн?

4) Котормочулук ишмердүүлүктөгү технологияларды өнүктүрүү үчүн кандай сунуштарды киргизет элеңиз? Бул темага эссе жазыңыз.

## *Бул бөлүмдү окутууга сунуштамалар*

Бул бөлүмдү окуп баштаардан мурда бул сабактын буга чейин каралган жалпы бөлүмдөрү боюнча окуучулардын билимдерин сергитип, текшерип алган оң, анткени бул бөлүм көбүнесе интеллектуалдык менчик институтун жалпысынан түшүнүүгө, автордук укук, автордук укукка чектеш укуктар, чыгарма, аудиовизуалдык чыгарма, кайра иштеп чыгуу, интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын пайдалануу жана бул бөлүмдө каралып жаткан кууш темага байланышкан түшүнүктөрдү билүүгө негизделет.

Окуучулардын түшүнүүсүнө, өздөштүрүүсүнө оңой жашоо-турмуштук, жөнөкөй мисалдарды келтирүү, ошондой эле ар бир бөлүмчөнүн аягында берилген суроолорго кеңири, аргументтелген жоопторду алуу аркылуу баяндалган материалды түшүнгөнүн байкап туруу өтө маанилүү.

Ошондой эле ойдо чыгарылган, бирок жашоодо орун алышы толук мүмкүн болгон маселелерди караган, интеллектуалдык менчик жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү тажрыйбадан алынган конкреттүү мисалдарды байланыштырган кырдаалдарды көрсөткөн мастер-класстарды, оюндары өткөрүү аркылуу окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн дагы өнүктүрүү керек. Мындай окутуучу оюн процесстери балдардын милдеттерин эле эмес, жоопкерчилигин дагы бөлүштүрүү менен алардын командада иштей билүү көндүмдөрүн өнүктүрөт.

Окуучулардын берилген темаларга иштерди жана эсселерди жазуусу алардын чыгармачыл жана рационализатордук ой жүгүртүүсүнө түрткү берүүгө жана өнүктүрүүгө багытталышы керек.

Ойлоп табуучулук ишмердүүлүк жөнүндө кеп кылсак, материалды өздөштүрүүнүн жана окутуунун бул этабында окуучулар ойлоп тапкан техникалык чечим канчалык деңгээлде колдонууга жарактуу, аткарыла ала тургандыгы жана чындыкка коошкондугу маанилүү эмес, анткени мектеп окуучулары азырынча техникалык адистер (инженерлер) эмес, биринчи кезекте окуучулар өз деңгээлинде (жаш курагын эске алуу менен) конструктивдүү ойлонууну, чечимдерди сунуштоону жана издөөнү үйрөнүшү керек, анын ичинде стандарттан тышкары ойлонуп, өз тандоосу менен сунуштарын негиздеп, аргументтөөгө үйрөнүшү керек. Окуу материалын жалпыдан алып, жекеге карай өнүктүрүү аркылуу жатык тил менен, жеткиликтүү кылып түшүндүрүү керек.

# 9. МАРКЕТИНГ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК

Адамзат интеллекттүү!

Жандуу жаратылыш дүйнөсүнөн анын негизги айырмасы дал ушунда. Адамдар дайыма ойлонуп, чечип, болжолдоп, көп учурларда мурда болбогон нерсени - интеллектуалдык менчикти жаратышат.

Адамзаттын ар тараптуу интеллектуалдык менчигинин дээрлик бардыгы илим жана техниканын, адабият менен искусствонун алкагында жүрөт. Бир караганда саясат, дин жана спорт гана алардын чегинен тышкары калат.

Бирок чын-чынына келгенде такыр андай эмес! Адам ишмердүүлүгүнүн илимге да, техникага да, адабиятка же искусствого да киргизүүгө оор болгон дагы бир жааты бар. Бул жаат чынында чексиз жана ал тейлөө тармагы деп аталат. Адамдарга тейлөө кызматтарын көрсөтүү чөйрөсүнө арналган маркетинг жана социалдык технологиялар соода тармактарын дагы, шоу-бизнести дагы, жарнама индустриясын дагы, интернет кызмат көрсөтүүлөрүн дагы камтыйт. Алардын негизинде шопинг-борборлору, сулуулук салондору, пластикалык хирургия клиникалары ачылып, экзотикалык жана космостук туризм өнүгүп, Эверестке зым-аркан жолу курулуп ж.б. көптөгөн нерселер башат алат!

Албетте, дайыма эле бул технологиялар интеллектуалдык менчикти пайдаланууга негизделген эмес.

Бирок алардын ичинен өз убагында жана тиешелүү түрдө мамлекеттик коргоо алгандары гана үзүрлүүрөөк болгону талашсыз.

Социалдык чөйрөдө бизнес жүргүзүүнүн ыкмалары жана усулдары, жалпысынан алганда, интеллектуалдык ишмердүүлүктүн башка жааттарындагы бизнес-стратегиялардан айырмаланбайт жана, албетте, атаандаштарынан ашып түшүп же такыр эле аларды жок кылууга жардам берген кандай болбосун жолдорду пайдаланышат. Патент патенттелген технологияны же буюмду жалгыз өзү (монополиялык) пайдалануу үчүн убактылуу укук бергендиктен, албетте, ишкерлер менен бизнесмендер жарнама жана маркетинг чөйрөсүндө, көңүл ачуу индустриясындагы, мода, коомдук тамактануу, байланыш ж.б. тармактардагы оюна келгендин баарын патенттеп алууга умтулушат.

Тейлөө чөйрөсүнүн негизгилерин жана аларда интеллектуалдык менчикти пайдаланган маркетинг жана социалдык технологияларды кыскача карап чыгалы.

## *Интеллектуалдык менчик жана окутуу*

Окутуу чөйрөсү эзелтен бери бар. Шумерлердин топурак таблицаларынан, египеттик папирустардан, кайыңдын кабыгынан жасалган новгороддук грамоталардан эсептөөлөрдүн же геометриялык эсеп чыгаруулардын үлгүлөрүн көрө алабыз. Эң биринчи басылган орусча

китептердин бири Мегницкийдин “Арифметикасы” болгон, ал эми Советтер Союзунун эң маанилүү ураандарынын бири “Окуу, окуу жана окуу!” болгон. Окутуунун заманбап технологиялары негизинен мурдагылардан оңой табылчу, көп түрлүү маалыматты, ошондой эле окутулуп жаткан тексттерди видеокоштоолор менен көрсөтүп берүүнү кеңири пайдалангандыгы менен айырмаланат.

Бир аз мурда эле керектүү маалыматты алуу үчүн маалымдамаларды же китепканалардын издөө каталогдорун “казып” отурууга, ал эми класста схемаларды же сүрөттөрдү көрсөтүү үчүн бор менен тактаны пайдаланууга туура келсе, азыр биздин кызматыбызда үн аркылуу берилген суроолорду кабыл алган ар кандай электрондук энциклопедиялар жана издөө системалары бар. Ошол эле учурда ири окутуучу борборлор өзүнүн окутуу ыкмаларын коргоо үчүн интеллектуалдык менчикти кеңири пайдаланышат.

Окутуу технологияларында интеллектуалдык менчиктин кайсы түрлөрүн пайдаланууга болот? Электрондук экрандар дагы, издөө системалары дагы баарына эчак эле белгилүү жана алар окутуу максаттары үчүн ойлонуп табылган эмес да!

Окутуу чөйрөсүндөгү интеллектуалдык менчиктин формасынын бири болуп маалымат базалары саналат.

Маалымат базасы деп белгилүү бир сыпаттары боюнча тандалып алынып, аны кайра компьютерден таап, иштеп чыгууга мүмкүн болгондой кылып топтоштурулган маалыматтык материалды атайбыз.

Бул талаптарга ылайык келген маалыматтык топтом интеллектуалдык менчиктин объектиси болуп саналат жана ал жаратылгандан баштап корголот. Ошол эле учурда ага күбөлүк алса болот, бирок бул милдеттүү деле эмес.

Билим берүү чөйрөсүндөгү интеллектуалдык менчиктин башка формасы болуп адабий же илимий чыгарма: илимий эмгек, усулдук курал, окуу китеби саналат.

Окутуу программаларын камтыган уникалдуу маалымат базалары, адистештирилген окуу китептерине жана окуу куралдарына автордук укугу бар окутуучу уюм, институт же мектеп, албетте, мындай интеллектуалдык менчиги жок уюмдарга караганда атаандаштык артыкчылыктарга ээ.

Окутуу чөйрөсүндөгү интеллектуалдык менчиктин маанилүүлүгүнө ынандыруу үчүн атактуу автордук курстары жана уникалдуу маалымат базалары бар Англиядагы Кембридж же Оксфорд университеттери, Россиядагы Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университети, Кыргызстанда Кыргызстан-Россия Славян университети өңдүү окутуу борборлорун белгилеп кетүү жетиштүү.

## *Жарнамадагы интеллектуалдык менчик*

Жарнама чөйрөсүндө кандай гана патенттер жок! Жарнаманы оюнчуктарга, азем белектерге, белектерге, майлыктарга, бир жолу колдонулчу

идиштерге, кассадан берилген тасмаларга, жол көрсөткүчтөр менен көчөнүн аты жазылган белгилерге, б. а. ойго келген жана ойго келбеген жердин баарына жайгаштыруу патенттелген. Патенттик мыйзамдарды көз көрүнөө бузуу менен алынган, абийирсиз патенттер  да кезигет.

Мисалы,  интеллектуалдык менчик боюнча мыйзамдардын негизги жыйындысы болгон – Граждандык кодексте “оюндардын эрежелери жана ыкмалары ойлоп табуу болуп саналбайт” деп жазылып турса дагы, лотерея өткөрүүнүн ыкмасына же оюндун ыкмасына алынган ондогон патенттер бар.

Жарнама чөйрөсүндөгү талаш патенттин мисалы катары “Жарнама үчүн каражатка” алынган жаман аттуу патентти алсак болот, ал патенттин ээси жарнамаларды лифттерде жайгаштырууга өзгөчө укукту алып алган.

Бул ойлоп табуунун формуласы болжол менен мындай деп туюнтулган:

“Жарнама үчүн каражат, жарнамалык маалыматты жайгаштыруу үчүн тактаны элестетип, мунусу менен айырмаланат: жүргүнчү лифттин кабинасы жүрүп бара жатканда жарнамалык маалымат менен тааныша алгандай жана тактадагы маалыматтык билдирүүлөрдү жаңыртуу аркылуу аларды алмаштыруу мүмкүнчүлүгү менен  лифттин ичинде жайгаштырылган”.

Мындай тосмолоочу патенттин ээси – “Rayman Enterprises” компаниясы лифттерде жарнама жайгаштыруу менен алектенген башка жарнамалык агенттиктерге өзүнүн “жаңылыгын” пайдалангандыгы үчүн лицензиялык келишимдер боюнча белгиленген акыга уруксат берип баштаган. Мисал келтирели: Роспатенттин маалымат базасында ушуга окшош 100гө жакын келишимдер катталган. Компаниянын пайдасына түшкөн төлөмдөрдүн суммасы айына 1 млн.рублду түзгөн.

Бул мисал кеңири таралган жөнөкөй технологиянын патентинин ээсинин укуктары негизсиз кеңейтилгендигин көрсөтөт.

Бактыга жараша, жогоруда айтылган окуя боюнча адилеттик акыры жеңди! 2010-жылы патент ээси болгон компания  мейманканалардын ири жарнама оператору  Advance Groupко доомат артып, төлөө жүргүзүүсүн талап кылган.

Advance Group Роспатенттин патенттик талаш-тартыштар боюнча палатасына  бул ойлоп табууга Россия Федерациясынын патенти берилишине өзүнүн каршы пикирин берген. Акыры алар талашта утуп чыгып, патент жокко чыгарылган, б. а. күчүн токтоткон. Ошол мезгилден баштап, кандай болбосун жарнама агенттиги  каалаган лифтте жарнамасын акысыз жайгаштыра алат, албетте, ошол үйдү караган кароолчунун, сакчынын же консьерждин уруксаты менен.

Башкача мисал келтирсе да болот – брендмобилдер. Булар – жарнама алып жүрүү иш-милдеттерин аткарган кичинекей автоунаалар. Петербургда алар 2004-жылы пайда болушуп, 2006-жылы алардын бизнеси ушунчалык өнүгүп кеткендиктен, 50 – 60 машинасы бар беш компания биригип, жылына 3 млн.$га жакын каражат таап баштаган.  Жарнама берүүчүлөрдүн – азык-түлүк дүкөндөрүнүн жана байланыш салондорунун баалоосу боюнча, ушундай бир

машина сырткы жарнаманын 30 – 50 туруктуу тактасына жакшы альтернатива болуп берген. Брендмобилдерди патенттешкен эмес, аларды патенттөөгө да мүмкүн эмес болчу. Бренд-компаниялар ансыз деле рынокту басып алып, аны өздөрү бөлүшүп алышкан.

Бирок алардын кубанычы көпкө созулган жок. шаардык унаанын кыймылына тоскоолдуктарды жараткан көчмө жарнама такталарына тыюу салган Россия Федерациясынын "Жарнама жөнүндө" жаңы Мыйзамына ылайык, брендмобилдерге да тыюу салынган. Бирок брендмобилдердин ээлери жаңы кырдаалга тез эле көнүп, мобилдүү курулмаларды шаардын көчөлөрүндө убактылуу токтоп турган стационардуу курулмаларга айланткан. Баса, өтүнмөнү билгичтик менен толтурса, көчмө жарнама каражаттарынын түрдүү варианттарына патент алуу татаал деле эмес. Мисалы, жарнама тактасын автоунаанын жүк койгон жерине бекиткичке. Ойлоп табуунун формуласы мындай болушу мүмкүн:

- «Автоунаанын жүк койгучу, автоунаанын чатырына бекитилип, мунусу менен айырмаланат: тик абалга буруу мүмкүнчүлүгү бар тик бурчтуу панелди элестетет.


Панелде жарнама жайгашкандыгын формулада көрсөтпөй эле койсо болот, бул тууралуу сыпаттамада айтуу жетиштүү.

Ушул эле ойлоп табууга такыр башка формула түзсө дагы болот – колдонууга: "Автоунаанын чатырында жайгашкан жана жүктү бекитүү элементтери менен камсыздалган жүк койгучту жарнама алып жүрүүчүнү бекитүү үчүн колдонуу".

Башка мисал – сырткы жарнаманы жайгаштыруу үчүн чоң жолдорду жана көчөлөрдү бойлото коюлчу чоң өлчөмдөгү жарнама тактaлары – билборддор.

Жарнама үчүн чоң, алыстан көрүнгөн тактaларды пайдалануу идеясы эчак Байыркы Египетте пайда болгон, ал жерде кулдары качып кеткен кожоюндар аларды кармап бергенге ушинтип сыйлык убада кылышчу. Түстүү басманы ойлоп тапкандай кийин кооз плакаттар пайда болгон, алар негизинен театрларда же циркте рде боло турган оюндарды жарнамалаган.

Мурда айтылгандай эле, эчактан жакшы белгилүү болгон нерсени патенттөөгө болбойт. Бирок, ошентсе да жарнама такталарына, жарнамалык-маалыматтык курулмаларга ж.б. көптөгөн патенттерди тапса болот. Бул эмнеси? Кайра эле абийирсиз патенттөөбү? Жок, такыр андай эмес! Мында ойлоп табуучулар жарнама такталарынын идеясын эмес, алардын жаңы түзүлүштөрүн, аларды жасоонун, бекитүүнүн жана жайгаштыруунун ыкмаларын патенттеген. Айрымдары өтө акылдуу чечимдер болгондуктан, талап кылынышы толук мүмкүн, мисалы – жолдордун кесилишине же тоомдоруна орнотуу үчүн буруп коймо механизми бар эки жактуу билборд (сүрөттү карагыла).



*1-сүрөт. “Жарнама тактасы” ойлоп табуусуна иллюстрация*

Билборддор, лифттердеги жарнама такталары, афишалар, брендмобилдер – тышкы жарнаманын бардык түрлөрү ушунчалык көнүмүш болуп калгандыктан, эч кимди таң калтырбай деле калды.

Ошондуктан дайыма жарнаманын жаңы ыкмалары ойлонуп табылып турат, алар адамдардын кызыгуусун жаратып, көңүлүн бурдурушу мүмкүн.

Бирок бардык эле социалдык жана маркетинг технологиялары менен ыкмаларды патент менен коргоо мүмкүн эмес.

Ошентсе да, көпчүлүк учурларда бул абалдан чыгуунун жолу бар – өз ойлоп табууларын купуя сактоо керек. Албетте, Сиз интеллектуалдык менчиктин буга тиешеси кандай деп сураганга акыңыз бар. Мында өндүрүш сырларынын жана маркетинг технологияларынын көбү интеллектуалдык менчиктин объектилери болуп саналат. Алар ошентип эле аталышат: “өндүрүш сырлары” же “ноу-хау” деп.

Ноу-хау катары жетишерлик белгилүү объектилер гана корголушу мүмкүн:

1) патенттелбеген ойлоп табуулар жана пайдалуу моделдер;
2) чарба ишин жүргүзүүнүн ыкмалары.

Биринчисинде биз өзүбүздүн ойлоп табуубузду тандоого, патенттөөгө же аны сыр катары купуя сактоого акыбыз бар болсо, экинчисинде андай тандоо жок – бир гана ноу-хау шарттамында коргоо керек болот.

“Чарба ишин жүргүзүүнүн ыкмалары” деген туюнтуу, мисалы, төмөнкүлөргө окшош маркетинг технологияларын коргоо үчүн мүмкүнчүлүк берет:

- кардарларды тартуу чыкмасы;
- калктын тигил же бул топторунун компанияга карата лоялдуулугун аныктоонун усулу;
- өнүмдүн белгилүү бир түрүнө сатып алуучулардын сурамын божомолдоонун усулу;
- белгилүү бир өнүмдү сатуу үчүн рыноктогу ордун издөө ыкмасы.

Өз технологиясын ноу-хау шарттамында коргоодо, автордук укуктагыдай эле, эч кандай коргоо документтерин алуунун кереги жок. Болгону – өз сырын жакшыраак сактоо керек. Алсак, “Кока-кола” суусундугунун курамы жүз жылдан ашуун купуя сакталып, ийгиликтүү иштеп келе жатат!

Ноу-хау шарттамында корголгон технологияны пайдаланууга укукту интеллектуалдык менчиктин башка объектилериндей эле лицензиялык

келишим боюнча башка кызыкдар жактарга өткөрүп берүүгө болот.

Ошол эле учурда бардык эле өнүмдөрдү жана технологияларды купуя сактоо мүмкүн эместигин түшүнүү керек.

Брендмобилдердин мисалына кайрылалы. Дөңгөлөктүү жарнама такталары – мыкты табылга, негизгиси – кирешелүү идея. Бирок шаарда алгачкы брендмобилдер пайда болору менен, бул идеяны каалагандардын баары колдонуп, биринчи ачкандарга атаандаштык жарата алмак, акыры дал ошондой эле болуп чыга келген. Оңой турган, баарына түшүнүктүү техникалык, уюштуруучулук жана маркетингдик чечимди купуя сактоо дээрлик мүмкүн эмес.

## *Туризм чөйрөсүндөгү интеллектуалдык менчик*

Заманбап социалдык компьютердик технологиялардын маанисин жана кардарларга ийкемдүү, тандамал мамиле кылуунун маанилүүлүгүн дүйнөдөгү эң эски, атагы чыккан “Томас Кук” туристтик агенттигинин мисалында даана көрсөтүүгө болот.

Мындан бир аз мурда, 2019-жылдын аягында, бул фирма 2 млн. фунт стерлинг карыздар болуп, банкрот болду жана ишин толук токтотту. Жүз элүү жыл бою бизнес жүргүзүүнүн салттуу ыкмаларын пайдаланып келген бул фирма онлайн-турагенттиктер жана лоукостер-авиакомпаниялар менен атаандаштыкка чыдай алган жок.

“Томас Кук” компаниясы элиталык комплекстүү туристтик кызмат көрсөтүүлөрдү топтому менен көрсөтүп келген. Биздин мезгил үчүн бул актуалдуу эмес. Азыр байлар эле эмес, эринбегендердин баары саякаттап калышкан. Көпчүлүгүнө, мисалы, booking аркылуу сайттан жашай турган жерин тандоо жана ага тапшырык берүү кыйла ыңгайлуураак, арзаныраак, кызыктуураак болуп калган. Туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн толук топтому ошентип өткөн чакта кала баштады.

Туристтик кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө айтканда, экзотикалык туризмдин ар кандай түрлөрү жөнүндө да айта кетпесе болбойт. Аларга, мисалы, төмөнкүлөрдү киргизсе болот:

- 2 млн.рублга Түндүк уюлда шишкебек жасап пикникке чыгуу;
- бир нече млн. долларга космоско учуу;
- суунун астына түшүү;
- тик асканын боорунда асылган капсулада түнөө;
- джунглиде жашоо же сафари (аңчылык кылуу);
- акулалар менен сууга түшүү жана ошондой эле ар нерсеге кызыккан туристтердин оюна келгендин баары.

Дүйнө жүзү боюнча туроператорлор башкалар сунуштай элек жаңы бир нерсени ойлоп табуу үчүн болгон аракетин жумшашат.

Экстремалдык туризмдин жаңы түрүн ойлоп тапкан туроператорлор дайыма эле ага монополиялуу пайдалануу укугун ала алышпайт. Мисалы,

Түндүк уюлга муз жаргыч менен барып-келүүнү эч ким патенттебейт. Бирок мындан башка көптөгөн учурларды патенттөө толук мүмкүн.

Мисалы, тик асканын бооруна бекитилген капсула-мейманкананы патенттесе болот. Мында ойлоп табуунун жөнөкөйлөтүлгөн формуласы мындай болушу мүмкүн:

“Адамдар жашай турган, эшик-терезелери бар жай, негизге бекитилип, мунусу менен айырмаланат, негиз катары тигинен турган асканын теги кызмат кылат”.

Мындай учурда ыкманын мындай формуласын дагы пайдаланса болот:

“Туристтердин эс алуусун уюштуруу ыкмасы, мында башында туристтердин тобун тик аскада жайгашкан мейманканага жеткиришет, ал мунусу менен айырмаланат: туристтерди альпинисттик жабдыктардын жардамы менен мейманкана жайгашкан жерге көтөрүшөт, андан кийин аларды мейманканага эс алуу мезгилине калтырышат, андан кийин төмөн карай тартылган зымаркандын жардамы менен төмөн түшүрүшөт”.

Эгер туризмдин жаңы ыкмасын патенттеп алса, калган туроператорлор аны колдоно албай калышат жана бул өлкөдө атаандаштар жок болорун эскерте кетели.

## *Мода өндүрүшүндөгү интеллектуалдык менчик*

Маркетинг жана социалдык технологиялар чөйрөсүндөгү инновациялар жана ойлоп табуулар жөнүндө айтып жатып, мода жана көңүл ачуу өндүрүшү жөнүндө да сөзсүз айта кетүү керек.

Модада сатып алуучунун көңүлүн кандай болбосун ыкма менен өзүнө тартуу максатында, түрдүү жаңылыктар кеңири таралган. Сатып алуучулар болсо, өз кезегинде, өзгөчө, айырмаланган товарларды өзүнө – айырмалануу үчүн, же белекке – таң калтыруу үчүн сатып алууну жакшы көрүшөт.

Ал эми бул жаатта патенттик коргоо иши кандай?

Маркетинг жана тейлөөнүн түрдүү технологияларынан айырмаланып, кийим-кечени, бут кийимдерди жана түрдүү аксессуарларды өнөр жай үлгүсүнө патент менен оңой эле коргоого мүмкүн.

Өнөр жай үлгүсүнө патент ойлоп табууга патент өңдүү эле ишенимдүү коргоону камсыздайт. Эгер буюмдун сырткы көрүнүшү жаңы жана өзгөчө болсо, мындай патентти алуу татаал деле эмес.Өнөр жай үлгүсүн сыпаттоо үчүн ойлоп табуунун формуласынын ордуна буюмдун тышкы көрүнүшүнүн сүрөтү – колго тартылган сүрөтү же фотосүрөтү пайдаланылат. Өнүмдүн тышкы көрүнүшү канчалык оригиналдуу болсо, ошончолук тиешелүү өнөр жай үлгүсүнө патент берилиши ыктымал. Өнөр жай үлгүсүнө карата маанилүү талап болуп, анын конкреттүү объектте чагылдырылышы саналат. Башкача айтканда, маникюр процессине же чачты жасалгалоо ыкмасына өнөр жай үлгүсүнө патент беришпейт, бирок оригиналдуу чаптама тырмактарга же чач бекиткичке бериши мүмкүн.

## *Тейлөө чөйрөсүнүн башка жааттарындагы интеллектуалдык менчик*

Аталгандардан тышкары, тейлөөнүн көптөгөн башка чөйрөлөрү бар, алар: шоу-бизнес, дене тазалыгы, жеткирип берүү менен интернет-тапшырыктар, уюлдук байланыш, электрондук төлөмдөр ж.б. Бул чөйрөлөрдүн ар бири адамдын белгилүү керектөөлөрүн канааттандырууда маанилүү орун ээлегенине карабастан, бул жерде биз алардын өзгөчөлүктөрүн кеңири карай албайбыз.

Мисалы, зымдуу телефондордун ордуна ондогон жылдар мурда эле пайда болгон уюлдук байланыш пайдалануучулардын турмуш-тиричилигин жана баарлашуусун билинерлик өзгөрттү. Бара-бара уюлдук телефондор смартфондорго чейин жакшыртылды, алар азыр көпчүлүгүбүз үчүн алмашкыс шерик, керек болсо досубуз болуп калды.

Бул жааттагы интеллектуалдык менчик ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге жана өнөр жай үлгүлөрүнө миңдеген патенттер, дүйнө жүзүнө белгилүү товардык белгилер күбөлүктөр менен тастыкталган. Алсак, Apple жана Samsung фирмаларынын смартфондорунда интеллектуалдык менчиктин эки жүзгө жакын түрдүү объектилери камтылган.

Электрондук төлөө системалары жана алардын аксессуарлары жөнүндө ошону эле айтсак болот. Бир аз мурда эле төлөм жүргүзүүнүн жалгыз каражаттары болгон накталай акча же төлөм чектери бүгүнкү күндө көп өлкөлөрдө эскирип, жакын арада пайдалануудан такыр чыгып калышы мүмкүн. Байыркы доордон бери адамзатты коштоп келген тыйындар жана ассигнациялар эми нумизматтардын гана байлыгы болуп калды. Электрондук төлөмдөр жаатындагы интеллектуалдык менчик дагы көптөгөн патенттер менен камсыздалган.

Катуу өнүгүп жаткан дагы бир тейлөө кызматы - түрдүү товарларды тандоо жана тапшырык берүү боюнча интернет-кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн айта кетели.

Акыркы кезде интернет аркылуу үйгө тамак жеткирип берүүсүн тапшырса, дүйнө жүзүнүн кайсы болбосун жеринен мейманкананы ээлемдесе, батир же бала бакчанын акысын төлөсө, театрга билет сатып алса болот, дегеле эмненин кааласаң жана интернетте эмне сатылса, ошону баарын сатып ала аласың. Сатылбаган нерсени атайын тапшырык берип, алсаң болот!

Бир караганда, бул жаңы технологиялардын көбү жаңы деле эмес. Интернет аркылуу тапшырык берип, вело-курьерлердин тамак жеткирип берүүсүн эле алалычы.

Тейлөө чөйрөсүндөгү заманбап компьютердик технологиялардын көпчүлүгү кардарларга жаңыча мамилелерге негизденген, алар же патенттелген, же өндүрүш сырлары катары корголгон.

## *Бренддер жана товардык белгилер*

Фирмалардын жана алардын өнүмдөрүнүн кеңири белгилүү болгон аталыштарын, ошондой эле сүрөттөрүн жана ураандарын - бренддер деп аталгандарды пайдаланууну түздөн-түз тейлөө чөйрөсүнө киргизүүгө болбойт, бирок дал ошол чөйрөдө алар өзгөчө таанымал болуп, салмактуу киреше алып келишет.

Бренддерди сатуу - заманбап маркетинг технологияларына мүнөздүү мисал болуп саналат.

Бренддин интеллектуалдык менчикке айланышы коргоо документин – бул брендди мүнөздөгөн товардык белгиге күбөлүк алуу аркылуу жүрөт.

Товардык белгинин өзү жаңы техникалык чечим же инновация эмес. Бирок аны товарларды маркалоо үчүн пайдалануу өндүрүүчүгө маанилүү киреше алып келиши мүмкүн. Оригиналдуу товардык белгиге күбөлүк берилет, ал (патенттерден айырмаланып) канча кааласаң, ошончо узак мезгилге күчүндө болушу мүмкүн. Товардык белгинин ээсинен башка эч кимдин аны пайдаланууга укугу жок.

Товардык белгинин ээси аны өзүнүн товарын же таңгагына, сыртта илинип турган тактасына, жарнама материалдарына же жарнама алып жүрүүчүлөрүнө жайгаштыра алат. Товардык белгинин аркасында, сатып алуучу бир товарды башкасынан, көнгөн өнүмдү жаңысынан, жактырганын жактырбаганынан оңой айырмалай алат.

Мындан тышкары, товардык белгини “ижарага берсе” болот жана ал үчүн ай сайын төлөмдөрдү алса болот. Көпчүлүк Макдональдс өңдүү ири өндүрүүчүлөр же Пятерочка, Карусель, Перекресток өңдүү бренддердин ээлери филиалдарын жана туунду фирмаларды түзүү аркылуу эмес, көз карандысыз чакан ишкерлерди тартуу жолу менен өзүнүн соода тармактарын кеңейтишет. Бул ишкерлер иш жүзүндө белгилүү өндүрүүчүнүн товардык белгисин пайдалануу укугун ижарага алып, анын бренди астында иштешет. Адатта товардык белги менен кошо убактылуу пайдаланууга интеллектуалдык менчиктин башка объектилери дагы өткөрүлүп берилет: өнөр жай үлгүлөрү, ноу-хау ж.б. Ал эми пайдалануучу товардык белгинин ээсине ай сайын компенсация же сый акы төлөп турат.

Белгилүү товардык белги убактылуу пайдаланууга берилип жатса дагы өтө кымбат турушу мүмкүн. Мисалы, "Перекресток" дүкөнүн ачуу үчүн компенсация 40 млн. рублга жакынды түзөт, анын чоң бөлүгүн товардык белгинин наркы түзөт.

Товардык белги менен кошо интеллектуалдык менчиктин башка объектилери да өткөрүлүп берилгени көп кездешет. Мисалы, Макдональдс келишим боюнча бир нече товардык белгилерди пайдаланууга укуктарды өткөрүп берүүдө, анын ичинде: көлөмдүү товардык белгилер (стакандар жана гамбургер), өнөр жай үлгүсү (маскарапоздун кийими), коммерциялык белги (сыртка илинген такта), түрдүү ноу-хаулар, кардарларды тартуунун

патенттелген технологиялары, мисалы, мезгил-мезгили менен күтүлбөгөн белектерди таратуу.

Ошентип, бул параграф боюнча жыйынтыктарды чыгаралы.

Маркетинг, жарнама, коомдук тамактануу, чекене сатуу, туризм, тейлөө, мода, көңүл ачуу ж.б.у.с. чөйрөлөрдө интеллектуалдык менчиктин ар түрдүү объектилери кеңири пайдаланылат.

Көп учурларда коргоо документтерин – патенттерди жана күбөлүктөрдү – алуу жаңы технологиялар менен буюмдарды атаандаштардан коргоо үчүн кызмат кылат.

Айрым учурларда, мисалы, товардык белгилерди пайдаланууда аларды пайда көрүү менен, сый акы алуу менен бир эле учурда бир нече пайдалануучуга сатууга же ижарага берүүгө болот.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1) Окутуу чөйрөсүндө пайдаланганда ннтеллектуалдык менчиктин өзгөчө майнаптуу объектилерин атагыла?
2) Маалыматтар базасы деген эмне?
3) Мода өндүрүшүндөгү инновацияга мисалдарды келтиргиле?
4) Белгилүү экстремалдык туризмди колдонуу үчүн ойлоп табуунун формуласынын мисалын келтиргиле?
5) Ноу-хау деген эмне?
6) Ноу-хау катары кайсы объектилер корголор?
7) Жарнама чөйрөсүндөгү ак ниет эмес атаандаштыктан кайсы интеллектуалдык менчик объектилери менен сактанса болот?
8) Бренддердин ээлерине алардын товардык белгилери кандай пайда алып келишет?
9) Жарнама алып жүрүүчү катары объектти уюштуруу боюнча өзүңөрдүн ыкмаңарды ойлоп тапкыла.
10) Кандайдыр бир белгилүү брендди сыпаттап бергиле.

# 3-бөлүк.
# ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН КОММЕРЦИЯЛАШТЫРУУ

## 10. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИККЕ УКУКТАРДЫН ЧЕКТЕРИ

### *Интеллектуалдык менчик атаандаш актив катары*

Биз, инновация деп, керектөөчүнүн суроо талаптарын канааттандыруу үчүн аны практикалык колдонуу максатында жаңылыкка капиталдык салым (инвестициялоо) аркылуу алынган (продукт, технология ж.б.у.с. – б.а. анын материалдык баалуулук болушу милдеттүү эмес ) натыйжаны түшүнөбүз. Коомдогу инновациялар көбүнчө уюмга же коомго өнүгүүнүн жаңы деңгээлине өтүүгө мүмкүндүк берген кандайдыр бир оң өзгөрүү, кыймылдаткыч, кыймылдаткыч күч катары түшүндүрүлөт. Инновация – эркин рынокко чыгаруучу инновациялык чечимдин негизинде түзүлгөн акыркы продукт. Бул аны керектөөчүлөр (атаандаштык параметрлери менен) үчүн бир кыйла жагымдуу кылган, башкалардан мыкты, өзгөчө мүнөздөмөлөргө ээ товар. Инновациянын атаандаштыгы колдонулган техникалык же уюштуруу чечимдери жаатында анын өзгөчө өзгөчөлүктөрү менен гана эмес, ошондой эле бул чечим кандай корголгону менен дагы аныкталат. Интеллектуалдык менчикти коргоо маселеси бир катар техникалык мүнөздөмөлөргө ээ, кандайдыр-бир объект түзүлгөн учурдан кийин гана пайда болот. Жаратуучунун алдында бул интеллектуалдык ишмердүүлүктү патенттөө жолу менен коргоо милдети турат. Бирок бул багыт чеги объектинин белгиленген параметрлери менен аныкталган коргоонун жеткиликтүү тар деңгээлин түзөт.

Ошентип, интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын заманбап укуктук коргоонун негизги өзгөчөлүгү болуп алдын ала же алдын алуучу стратегияны колдонуу саналат, ал төмөнкүдөй маанилүү тезиске келип чыгат: «Биз бул чөйрөдө колубуздан келгендин баарын патенттейбиз». Бир объектти жөн эле чекиттик коргоону түзбөстөн, белгилүү бир бөлүгүн, кичине болсо да камтуу, рынокту түзүү зарыл.

### *Интеллектуалдык менчикти коргоонун актуалдуу стратегиялары*

Интеллектуалдык ишмердүүлүктү укуктук коргоону түшүнүүгө заманбап мамиле жасоонун глобалдуулук принцибин түшүндүрүү үчүн мисал келтиребиз. Буудай эгилген талааны көз алдыбызга келтиребиз. Бул биздин иштеп чыгуулар, канаттуулар – өздөрүнүн керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн

эгиндерди чокуп жесе, башкача айтканда, атаандаштар – өздөштүрүлгөн чечимдерди рынокко чыгаруу менен пайда алууга, биздин иштеп чыгууларды уурдап алууга умтулат. Талаага коюлган каракчы канаттууларды коркутууга арналган. Бул биздин патент. Эгерде сакчы талаада бирөө болсо, андан участканын алыс талаалары дайыма кол салууга дуушар болуп турушат. Ошондой эле коргоо талаасында патенттин чеги канчалык кенен болсо, атаандаштар үчүн коргоодон кемчилик табуу ошончолук татаал болот. Рынок бир нече патенттен түзүлгөн кол чатырдын куполунун астында болот. Дал ошон үчүн мындай стратегия “кол чатырдай” деген аталыш алган.

Бирок кол чатырдай коргоо принцибин талдоо менен интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын коргоонун негизги эрежелери жөнүндө эске алуу керек:

Коргоого жаткан нерсе гана корголот. Идеялар интеллектуалдык менчик объектилерине кирбейт. Бул анын кыялданып иштөөсү менен байланышкан адамдын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн натыйжасы. Идеялар адабияттын, музыканын, живопситин же кинонун чыгармалары (автордук укук жана чектеш укуктар объектилери) түрүндө, ошондой эле ойлоп табуу (патенттик укук) түрүндө түзүлүшү мүмкүн. Бирок идеянын өзү өзү денесиз болуп калышы мүмкүн. Тарыхта фильмдин же китептин концепциясын ойлоп тапкан, бирок аны ишке ашырбаган адамдар сотто өздөрүнүн укуктарын коргоого аракет кылышкан көптөгөн мисалдар бар, бирок башында дал ошол идеянын өзү бар экенин дадилдөө абдан татаал милдет. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде тигил же бул ыкма менен корголушу мүмкүн болгон интеллектуалдык менчик объектилеринин жок кылынган тизмеси белгиленген.

Маалыматты туура берүү. Объект жөнүндө маалымат канчалык көп тышкы чөйрөгө келип түшсө, коргоо ошончолук начар боло баштайт. Коргоо статусун алуу үчүн керектүү жана жеткиликтүү ошол маалыматтын ортосундагы балансты табуу маанилүү, бирок биз өзүбүз үчүн белгилеген коргоонун көлөмүнөн кошумча укуктук коргоонун көлөмүн таарытууга мүмкүндүк бербөө керек.

Тазалыкка текшерүү. Коргоодон мурда, мындай чечим эч ким тарабынан корголбой турганына ынануу зарыл. Бул үчүн патенттик издөө жүргүзүлөт.

Канчалык эрте болсо, ошончолук жакшы. Укуктук коргоону долбоордун үстүнөн иштөөнүн корутунду этабына калтыруу тобокелдик. Айрыкча бул бетачары кошумча инвестирлөөнү тартуу максатында мурунураак жүргүзүлгөн долбоорлор үчүн маанилүү. Ошентип, бизнес-планды иштеп чыгуу этабында эле интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларына жеке укуктарды коргоого байланышкан биринчи кадамдарды жасоо керек. Камсыздоочу чаралар катары патент алууга өтүнмө колдонулушу мүмкүн, анткени ал укуктук коргоо артыкчылыгын бекемдейт эмеспи. Бирок өтүнмө канчалык мурда берилсе, кандайдыр-бир аракетти кабыл алууну дароо баштаган рыноктун башка катышуучулары анда камтылган маалыматты ошончолук эртерээк билишери жөнүндө унутпоо керек.

## *Интеллектуалдык менчиктин субъектилери*

Интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын түзүү жана коргоо чөйрөсүндө негизги субъектилерди бөлүп карайбыз. Негизги фигуралар болуп төмөнкүлөр саналат:

Чыгармачылык процесс аркылуу интеллектуалдык менчик объектисин түзгөн автор/авторлор жамааты – жеке жак (бир же бир нече). Жазуучу, аткаруучу, ойлоп табуучу, сүрөтчү, дизайнер, скульптор, режиссер ж.б.у.с. автор болушат.

Укук ээси – аны жарандык айлантуу, башкача айтканда, аны мыйзамга ылайык пайдалануу үчүн интеллектуалдык менчик объектисин пайдаланууга өзгөчө укугу бар жеке жана юридикалык жак.

Эгерде мындай каттоо колдонуудагы мыйзамдарга ылайык талап кылынса, интеллектуалдык менчик объектилерин каттоо процессине катышкан интеллектуалдык менчик жаатындагы мамлекеттик орган.

Милдеттери интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды атаандаштык коргоону камсыздаган сот органдары.

## *Интеллектуалдык менчик укуктары*

Биз интеллектуалдык ишмердүүлүк натыйжаларына укуктар жөнүндө, ошондой эле аларды айландыруу жөнүндө сөз кылганыбызда, биз укуктарды айландыруу жөнүндө, бирок материалдык объектилерди эмес, сөз кылабыз. Буюмдук укук интеллектуалдык менчик укуктары менен байланышпайт. Биз компьютерге менчик укугуна ээбиз, анткени бул – буюмга укук, бирок ошону менен бирге бул татаал түзүлүш өзүнө камтыган интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарга ээ эмеспиз. Интеллектуалдык менчик объектилерине укуктар өзгөчө (пайдалануу жана тескөө, ошондой эле муну башкалардын жасоосуна уруксат берүү же тыюу салуу укугун берген) жана өзгөчө эмес (белгиленген чектерде пайдалануу укугун берген) лицензиялардын негизинде берилиши мүмкүн.

Өзгөчө укук интеллектуалдык менчик объектилерине ээ болуу, пайдалануу жана тескөө үчүн укуктардын жана негиздердин комплексин өзүнөн көрсөтөт. Өзгөчө укуктардын толук аныктамасы Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1040-статьясында камтылган. Граждандык Кодекстин экинчи бөлүгү бул тармактагы ченемдик базаны белгилеген укуктук ченемдердин маанилүү булагы болуп саналат. Ошентип, интеллектуалдык менчик объектилерине укук жарандык укуктарга кирет.

Интеллектуалдык менчикти башкаруу жаатында мамилелерди жөнгө салуунун укуктук негиздерин аныктоо менен бул процессте субъект катары ким чыга аларын белгилөө керек. Бул керектүү укук жөндөмдүүлүгүнө жана аракет жөндөмдүүлүгүнө – башкача айтканда, тигил же бул укуктарга ээ болуу

жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон жана өзүнүн аракеттери үчүн жоопкерчилик тарткан жеке жак дагы, юридикалык жак дагы болушу мүмкүн.

Автор жана укук ээси ошол эле бир эле жак болушу мүмкүн, ал эми интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү мамлекеттик органга (Кыргыз Республикасында – Кыргызпатент) катышуу бардык интеллектуалдык менчик объектилери боюнча эмес, берилген патенттин, күбөлүктүн же укукту орнотуучу башка документтин негизинде эмнени коргоо жүзөгө ашырылса жана расмий каттоого жатса, ошол нерселер гана талап кылынат.

Автордо (авторлордо) интеллектуалдык менчиктин натыйжасы жеке мүлктүк эмес укуктарда болот, алар айрып алгыс жана өткөрүп берилгис, мөөнөтсүз колдонулат жана башка нерсе далиденбесе чыгармачылыктын жоромолуна негизделет. Жеке мүлктүк эмес укуктарга төмөнкүлөр кирет: авторлукка укук, ысымга укук, кайра чакыртып алууну кошуп, элге жарыялоого укук, чыгарманын кол тийбестик укугу (Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1057-статьясы) (1-сүрөт).




*1-сүрөт. Жеке мүлктүк эмес укуктар*

Ысымга укук автордун кайсы болбосун ысымды пайдалануусу, ошондой эле купуя ысымды колдонуусу, же жашырындуулук укуктарында жарыялоо менен аны пайдалануудан баш тартуусу мүмкүн экендигин түшүндүрөт. Автордо өзүнүн чыгармаларынын натыйжаларын элге жарыялоого укугу бар, бирок ошондой эле ал расмий элге жарыялоого же жарыялоого чейин бул процесстен баш тартуу укугу бар. Мындан сырткары, авторлордун сүрөт, жасалга-колдонмо жана тиби боюнча конкреттүү буюмдарда (картина, скульптура же ландшафттык дизайн) чагылдырылган башка чыгармачылык ишмердүүлүктүн натыйжалары түрүндөгү чыгармаларында, эгерде буюмга менчик укугу авторго эмес, искусствонун бул чыгармасын сатып алган башка жакка таандык болсо дагы, өзүнүн чыгармасына жетүү укугу бар.

Авторлуктан баш тарткан, маселен, эгерде режиссер кино картинанын продюссери менен чыгармачылык пикир келишпестиктен улам долбоордон кетип, титрлерде анын ысымын көрсөтпөөнү суранган учурлардан тышкары, автор жана анын чыгармасы бири-биринен айрып алгыс. Ошондой эле соттук

процесстин алкагында автордук укук талаш болгон учурлар болушу мүмкүн.

Эгерде автор жана укук ээси – ар башка жактар болгон учурда мыйзамдуу мураскери же автордун укук улантуучусу катары чыга алган, интеллектуалдык менчик объектилери боюнча укук ээсинин фигурасы, ошондой эле чыгарманы пайдалануучулар (басмалар, театрлар) же жамааттык негизде келишим боюнча авторлордун укуктарын башкарууну жүзөгө ашыруучу бир катар уюмдар келип чыгат. Мындан сырткары, укук ээсинин атынан патенттик ишенимдүү өкүлдөр чыгышы мүмкүн.

Кызматкерлер тарабынан өзүнүн эмгек келишимин же контрагын аткаруунун алкагында интеллектуалдык менчиктин натыйжалары түзүлгөн учурда жумуш берүүчү алынган интеллектуалдык менчик объектисинин укук ээси болот.

## *Интеллектуалдык менчик объектилери*

Интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын коргоонун негизги принциби коргоо ыкмасын тандоодо зарылдык жана жеткиликтүүлүк критерийлерин колдонууда турат. Интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды коргоонун оптималдуу ыкмасын тандоо бизден интеллектуалдык менчиктин кайсы объектисин коргоо талап кылынганына жараша да болот.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык 17 интеллектуалдык менчик объектиси бар (2-сүрөт)

| | |
|---|---|
| Автордук жана чектеш укук | ●Илим, адабият жана искусство чыгармалары<br>●Электрондук эсептөө машиналары (ЭЭМ) үчүн программалар<br>●Маалымат базалары<br>● Аткаруулар<br>● Фонограммалар<br>●Эфирге берүү же кабель, радио боюнча же телеберүүлөр |
| Патенттик укук | ●Ойлоп табуулар<br>● Пайдалуу моделдер<br>●Өнөр жай үлгүлөрү |
| Жекелештирүү каражаттары | ●Товардык белгилер жана тейлөө белгилери<br>●Товар чыгарылган жерлердин аталыштары<br>●Фирмалык аталыштар |

ИМдин башка объектилери

●Селекциялык жетишкендиктер
●Салттуу билимдер
●Ноу-хау
●Интегралдык микросхемалардын топологиялары

Интеллектуалдык менчиктин 17 объектисинин ар бирин төмөнкүдөй негизги класстарга бөлүүгө болот:

- автордук укук объектилери;
- авторлор менен чектеш укуктар объектилери;
- патенттик укук объектилери;
- жекелештирүү каражаттары;
- селекциялык жетишкендиктер;
- салттуу билимдер;
- интегралдык микросхемалардын топологиялары;
- өндүрүш сырлары.

Автордук укук адабий чыгармаларга (ырлар, проза, публицистика), илимий макаларга жана эмгектерге (макала, илимий изилдөө), сценарийлерге, пьесаларга, пантомимолорго, хореографияга, музыкага, обондуу ырга, живописке, жасалга-колдонмо искусствосуна, фотографияга, архитектура чыгармаларына жана бак-парк искусстволоруна, аудиовизуалдык чыгармаларга (кинофильмдер, видеоклиптер), географиялык карталарга, ЭЭМ үчүн программаларга, маалымат базаларына жайылтылат.

Ошондой эле автордук укук туунду чыгармаларга (котормолор, иштеп чыгуулар, реферат, аранжировка, сереп, трактовка), ошондой эле курамдык чыгармаларга (жыйнактар, тандалмалар, мында автор-түзүүчү негизги чыгармачылык мамиледе башка авторлор тарабынан түзүлгөн чыгармаларга берет же маалымат базаларына, мында автор маалыматтарга карата эмес, ал эми алардын уюмдарынын ыкмасына колдонулуучу укуктарга ээ болот) жайылтылат. Бирок курамдык чыгармалар үчүн жактардын укуктарын сактоо зарылдыгын белгилөө керек, башкача айтканда, концерттик программаларды түзүүдө бул же тигил музыкалык чыгарманы пайдалануу менен биз анын ээлеринин укуктарын бузбай жатканыбызга ынанышыбыз керек. Ошентип, мисалы, айрым, шоу вокалдык таланттардын репертуарларынын чектелиши бул продуктыны өндүрүүчүдө аны аткарууга тиешелүү укуктар бар болгон музыкалык материалдын санынын чектелгендиги менен түшүндүрүлөт.

## *Автордук укуктарды белгилөө жана коргоо варианттары*

Биз чыгарманын авторлору бир нече боло тургандыгын тактадык, ал эми чыгармачыл жамааттын ар бир мүчөсүнүн салымы атайын документ менен белгиленгендей болушу мүмкүн, бирок атайын айтылбайт. Бул коргоонун кандай стратегиясы тандалгандыгына жараша болот.

Автордук укуктарды белгилөөнүн жана коргоонун негизги варианттарын караштырабыз. Жалпы тартипте автордук укук чыгарма жаралган фактыдан колдонулуп баштайт, ал эми укук түзүүчү априорго – авторго таандык. Жеке, үй-бүлөлүк жана үй керектөөлөрү үчүн түзүлгөн чыгармалар үчүн, ошондой эле өздөрүнүн чыгармаларын коммерциялаштыруу менен алектенүүнү пландаштырбаган авторлор үчүн укуктук коргоонун ушундай варианты жеткиликтүү болот. Бирок, эгерде авторлордо келечекте бул китеп же башка чыгарма уурдалышы мүмкүн деген коркунуч пайда болсо, жеке укуктарын коргоонун жөнөкөй ыкмалары бар. Ошентип, зарыл болгон учурда башкалардын чыгшармаларын өзүнө менчиктеп алган ак ниет эмес жактарга карата китепти жаратуучунун биринчилиги кадимки почта аркылуу жөнөтүүнүн жардамы менен далилдениши мүмкүн. Материалдар конвертке салынып, чапталып автордун өзүнө жөнөтүлөт. Бузулбаган почта штампы сот үчүн материалдын түзүлгөндүгүнүн конкреттүү датасынын тастыктамасы болот.

Интернет өнүккөн заманда авторлуктун мөөнөтүн белгилөө чоң эмгекти талап кылбайт. Блогдогу кайсы болбосун жазуу, жайгаштырылган видеонун же сүрөттүн конкреттүү датасы бар, ошону текшерүү менен түпнуска контентти табууга болот. Эгерде материал жайгаштырылган сайт өчүрүлгөн болсо, ар түрдүү датасы менен сайттардын барактарынын архивдери Интернетте сакталат. Бул материалдар сотто далил катары колдонулушу мүмкүн.

Автордук укук объектилери милдеттүү каттоого жатпайт, бирок автордукту тастыктаган коргоо документтерин Кыргызпатенттен алууга болот. Бул жол-жоболоштуруу эркин, бирок аны алууга интеллектуалдык менчиктин бул объектисин сатуу зарылдыгында же, кызматкерди же окутуучуну сыйлоолордун же башка шыктандыруулардын алкагында автордук укук объектисине күбөлүк берүүнүн зарылдыгы жөнүндө билим берүү мекемелеринен же башка органдардан талаптар болгондо келиши мүмкүн.

Автордук укук чыгарманы жаратуучу үчүн өмүр бою жана автор өлгөн күндөн тартып 50 жыл аралыгында корголот. Бул учурда автордун мураскери укук ээси болот. 50 жылдык мөөнөттү эсептөөнүн ыңгайлуулугу үчүн кийинки жылдын 1-январынан тартып эсептелет.

Автордук укукту автордук келишим боюнча бир жолку төлөө же роялти менен берүүгө болот. Ушундай кырдаалдарга, басма менен келишим түзүп, ага болбогон гонорар алган адабий чыгармалардын баштоочу авторлору дуушар болушат, бирок китептин ийгилиги арткан учурда автор өз алдынча китепти

кайра басып чыгаруу же башка өлкөлөрдүн тилдерине которуу, сатуу, ошондой эле, эгерде мындай пункттар баштапкы контрактта көрсөтүлбөсө, сый акы алуу укугунун процесстерин жөнгө сала албайт.

Автордук укуктарга караганда чектеш укуктардын принципиалдуу айырмачылыктары – чыгармачылык фактынын жоктугунун мүмкүндүгү. Мисалы, обондуу ырды жаздырууда фонограммага чектеш укуктарга үн режиссеру, саунд-продюссер жана маселенин техникалык тараптарынын башка катышуучулары ээ болот. Чектеш укуктар биринчи аткарылган күндөн тартып 50 жыл аралыгында корголот.

## *Патенттөө механизми*

Патенттик укук объектилери атайын документ – ойлоп табууга, пайдалуу моделге же өнөр жай үлгүлөрүнө Кыргыз Республикасынын патенти менен корголот. Коргоо мөөнөтүн эсептөө патенттик ведомствого патент алууга өтүнмө берилген датадан тартып эсептеле баштайт. Эл аралык патенттөөдө патентти укуктук коргоонун көлөмү улуттук патентти алуунун географиясы менен чектелет. Ошентип, Кыргыз Республикасында алынган патентке ойлоп табууга укуктук коргоо Кыргыз Республикасынын аймагында гана берилет.


3-сүрөттө патенттик укуктун үч объектисинин ар бирине негизги мүнөздүү белгилери берилген.

Патенттик укук объектилерин коргоонун маанилүү критерийлери болуп, ойлоп табуунун же пайдалуу моделдин формулалары – ойлоп табуунун атайын бөлүгүндө, ошондой эле өнөр жай үлгүлөрү үчүн схемаларда же чиймелерде белгиленген жаңычылдык саналат. Патенттик укук объектилерин укуктук коргоо формулада ачылган ойлоп табуу аспектилерине жана тиешелүү документтер жана материалдар менен тастыкталган изилдөөлөргө, тестирлөөгө жана сыноолорго гана жайылтылат.

Патенттөөнү 4 этапка бөлүүгө болот:

1) Патент алууга өтүнмө түзүү жана патенттик ведомствого өтүнмө берүү.
2) Өтүнмөгө формалдуу экспертиза жүргүзүү.
3) Маңызы боюнча экспертиза жүргүзүү.
4) Каттоо жана Патент берүү.

Ойлоп табууга патенттерди укуктук коргоонун жалпы мөөнөтү 20 жылды, пайдалуу модель үчүн 3 жылга узартуу укугу менен 5 жылды, ал эми өнөр жай үлгүсү үчүн 5 жылга узартуу укугу менен 10 жылды түзөт. Патенттик укук объектилерин укуктук коргоо мөөнөтү бүткөндө коомдук кенчке өтөт жана техниканын жалпы дүйнөлүк деңгээлин түзөт.




*2-сүрөт. Патенттик укук объектилеринин мүнөздөмөсү*

Селекциялык жетишкендиктер дагы патент менен корголо тургандыгын белгилөө керек, бирок интеллектуалдык менчиктин бул объектилери үчүн каттоонун жана укуктук коргоонун өз жеке эрежелери бар болгондуктан, аларды патенттик укук институтуна киргизишпейт.

## *Жекелештирүү жана ноу-хау каражаттары*

Жекелештирүү каражаттары катары, ошондой эле тейлөө белгилери жана товар чыгарылган жерлердин аталыштары бар болсо дагы көбүнчө товардык белгилер түшүнүлөт. Кыргызпатент товардык белгилерге Кыргыз Республикасынын бардык аймагынын көрсөтүлгөн чегинде колдонууга бул белгини пайдалануу укугун тастыктаган күбөлүк берет. Башка өлкөлөрдө товардык белгиге укуктарды каттоо эл аралык рынокко компаниянын продукциясын чыгаруу боюнча пландар бар болгондо керек. Көбүнчө ата мекендик компаниялар Кытайдагы өнөктөштөрү менен соода мамилелеринин башталышында Кытайда башка компанияларга катталган жеке белгисинин товардык белгилердин кытай реесрлеринде бар болгондугу табылган учурларда келип чыгат. Ошентип, бул өлкөдөгү бизнес кытай компаниялары тарабынан кошумча киреше түзүү жолу менен, бул өлкөдө аларга укуктарды белгинин бул ээсинен сатып алууга аргасыз кылуу үчүн мурдараак камкордук көргөн.

Укук боюнча абдан табышмактуу интеллектуалдык менчик объектилери болуп, ноу-хау же өндүрүш сырлары эсептелет. Бул объектини коргоо үчүн мамлекеттик органдын катышуусу талап кылынбайт, анткени мындай учурда


коргоо коммерциялык сыр режиминде укук ээсинин компаниясынын аймагында колдонуунун негизинде жүзөгө ашырылат. Ошентип белгилүү газдалган суусундуктун же чөптөрдүн аралашмаларынын жана тез тамактануу ресторандарынын ири тармактарындагы татымалдардын жашырын рецепттери сыр катары сакталат, ал эми компаниялар бул сырдын сакталуусун камсыздоо үчүн керектүү бардык аракеттерди кабыл алышат. Ноу-хауга укуктар коммерциялык сырдын режимин сактоо жүзөгө ашырылып турганга чейин компанияга таандык болот. Ошондуктан ноу-хау үчүн башкы коркунуч болуп, өнөр жайлык шпионаж же стратегиялык маанилүү маалыматтын чыгып кетүүсүнө жол берген компаниянын кызматкерлеринин шалаакылыгы саналат.

Ошентип, интеллектуалдык менчик болуп адамдын интеллектуалдык (чыгармачылык) ишмерлдүүлүгүнүн натыйжалары, ошондой эле ага теңештирилген юридикалык жактарды, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жекелештирүү каражаттары саналат. Бүгүнкү күндө интеллектуалдык менчиктин жаңы объектисин жаратуу процессин чыгармачылык менен түзүүгө тиешелүү маселе негизги болуп калгандыктан, интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларынын автору катары компьютерди таануу талаш маселе боюнча калып жаткандыгын белгилөөгө болот. Компьютер тигил же бул эсептерди жүзөгө ашырат, процесстерди моделдөөнү жүргүзөт же маалыматтардын негизинде божомолдорду жүзөгө ашырат, ал аны түзүүчү, башкача айтканда адам тарабынан иштелип чыккан программалардын жана алгоритмдердин негизинде жасайт. Жасалма интеллекттерди иштеп чыгуу жаатындагы адистер белгилегендей, бүгүнкү акылдуу машиналар, алар бирдемени түзө алышы мүмкүн болгону менен, бул процессте өзүн аңдабагандыктан, чыгармачылык процесстен алыс. Бул фондо чыгармага, мисалы, чыгармачылык процесстен канааттануу ала алышабы, өздөрүнүн алектенүүлөрүнүн максаттарын аңдай алышабы, чындыгында белгисиз, компьютерден айырмаланып, жаныбарлардын активдүү катышуусунда тартылган фотосүрөткө же картинага адам укугун талашуу менен байланышкан прецедент эсте каларлык.

## 11. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК УКУКТАРЫНЫН СУБЪЕКТИЛЕРИ ЖАНА ОБЪЕКТИЛЕРИ

### *Интеллектуалдык менчик укуктарынын субъектилери*

ИМ укуктарынын субъекти – бул автор, укук ээси (патент ээси), мураскер.



*1-сүрөт. ИМ объектисинин укук ээси*



*2-сүрөт. Субъект ИМ жаратууда*

1-таблица. ИМ укуктарынын субъектилери жана ага таандык укуктардын тизмеси

| ИМ укуктарынын субъектилери | Ким боло алат? | Ага эмне таандык | Мыйзамга шилтеме |
|---|---|---|---|
| Автор | Чыгармачылык эмгеги менен ушундай натыйжаны жараткан жак | Мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктар | Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1039 статьясынын 1-пункту, 1091-статьясы |
| Укук ээси (патент ээси) | Жеке жана юридикалык жактар | Мүлктүк укуктар | Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1040, 1089-статьялары |

*Интеллектуалдык менчик укуктарынын субъектилеринин интеллектуалдык укуктары*

Укук субъектилери (автор, укук ээси, мураскер) интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарга ээ. Интеллектуалдык менчик объектиси интеллектуалдык ишмердүүлүктүн, кыскартып айтканда ИИНдин натыйжасы гана. ИМ субъектилери (авторлор) ИМ объектилерин жаратышат жана алар (укук ээлери) тарабынан тескелет.

Мыйзам тарабынан нтеллектуалдык менчик объектилерине таанылган укуктар – бул мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктар.

Мүлктүк укуктар укук ээлери менен байланышкан. Укук ээси өз ыктыяры менен жекелештирүү каражаттарына же интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын пайдаланууга башка жакка уруксат берет жана тыюу салат. Тыюу салуунун жок болушу КР ГКсынын 1040-статьясына ылайык уруксат берилди деп эсептелбейт.

Жеке мүлктүк эмес укуктар интеллектуалдык ишмердүүлүк продуктысынын автору менен түздөн-түз байланышкан, өзүнө төмөнкүлөрдү: авторлукка, ысымга ж.б.у.с. укукту камтыйт (КР ГКсынын 1057-статьясына 1-п.). Алардын баары автордон ажыратууга жана үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө жатпайт.

2-таблица. Мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктар

| Чыгарманын авторуна таандык укуктар | Укуктун мазмуну | Мыйзамга шилтеме |
|---|---|---|
| Мүлктүк укук | Бул натыйжаны мыйзамга каршы келбеген кайсы болбосун ыкма менен пайдаланууга укуктуу ИИНге мүлктүк укукка ээ болгон жак. | Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1040-статьясы |
| Авторлукка укук (жеке мүлктүк эмес) | Автор жараткан чыгармага укук таанылат. | Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1058-статьясы |
| Ысымга укук (жеке мүлктүк эмес) | Өзүнүн атынан, купуя ысым же жашыруун ат менен чыгарманы | Кыргыз Республика |

| | | |
|---|---|---|
| | пайдалануу укугу же пайдаланууга уруксат берүү. | сынын Граждандык кодексинин 1059-статьясы |
| Чыгарманы элге белгилүү кылуу укугу (жеке мүлктүк эмес) | Чыгарманы биринчи жолу жалпы элдик маалымат үчүн жеткиликтүү кылган аракеттерди жүзөгө ашырууга макулдук берүү укугу. | Кыргыз Республика сынын Граждандык кодексинин 1061-статьясы |
| Кайра чакыртып алуу укугу (жеке мүлктүк эмес) | Автордун өзүнүн чыгармасын мурда кабыл алынган элге белгилүү кылуу чечиминен баш тартуу укугу. | Кыргыз Республика сынын Граждандык кодексинин 1061-статьясынын 2-пункту |
| Чыгарманын кол тийгистик укугу (жеке мүлктүк эмес) | Автордун макулдугусуз анын чыгармасына өзгөртүүлөрдү, кыскартууларды жана толуктоолорду киргизүүгө, аны аткарууда иллюстрациялар, кириш сөз, соңку сөз, комментарийлер же кандайдыр-бир түшүндүрмөлөр менен жабдууга жол берилбейт. | Кыргыз Республика сынын Граждандык кодексинин 1060-статьясы |
| Кызматтык ойлоп табуулар үчүн сый акыга укук | КР Өкмөтү кызматтык ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү үчүн сый акы төлөөнүн эрежелерин бекиткен. | Кыргыз Республика сынын Граждандык кодексинин 1093-статьясы |

## *“Интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларынын автору” түшүнүгүн ченемдик аныктоо*

Авторлор ИМ объектисин жаратуу менен, материалдык жана руханий позициядан коомду өнүктүрүүгө мүмкүндүк түзөт.

ИМ автору – бул чыгармачыл адам. Адабий чыгарманын автору – бул мугалим жана насаатчы дагы. Адабий чыгармалар инсандын жакшы сапатын калыптандырат, туура жашоого үйрөтөт.

Өнөр жай менчик объектилеринин – ойлоп табуулардын, пайдалуу моделдердин, өнөр жай үлгүлөрүнүн автору, жаңы анык эмес техникалык чечимдерди жаратат, аны пайдалануу биздин өлкөнүн илимий-техникалык мүмкүнчүлүгүн жогорулатат.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1039-статьясынын 3-пунктунда интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларынын автору жөнүндө аныктама жана түшүндүрмө берилет.

ИИНдин автору катары чыгармачылык эмгеги менен ушундай натыйжаны жараткан жаран таанылат.

Натыйжаны жаратууда жеке чыгармачылык салым кошпогон жарандар интеллектуалдык ишмердүүлүк натыйжаларынын автору деп таанылбайт. Алар авторго техникалык, кеңеш берүү, уюштуруу, материалдык көмөк көрсөтүшкөн. Ушундай натыйжага же аны пайдаланууга укукту тариздөөгө мүмкүндүк беришкен.

Интеллектуалдык ишмердүүлүк натыйжасынын авторуна автордук укук, ал эми Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде каралган учурларда ысымга укук жана башка жеке мүлктүк эмес укуктар таандык.

Автордук укук, ысымга укук жана автордун башка жеке мүлктүк эмес укуктары ажыратылбас жана өткөрүп берилгис. Бул укуктардан баш тартуу жарамсыз.

Авторчулук жана автордун ысымы мөөнөтсүз корголот.

Чыгармачылык менен жасалган ИИНге өзгөчө укук алгач анын авторуна келип чыгат. Бул укук автор тарабынан келишим боюнча башка жакка өткөрүп берилиши мүмкүн, ошондой эле мыйзамда белгиленген башка негиздер боюнча башка жакка өтүшү мүмкүн.

Эки же андан көп жарандардын биргелешкен чыгармачылык эмгеги менен (авторлош) жаралган интеллектуалдык ишмердүүлүк натыйжасына укуктар авторлошторго чогуу таандык болот.

Автордук укук, ысымга укук жана автордун беделин коргоо укугу мөөнөтсүз корголот. Автор өлгөндөн кийин бул укуктар анын мураскери, Кыргыз Республикасынын атайын ыйгарым укуктуу органы же автор атайын көрсөткөн жак тарабынан корголот.

Автордук укуктун күчүнүн мөөнөтү аяктаган соң чыгарма жалпы элдик кенчке айланат. Мындай чыгармалар автордук укукту, ысымга укукту жана

автордун беделин коргоо укугун сактоо менен, автордук сый акы төлөбөстөн, кайсы болбосун жак тарабынан аткарыла берет.

Илимдин, адабияттын, искусствонун чыгармаларына автордук укук ал жаралган фактыдан тартып күчүнө кирет жана автор жашаган мезгил ичинде жана ал өлгөндөн кийин 50 жылга чейин колдонулат.

Автордук укуктун келип чыгышы жана жүзөгө ашырылышы үчүн чыгарманы каттоо же кандайдыр-бир формалдуулукту сактоо талап кылынбайт. Чыгарманын ар бир нускасында жайгашкан © (copyright) белгиси бул чыгармага автордун укуктары жөнүндө кабарлоо үчүн гана колдонулат. Анын жоктугу автордук-укуктук коргоонун жоктугун билдирбейт.

Интеллектуалдык ишмердүүлүк натыйжаларына өзгөчө (мүлктүк) укуктар белгиленген мөөнөт аралыгына колдонулат.

Интеллектуалдык менчик объектилеринин көп бөлүгүн өнөр жай менчик объектилери түзөт. Бул ойлоп табуу, өнөр жай үлгүлөрү жана пайдалуу моделдер. Өзгөчө укуктук укук ээлери патент ээлери деп аталат, анткени өнөр жай менчик объектилерине патент берилет.

Өнөр жай менчик объектилерине өзгөчө укук объектилерди Кыргызпатентте ойлоп табуу, пайдалуу модель, өнөр жай үлгүсү катары каттоодо жана коргоо документин – патентти берген учурда келип чыгат.

Ар кандай эле техникалык чечимге же буюмдун сырткы көрүнүшүнүн көркөм-конструктордук чечимине эмес, патентке жөндөмдүүлүк критерийлерге жооп берген ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге, өнөр жай үлгүлөрүнө гана патент берилет. Патент аны берген өлкөнүн аймагында гана колдонулат.

Ошентип ойлоп табууга өзгөчө укуктун күчүнүн мөөнөтү 20 жылды, пайдалуу моделге – 5 жылды, 3 жылга узартуу укугу менен, түзөт.

Өнөр жай үлгүлөрүнө патент 5 жылга узартуу укугу менен 10 жылга берилет.


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

КЫРГЫЗПАТЕНТ

Ойлоп табуга берилген

ПАТЕНТ

№ 388

Ойлоп табуунун аталышы: *Суулуу чөйрөдөн органикалык заттарды алуу ыкмасы*

Патент ээси: *Бехтерев Виктор Николаевич (RU)*

Автору (авторлору): *Бехтерев Виктор Николаевич (RU)*

Өтүнмөнүн № *20180016.1*

Ойлоп табуунун артыкчылыгы: *19.02.2018-ж.*

Кыргыз Республикасынын ойлоп табууларынын мамлекеттик реестринде катталган: *30.06.2020-ж.*

KYRGYZPATENT

Бул патент Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ойлоп табууга артыкчылыгын, авторлугун жана өзгөчө укугун тастыктайт

*Төрайым* *Д. Молдошева*

*3-сүрөт. Патент – ойлоп табууга өзгөчө укукту күбөлөндүрүүчү коргоо документи. Патентте ИМ укуктарынын субъектилери – патент ээлери жана авторлор көрсөтүлгөн.*

## *Интеллектуалдык менчик укуктарынын объектилери*

ИМ укуктарынын объектилеринен мисалдар

Мындан ары ИМ укуктарынын субъектилери тарабынан жаратылган ИМ укуктарынын бир нече объектилеринин сүрөттөрү келтирилген.

*4-сүрөт.* **Ойлоп табуулар**:








*5-сүрөт.* **Өнөр жай үлгүлөрү**:





*6-сүрөт.***Аткаруулар:**



*7-сүрөт.***Илим, адабият жана искусство чыгармалары**:





## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Ким интеллектуалдык ишмердүүлүк натыйжаларынын (ИИН) автору (авторлошу) деп таанылбайт?

Эки жоопту танда;
a/ ИИНге укуктарды тариздөөгө мүмкүндүк түзгөн жак.
b/ ИИНди чыгармачылык эмгек менен жараткан жак.
c/ Авторго техникалык, кеңеш берүү, уюштуруу, материалдык көмөк көрсөткөн жак.
(Туура жооп – a. c.)
2. Патенттин аймактык чеги кандай?
Бир жоопту тандагыла:
a/ Патент дүйнө жүзүнүн бардык өлкөлөрүнүн аймагында колдонулат.
b/ Патент патент берген өлкөнүн аймагында колдонулат.
c/ Патент Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунунун (БСУ) бардык мүчө-мамлекеттеринин аймагында колдонулат.
(Туура жооп: b).
3. Ойлоп табууга, пайдалуу моделге, өнөр жай үлгүлөрүнө кандай коргоо документи берилет?
Бир жоопту тандагыла:
a/ Каттоо жөнүндө күбөлүк.
b/ Автордук күбөлүк.
c/ Патент.
(Туура жооп: c).
4. Мектепте сабактардын расписаниесин түзүү үчүн автордук сый акыны мектептин жетекчилиги кимге төлөйт?
Бир жоопту тандагыла:
a/ Расписание түзгөн кызматкерге.
b/ Эч кимге.
c/ Сый акы үчүн биринчи келген адамга.
(Туура жооп: b).
5. Ким илим, адабият жана искусство чыгармаларынын автору катары таанылат?
Бир жоопту тандагыла:
a/ Кызматтык чыгарма жаралган учурда юридикалык жак.
b/ Чыгарманы басып чыгаруучу.
c/ Автордук укук келишими боюнча тапшырыкчы.
d/ Чыгармачылык эмгеги менен аны жараткан жаран.
(Туура жооп: d ).
6. Эмне автордук укук объектиси болуп саналбайт?
Бир жоопту тандагыла:
a/ Адабий чыгарма.
b/ Анекдот.
c/ Карикатура.
(Туура жооп: b).
7. Өнөр жай менчик объектилерине эмне кирет?
a/ Адабий, илимий жана көркөм чыгармалар.
b/ Интегралдык микросхемалардын топологиялары.
c/ Ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү.
(Туура жооп: c).
Интеллектуалдык менчик (ИМ) укуктарынын субъектилери
ИМ укуктарынын субъектилери – бул автор, укук ээси (патент ээси) мураскер.

# 12. ИНТЕРНЕТТЕ МААЛЫМАТТЫ ТАЛДОО МИСАЛЫНДА ПАТЕНТТИК ИЗДӨӨ

*Патенттик издөө эмне үчүн керек?*

Интеллектуалдык менчик объектисин коргоо мүмкүндүгүн аныктоочу башкы чен белгилерден болуп, анын коргоого жөндөмдүүлүгү саналат, башкача айтканда, объект колдонуудагы мыйзамдардын алкагында жана ага көрсөтүлүүчү чен белгилерге жооп бериши керек жана интеллектуалдык менчиктин бул объектиси 17 түрдүн ичинен бирөөсүнө сөзсүз түрдө кирүүгө мүмкүндүк түзүшү керек.

Мындан сырткары, объектинин тазалыгы негизги ролду ойнойт, башкача айтканда, ал убакыттын ошол мезгилинде биздин өлкөнүн аймагында кимдир-бирөө тарабынан корголбошу керек, ошондой эле мурда эске алынбай, биринчи жолу кездешип, ошону менен жаңычылдыгы тастыкталышы зарыл. Бул чен белгилерди көбүнчө патенттик тазалыкка жана патентке жөндөмдүүлүккө текшерүүнү жүзөгө ашыруу менен патенттик укук объектилерине жайылтышат. Бул бөлүмдө биз патенттик издөөнү жүргүзүү милдеттери жана максаттары жөнүндө базалык көрүнүштү түзөбүз, ошондой эле анын жардамы менен үйрөнүүчү патенттик издөөнү өз алдынча жүргүзө ала турган негизги куралдарды караштырабыз.

Патенттик издөө уюмдун квалификациялуу кызматкерлери, маселен штаттык патент адистери тарабынан жүргүзүлөт, же патенттик ишенимдүү өкүлгө кайрылуу менен аутсорсинг аркылуу жүзөгө ашырылат. Патенттик издөө ойлоп табуучу тарабынан өз алдынча жүргүзүлүшү да мүмкүн. Патенттик издөөнүн максаты тандоо куралдарын жана милдеттерин аныктайт.

Патенттик издөөнүн негизги багыттарын бөлүп карайбыз: Техника деңгээлин изилдөө:

- негизги технологияларды, тенденция тренддерин талдоо;
- биздин продукциянын болгон техника деңгээлине дал келишин баалоо;
- рынокто болгон чечимдер менен салыштырууда биздин продукциянын жаныңчылдыгын аныктоо;
- продукциялар үчүн рыноктун ачык жерин тандоо;
- иштеп чыгуунун баштапкы этаптарында укук бузуулардын тобокелдиктерин азайтуу (патенттик тазалык);
- интеллектуалдык менчиктин катталган объектилерине биздин уктардын бузулушун табуу;
- биздин технологияларды жана биздин компанияларды сатып ала алган / сатып алууга мүмкүндүгү бар технологиялар жана компаниялар жөнүндө маалымат алуу;
- тандалып алынган багытта тоскоолдуксуз ишмердүүлүк жүргүзүү максатында атаандаштардын интеллектуалдык менчик уктарын коргоо жылчыктарын табуу.

## *Патенттик издөө жүргүзүүнүн этаптары*

Патенттик издөө жүргүзүүнү сегиз негизги этаптарга бөлүүгө болот:

1) Издөөнүн максаттарын жана милдеттерин аныктоо;

2) Маалымат булактарын аныктоо;

3) Издөө объектисин конкреттештирүү;

4) Бекитилген регламентке ылайык маалыматтарды издөө жана тандоо жүргүзүү;

5) Алынган маалыматтарды системалаштыруу;

6) Өз ара байланыштарды табуу;

7) Алынган өз ара байланышты талдоо;

8) Отчет түрүндө изилдөөлөрдүн натыйжаларын тариздөө:

- патенттик издөө жөнүндө отчет;
- патенттик ландшафт жөнүндө отчет.

Тажрыйбалык-конструктордук, илимий-изилдөө жана башка иштерди жүргүзүүгө колдонуудагы мамлекеттик контракттардын негизинде иштерди аткарууда патенттик изилдөө жүргүзүү милдеттүү болуп саналат. Издөө жүргүзүү жана отчеттук документацияны түзүү эрежеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-октябрында № 685 токтому менен бекитилген Ойлоп табууга патент берүүгө өтүнмөлөрдү түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелеринде, Пайдалуу моделге патент берүүгө өтүнмөлөрдү түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелеринде, Өнөр жай үлгүлөрүнө патент берүүгө өтүнмөлөрдү түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелеринде баяндалат.

Патенттик изилдөөлөрдү жүргүзүү татаал милдет болуп саналарын белгилөө керек, ошондуктан жүргүзүлгөн патенттик изилдөөнүн натыйжалары боюнча отчетторду түзүү кылдаттыгын үйрөнүүнү интеллектуалдык менчикти башкаруу жаатында магистратуранын адистештирилген билим берүү программаларынын алкагына өткөрүү максатка ылайыктуу. Ошондой эле патенттик издөөнүн негиздери аспирантурада окутуучуларды-изилдөөчүлөрдү даярдоо программасынын негизине кирет.

## *Патенттик издөө үчүн маалымат булактары*


Орто мектептерде билим берүү процессинин алкагында патенттик издөөнүн негиздерин үйрөнүү үчүн рынокто бир канча санда көрсөтүлгөн патенттик изилдөө өткөрүүнүн атайын программалык каражаттарынын болушу талап кылынбайт. Интернетке чыгууга компьютердик класстын болушу жеткиликтүү. 1-таблицада издөө жүргүзүү үчүн негизги маалыматтык ресурстар көрсөтүлгөн.

1-таблица.Патенттик издөө жүргүзүү үчүн маалыматтык ресурстар


| **Ведомство** | **Ресурс** | **Дарек** |
|---|---|---|
| Кыргызпатент (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги) | Расмий жарыялоолор – Өнөр жай менчик объектилери, товардык белгилер, ЭЭМ үчүн программалар жана маалымат базалары боюнча Кыргызпатенттин расмий бюллетени | http://patent.kg/ru/publish-2/ |
| | Кыргызпатенттин маалыматтык-издөө системасы – электрондук маалымат базалары менен иштөө | http://base.patent.kg/ |
| Роспатент (Федералдык өнөр жай менчик институту) | Расмий жарыялоолор – Өнөр жай менчик объектилери, товардык белгилер, ЭЭМ үчүн программалар жана маалымат базалары боюнча Роспатенттин расмий бюллетени | http://new.fips.ru/publicati on-web/ |
| | Роспатенттин маалыматтык-издөө системасы – электрондук маалымат базалары менен иштөө | https://new.fips.ru/iiss/ |
| | Ачык реестрлер – аларды номери боюнча алууга өтүнмөлөрдү жана конкреттүү коргоо документтерин издөө | https://new.fips.ru/registers-web/ |
| | PatScape – издөө-аналитикалык куралы | http://patscape.ru/search/new |
| Европа патенттик ведомствосу | ESPACENET – дүйнөнүн 90дон ашык өлкөсүнөн патенттик документтерди издөө системасы | https://worldwide.espacenet.com/ |
| Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму | PATENTSCOPE – ИМБДУнун акысыз издөө системасы | https://patentscope.wipo.int |

*Кыргызпатенттин Интернет-портал системасынын жардамы менен издөө*

Кыргызпатенттин Интернет-портал системасынын жардамы менен издөө жүргүзөбүз. Издөө системасынын башкы бетинен издөө жүргүзө турган ИМ объектисин тандап алабыз (4-сүрөт). Ойлоп табуу жана өнөр жай үлгүлөрүн тандап алабыз. “Улуттук маалымат базалары” кнопакасын басабыз (5-сүрөт).






*4-сүрөт. ИМ объектилерин тандоо*




*5-сүрөт. Издөө үчүн маалымат базаларын тандоо*

Керектүү маалыматтар базасын тандагандан кийин белгилүү маалыматтардын негизинде патенттик издөөнү жүзөгө ашыра турган издөө терезеси ачылат (6-сүрөт).




*6-сүрөт. Издөө формасы*


Издөө тармагын түзгөн патенттик изилдөөнүн этаптарынын бири – биз тараптан издөө жүргүзүлгөн предметтин жиктеминин индексин аныктоо болуп саналат. Бардык ведомстволор тарабынан колдонулуучу негизги жиктем болуп Эл аралык патенттик жиктөө (ЭПЖ) саналат. ЭПЖ 1971-жылы негизделген жана бүгүнкү күндө өздөрүнүн патенттик документтерин жарыялоодо аны 60тан ашык өлкөнүн ведомстволук уюмдары, анын ичинде Кыргыз Республикасы

пайдаланат. ЭПЖ билимдин бардык тармагын камтыйт, ошондуктан ал ЭПЖнын иерархиясынын жогорку деңгээлин көрсөтүүчү сегиз негизги бөлүмдөргө бөлүнгөн. Бөлүмдөрдүн аталыштары латын алфавитинин тамгаларына дал келет:

- А бөлүмү "Адамдардын тиричилик керектөөлөрүн канааттандыруу";
- В бөлүмү "Ар түрдүү технологиялык процесстер, ташуулар";
- С бөлүмү "Химия; металлургия";
- D бөлүмү "Текстиль; кагаз;
- Е бөлүмү Курулуш; тоо иштери;
- F бөлүмү "Машина куруу; жарыктандыруу; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соркысмалар; курал жарактар жана ок-дарылар; жардыруу иштери;
- G "Физика";
- Н бөлүмү "Электрчилик;

ЭПЖ өзүнөн жиктемдик индексттердин татаал иерархиялык системасын көрсөтөт, анын жардамы менен белгилүү терендик менен кайсы болбосун патенттик документтердин мазмунун шайкеш сыпаттоого болот. ЭПЖнын рубрикалары менен издөө аныкталган технологиялардын тигил же бул аспектилерин мүнөздөгөн патенттик документтердин мазмуну боюнча тектеш ылгамдарды түзүүгө мүмкүндүк берет. 96 Бардык жиктемдерге окшош, ЭПЖ жыл сайын каралып чыгат. Техникада жана технологияда өзгөртүүлөр болгондо жиктемге оңдоолор киргизилет. 2016.01 ЭПЖнын колдонуудагы божомолу 2016-жылдан тартып күчүнө кирген (2016-жылдан тартып ЭПЖнын ар бир божомолу бул божомол күчүнө кирген жыл жана ай менен, мисалы, ЭПЖ-2007.01, ЭПЖ-208.04 деп белгиленет). ЭПЖны карап чыгуунун мурда болуп өткөн бул жылдык мезгилинде анын текстине өзгөртүүлөрдүн олуттуу саны киргизилген (1026 жаңы рубрика киргизилип, 175и жокко чыгарылган), ал ЭПЖнын 7-бөлүмүнө дагы тиешелүү (карап чыгууга дуушар болбогон D бөлүмүнөн башкасы). Киргизилген оңдоолордун жалпы саны – 1528. МПК2016.01 божомолу 73377 рубриканы камтыйт. ЭПЖнын эталондук божомолу электрондук түрдө www.wipo.int/ipcpub дареги боюнча ИМБДУнун сайтында англис жана француз тилдеринде жарыяланат.

Биздин үйрөнүүчү издөөнүн максаттары үчүн негизги сөз боюнча издөө менен чектелебиз. Мисалы, издөө сурамынын 54-графасына «гидротаран» сөзүн киргизебиз. Акысыз базада издөөнүн натыйжасында бул тема боюнча 9 патенттик документ табылды (7-сүрөт). Эрежени эске алуу маанилүү – бир сурамга бир негизги сөз.



Информационно-поисковая система Кыргызпатента

Товарные знаки
ТИМС
НМПТ
Авторское право
Объекты смежных прав
ОТЗ
Базы данных
Изобретение
Полезная модель
Промышленный образец
Программы ЭВМ
Селекционные достижения
Традиционные знания
Рационализаторское предложение
Лицензионные договора

Найдено результатов: = 9

| Изобретения | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| № п/п | Входящий номер | (22) Дата подачи заявки | (54) Название | (11) Номер охранного документа | (15) Дата регистрации охранного документа |
| 1 | 2254 | 06.04.2009 | Гидротаран | 1273 | 30.06.2010 |
| 2 | 2586 | 06.07.2011 | Гидротаран | 1491 | 30.08.2012 |
| 3 | 2587 | 06.07.2011 | Гидротаран | 1507 | 31.10.2012 |
| 4 | 2605 | 05.08.2011 | Гидротаран | 1508 | 31.10.2012 |
| 5 | 2666 | 21.02.2012 | Гидротаран | 1553 | 31.05.2013 |
| 6 | 2782 | 08.04.2013 | Гидротаран | 1651 | 30.06.2014 |
| 7 | 2791 | 15.05.2013 | Гидротаран | 1652 | 30.06.2014 |
| 8 | 2968 | 07.08.2014 | Гидротаранный комплекс | 1786 | 30.09.2015 |
| 9 | 3140 | 16.01.2016 | Гидротаран | 1943 | 31.01.2017 |

*7-сүрөт. Издөөнүн натыйжалары*

Ар бир табылган объектиге чыкылдатуу менен иштеп чыгуулар жөнүндө керектүү маалыматтарды алууга, анын ичинде патенттик документтин колдонуудагы коргоо статусун билүүгө болот.

Ушундай эле принцип боюнча «ESPACENET» жана «PATENTSCOPE» издөө системалары иштейт. Бирок Европа патенттик базасынын издөө натыйжаларын андан ары иштеп чыгуу, мисалы, жалпыланган түрүндө патенттик ландшафттар деп аталган издөөнүн натыйжаларын графика жана башка визуализация менен куруу үчүн Excel форматында жүктөөгө болот.


## *Интернет желесинде издөө*

Бирок тазалыкка жөнөкөй издөө каражаттары болуп, негизги сөз менен абдан белгилүү «Google» жана «Яндекс» интернет сервистери аркылуу стандарттык издөө саналат. Издөө сурамына өзүңөрдүн иштеп чыгууларыңардын толук аталышын киргизбөө керек, анткени мындай учурда сиздин сурамды эске тутуп калган издөө агрегаттарынын алдында ноу-хау негизин түзгөн маалыматтарды ачуу тобокелдиги келип чыгат.

Интернет желесинин издөөчүлөрү силер каттоону пландаштырып жаткан өзүңөрдүн товардык белгини текшерүү үчүн да пайдалуу болушат. Эгерде силер товардык белгини каттоону пландаштырып жаткан болсоңор, издөө сервистери окшош сүрөттөрдү анализдөөнү аткарууга мүмкүндүк түзөт. Мындан сырткары, эгерде силердин товардык белги узак мезгил ичинде каттоосуз үзгүлтүксүз пайдаланылса, ал эми Интернеттин ар бир сайтында силердин логотипти жолуктурууга болсо, баарыдан мурда, каттоодо көйгөй жаралышы мүмкүн, анткени сүрөттүн биринчи булагын табуу дайыма эле мүмкүн эмес экенин эске алуу керек. Издөөнүн үй каражаттарынын дагы бири болуп, Интернет желесиндеги .ru жана .рф улуттук домендин Координациялык борборунун сервиси саналат. Домендер жана товардык белгилер боюнча атайын издөөнүн жардамы менен каттоо үчүн пландаштырылган ысымды

мурда катталган товардык белги менен дал келүү предметине текшерүүгө болот (8-сүрөт).

Ошентип, “Котик” сурамы боюнча товардык белгилер жана алардын укук ээлери жөнүндө маалымат алдык (9-сүрөт). Роспатенттин ачык реестри аркылуу товардык белгиге күбөлүктүн номерин билүү менен товардык белгини укуктук коргоонун көлөмүн аныктоого болот.


ДОМЕННЫЕ ИМЕНА
- Доменные имена .RU
- Доменные имена .РФ
- Доменные имена .ДЕТИ
- DNSSEC
- Инструменты
- Домены и товарные знаки
  - Аналитическое исследование
- Список удаляемых доменов

РЕГИСТРАТОРЫ
ОФИЦИАЛЬНЫЕ ДОКУМЕНТЫ
ПРЕСС-ЦЕНТР
НАША ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ
БЕЗОПАСНОСТЬ
СТАТИСТИКА
О КООРДИНАЦИОННОМ ЦЕНТРЕ

Домены и товарные знаки

В соответствии с Правилами регистрации доменных имен в доменах .RU и .РФ пользователь (администратор домена) самостоятельно несет ответственность за выбор доменного имени и за возможные нарушения прав третьих лиц, связанные с выбором и регистрацией доменного имени, а также несет риск убытков, связанных с такими нарушениями.

Проверка доменного имени на совпадение с товарными знаками

Онлайн-сервис предназначен для проверки наличия/отсутствия совпадений предполагаемого к регистрации (или зарегистрированного) доменного имени с зарегистрированными на территории Российской Федерации товарными знаками. Поиск товарных знаков осуществляется на основании актуального на дату запроса издания официального бюллетеня Федеральной службы по интеллектуальной собственности (Роспатента) «Товарные знаки, знаки обслуживания и наименования мест происхождения товаров».


В результатах поиска выдаются все совпадения (полные и частичные буквосочетания) запрошенного доменного имени (без учета «.ru» или «.рф») со словесным обозначением товарного знака. Результаты поиска предоставляются только для сведения. Оценка рисков и возможных правовых последствий не входит в объем сервиса и осуществляется пользователем самостоятельно.

Введите доменное имя
Например для cars.ru введите cars
для машины.рф введите машины

Проверить

POWERED BY Online Patent

*5-сүрөт. Домендик ысымдар боюнча издөө формасы*


Введите доменное имя
Например для cars.ru введите cars
для машины.рф введите машины

котик

Проверить

POWERED BY Online Patent

| Товарный знак | Номер знака | Номер заявки | Правообладатель товарного знака |
|---|---|---|---|
| КОТИК | 233801 | 2001725659 | Общество с ограниченной ответственностью "Кондитерская фабрика "Русский шоколад", 121170, Москва, Кутузовский пр-кт, 36, корп. 4, стр. 48 (RU) |
| Котик | 586233 | 2014728355 | Закрытое акционерное общество "Фабрика "Русский шоколад", 121357, Москва, ул. Верейская, 29, стр. 143 (RU) |
| КОТИК ЗДОРОВЫЙ ЖИВОТИК | 593563 | 2015737974 | Общество с ограниченной ответственностью "Лайф Сайнсес Интеллект", 249033, Калужская область, г. Обнинск, ул. Горького, 4 (RU) |
| КОТИК и К | 489111 | 2012707054 | Общество с ограниченной ответственностью ПКФ "Пеллетс", 162604, Вологодская обл., г. Череповец, Северное Шоссе, 52В (RU) |

*4-сүрөт. Домендик ысымдар жана товардык белгилер боюнча издөөнүн натыйжалары*

Товардык белгилерди укуктук коргоо бул белги бул күбөлүк боюнча пайдаланылышы мүмкүн болгон класстардын санынын натыйжасында аныкталат. Товардык белгилер боюнча класстар канчалык көп болсо, аны каттоо ошончолук кымбат, бирок өзгөчө укуктарсыз бул товардык белгинин алдында өндүрүлбөгөн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү камтуу ошончолук кең.

Укук ээлеринин коомдорунун Евразия конфедерациясынын багыты боюнча 2019-жылдан тартып Кыргызпатент автордук сый акыларды жыйноо жана төлөп берүүнү автоматташтырууга мүмкүндүк түзгөн “Гиперграф” атайын программалык продуктысын өзүнүн ишмердүүлүгүнө жайылтуу боюнча масштабдуу иш баштаган.

«Гиперграф» – бул автордук сый акыларды чегерүүнү башкаруу үчүн керектүү маалыматтарды берүүгө, сактоого жана иштеп чыгууга, глобалдуу желелерге сапаттуу жана ишенимдүү кошулууга кепилдик берген бирден-бир IT-инфраструктура.

Азыркы учурда «Гиперграф» программалык продуктысы киргизилип, Кыргызпатент тарабынан 2020-жыл үчүн чогултулган автордук сый акылар бөлүштүрүлүп берилген.

«Гиперграф» автоматташтырылган системасы авторлорго жана укук ээлерине алыстатылган кирүү мүмкүндүгүн берет, анда автордук сый акынын которулган суммалары жөнүндө маалыматтарды жана автордун (укук ээсинин) “Жеке кабинетинен” аткарылган чыгармалары жөнүндө маалыматтарды кароого болот.

Аягында Кыргызпатент өз алдынча же таяныч уюмдардын желелери аркылуу патенттик издөө жүргүзүү маселелери боюнча маалымдоону жана кеңеш берүүнү жүзөгө ашырат. Кыргызпатенттин алдындагы Инновациялык борборго же өзүңөрдүн региондогу Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун бирине жардам үчүн кайрылсаңыздар болот.

# 13. ЛИЦЕНЗИЯЛАР ЖАНА КОММЕРЦИЯЛАШТЫРУУНУН БАШКА ЫКМАЛАРЫ

## *Интеллектуалдык менчикти коммерциялаштыруу*

Интеллектуалдык менчикти коммерциялаштыруу деп өлкөдө, ошондой эле чет өлкөлөрдө аны сатуудан, пайдалануудан киреше алууну айтышат.

Дүйнөдө жаңы товарлардын жана технологиялардын дээрлик көпчүлүгү пайда алуу үчүн чыгарылат. Интеллектуалдык менчиктин объектилери дагы ушундай эле пайда алуу үчүн жаратылат. Эч ким окубаган романдардын жана пайдаланылбаган ойлоп табуулардын кимге кереги бар? Ушул эрежелердин деле өзгөчөлүгү бар. Көптөгөн маанилүү жана пайдалуу ойлоп табуулар бир катар себептерге байланыштуу, талап кылынбай калышы дагы мүмкүн. Буга катуу үндүү жүргүнчүлөр авиалайнери мисал боло алат. Ушу сыяктуу эле алгач алардын чыгармаларын эл кабыл албай койгон жазуучулар, сүрөтчүлөр жана композиторлор тууралуу айтсак болот. Чайковдун “Ак куулар көлдө” же Вердинин “Аида” жөнүндө эскерүүлөр деле жетиштүү. Рыноктун мыйзамдары каардуу келет жана бардык укук ээлери, жеке жактар, ошондой эле уюмдардын топ менеджерлери интеллектуалдык менчик объектилерин кымбатыраак сатып, андан башка ыкма менен көбүрөөк пайда алууга умтулушат.

Интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциялаштыруу – бул аны пайдалануудан же сатуудан пайда алуу, б.а. объектинин ээсинин киреше же башка пайда алуусу.

Интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциялаштырууда эки принципиалдуу түрдүү ыкма бар.

Биринчи ыкма качан интеллектуалдык менчик объектисин түзүүнүн зарылдыгы аны ийгиликтүү коммерциялаштырууда анык мүмкүнчүлүккө жана рыноктун керектөөсүнө байланыштуу келип чыгат. Мындай учурда интеллектуалдык менчик объектиси план боюнча жана эреже катары, техникалык тапшырма боюнча иштелип чыгат. Ал тапшырманын талаптарына жооп бериши жана коюлган милдетти чечүүсү керек, мисалы эмгек түйшүгүн төмөндөтүү, ишенимдүүлүктү жогорулатуу, бекемдигин көбөйтүү же белгиленген продуктка жаңы функцияларды кошумчалоо. Ушу сыяктуу интеллектуалдык менчик объектиси илимий-өндүрүштүк же илимий уюмдарда чыгарылат. Пландалган интеллектуалдык менчик объектилери уюмдун-иштеп чыгуучунун жеке каражаттарынын эсебинен, ошондой эле контракт, мамлекеттик коргоо тапшырыгы жана ж.б. боюнча чыгарылат.


Экинчи ыкма интеллектуалдык менчик объектиси жөнүндө“алгачкы” идея иштеп чыгуучунун башына ички таасирлерден улам пайда болгон учурлар үчүн мүнөздүү жана аны иш жүзүнө ашырууга умтулат. Ушу сыяктуу идеялардын анча көп болбогон бөлүгү гана конкреттүү продуктта реалдуу ишке

ашырылганы өкүнүчтүү. Ушундай интеллектуалдык менчик объектилеринин мындан дагы аз саны стартапка жетет жана чанда аз саны гана пайдаланып келет.

Эреже катары экинчи ыкманы жалгыз ойлоп табуучулар пайдаланат.

Ички таасирлерден улам пайда болгон интеллектуалдык менчик объектилерин башкаруу аны коммерциялаштырууга алып келет.

Божомолдонгон ар түрдүүлүккө карабастан, интеллектуалдык менчик объектисин коммерциялаштыруунун эки ишенимдүү ыкмасы бар: интеллектуалдык менчик объектисине лицензияны үчүнчү жактарга сатуу же аны жеке өндүрүштө пайдалануу (сүрөттү карагыла).




*1-сүрөт. Интеллектуалдык менчик объектисин коммерциялаштыруунун эки ыкмасы*

Интеллектуалдык менчикти коммерциялаштыруунун ыкмасы схемада так берилген.




*2-сүрөт. Интеллектуалдык менчик объектисин аны коммерциялаштыруу этабында башкаруу схемасы*

Интеллектуалдык менчик объектисине укуктарды сатуу же ижарага алуу аркылуу коммерциялаштыруу эң жөнөкөй жана абдан пайдалуу, ал чыгымга алып келбейт, анткени интеллектуалдык менчик объектиси бар.

Ушу сыяктуу коммерциялаштыруу чыгымсыз таза пайда алып келет. Чыгым интеллектуалдык менчик объектисине коргоо документин алуу үчун алымды төлөөдөн гана турат.

Интеллектуалдык менчиктин натыйжасына же интеллектуалдык менчик объектисине укуктарды пайдалуу сатуу – жалгыз автордун, ошондой эле ири уюмдун каалаган максаты. Бирок мындай учурлар чанда гана болот. Чет өлкөлөрдүн статистикасы боюнча жалгыз ойлоп табуучулардын миңден бири гана өзүнүн ойлоп табуусун ийгиликтүү сата алат.

## *Интеллектуалдык менчик объектисине укуктарды өткөрүп берүү*

Интеллектуалдык менчик объектисине өзгөчө укукка ээ болгон укук ээси:

- бул объектини өз алдынча пайдалана алат,
- аны башкалардын пайдалануусуна тыюу салат (атайын белгиленген өлкөлөрдө),
- интеллектуалдык менчик объектисине укуктарды башкара алат.

Интеллектуалдык менчик объектисине өзгөчө укуктарды башкаруу, жөнөкөйлөштүрүп айтканда, аны сатуу же ижарага берүү аркылуу ишке ашырылат. Иш жүзүндө мындай башкаруу атайын келишимдерди түзүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Ушундай келишимдердин эки негизги түрү бар:

- Интеллектуалдык менчик объектисине укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишим, мында ал башка жакка толугу менен өткөрүп берилет же
- Интеллектуалдык менчикти пайдалануу укугуна укуктарды берүүгө лицензиялык келишим.

Мындан тышкары, интеллектуалдык менчик объектисине өзгөчө укуктарды дагы бир нече ыкмалар менен башкарууга болот, алар:

- өзгөчө укукту күрөө катары киргизүү,
- өзгөчө укукту уюмдун уставдык капиталына киргизүү,
- комплекстүү ишкердик лицензияны түзүү (франчайзинг).

## *Өзгөчө укукту өткөрүп берүү жөнүндө келишим*

Өзгөчө укук биринчи интеллектуалдык иштин натыйжасынын авторунда келип чыгат, андан кийин өзгөчө укукту ажыратуу жөнүндө келишимди түзүү аркылуу же башка ыкма менен укук ээсине өтүшү мүмкүн.

Өзгөчө укук толугу менен өтөт.

Өзгөчө укук бир нече укук ээлерине дагы берилиши мүмкүн (фирмалык

аталышка укуктан тышкары). Мындай учурда ал үлүштүк эмес, биргелешкен менчикти билдирет. Укук ээлеринин ар бири интеллектуалдык менчик объектисин п айдалана жана өз укуктарын өзүнчө коргой алышат, бирок өзгөчө укукту алар биргелешип гана башкара алышат.

Көпчүлүк учурда өзгөчө укукту өткөрүп берүү жөнүндө келишим сыйакыны түшүндүрөт. Бул бир ирет төлөм, ошондой эле мезгилдүү төлөмдөр болушу мүмкүн (роялти).

## *Лицензиялык келишим*

Лицензиялык келишим интеллектуалдык менчик объектисин белгиленген шартта, конкреттүү аймакта жана макулдашылган мөөнөткө пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимди билдирет.

Лицензиялык келишимдин эки негизги түрүн белгилешет:

өзгөчө лицензия жана өзгөчөлүксүз лицензия.

Келишимдин тараптары «лицензиар» жана «лицензиат» деп аталышат.

Жөнөкөй (өзгөчөлүксүз) лицензиялык келишим боюнча лицензиар башка жактарга лицензия берүүдөн жана объектти өз алдынча пайдаланууга укуктан ажыратылбайт.

Өзгөчө лицензия – бул үчүнчү жактарга лицензия берүү укуксуз келишим. Лицензиардын ошондой эле объектини пайдаланууга укугу жок.

Ар түрдүү жактар менен түрдүү багыттар үчүн лицензиялык келишимдердин ар түрдүү типтерин түзүүгө болот (даярдоо, жайылтуу ж.у.с.).

Кандай учурда болбосун, интеллектуалдык иштин натыйжасы ички таасирлерден улам пайда болдубу же ал пландалганбы, аны коммерциялаштыруудан жана интеллектуалдык менчик объектисин илгерилетүүгө акча коротуудан мурда, жаңы продукту алып келүүчү ийгиликти тыгыз иликтеп жана аны чыгаруу экономикалык жактан пайдалуубу, аныктоо зарыл.

Ушуга байланыштуу лицензияны сатуу эмес, интеллектуалдык менчик объектисинин негизиндеги даяр продуктуну сатуу жөнүндө сөз болуп жатса, анда инновацияны эмес, интеллектуалдык менчикти түшүнөрүбүздү билүүбүз зарыл.

Инновация, интеллектуалдык менчикти башкаруу дегенди түшүнөбүз – бул интеллектуалдык менчиктин коммерциялаштырылган натыйжасы, башкача айтканда киреше же башка пайда алып келүүчү интеллектуалдык менчиктин натыйжасы.

Инновация, интеллектуалдык менчик объектисинен айырмаланып, дайыма эки түзүүчүдөн турат: илимий-техникалык жана коммерциялык.

**Инновация = Интеллектуалдык менчиктин натыйжасы + Коммерциялаштыруу**

*3-сүрөт. Инновацияларды түзүүчүлөр*

Инновациянын ажырагыс бөлүгү маркетинг болуп саналат, ал кошумча инвестицияларды талап кылат. Ошондуктан коммерциялаштыруунун этабында божомолдоо менен интеллектуалдык менчиктин натыйжасынын экономикалык пайдасын баалоо маанилүү. Бул күтүлгөн пайда маркетингге, товарды чыгарууга жана илгерилетүүгө жумшалган чыгымдарды жаба алабы же жаба албайбы, ушуну билүү үчүн зарыл.

## *Интеллектуалдык менчиктин натыйжасынын техника-экономикалык көрсөткүчтөрүн жана аны коммерциялаштыруунун келечегин баалоо*

Эгерде техникалык чечим- кадимки эле “коңгуроосу менен кашык” эмес, татаал көп функциялуу түзүлүш же ыкма болсо, анда интеллектуалдык менчиктин натыйжасын пайдалануу экономикалык жактан пайдалуу экендигин кантип эсептөөгө болот?

Божомолдоочулар менен маркетологдорду чакыруулар эреже катары, ийгилик алып келбейт. Чакырылган экономисттер татаал абстракттуу эсептерди жүргүзүшөт, интегралдык теңдемелерди пайдаланышат, бирок алар берген божомолдор чанда дал келет, анткени алардын негизинде чакыруучу уюмда текшерилбегендер болот, ошондуктан негизделбеген же жетишсиз маалыматтар алынат. Экономикалык божомол эгер анын негизинде анык эмес же толук эмес маалымат болсо, анык болбойт.

Көпчүлүк учурда божомолдордун ичинен 5 – 7 венчурдук долбоордон бир гана долбоор жетишерлик пайда алып келгени белгилүү.

Анык талдоо жүргүзүүнүн негизги эрежеси төмөнкүлөрдөн турат: мында эч болбогондо эки божомол болушу керек: оптимисттик, инвесторлорду кызыктыруу үчүн керектүү жана пессимисттик – бул кырдаал ойдогудай болбой калгандагы абалды түшүндүрөт.

Экономикалык божомол инновациянын акталышын, эсептик мезгилге жана башка маанилүү маалыматтар үчүн кирешени божомолдоочу, чыгарыла турган продукциянын көлөмүн көрсөтүшү керек.

Татаал экономикалык божомолдор жана инвестициялык долбоорлордун эсептери алар продукцияны иштеп чыккан уюмдар үчүн туура келет.

ИИИде жана ЖОЖдордо интеллектуалдык менчиктин натыйжаларын иштеп чыгууда башкача кырдаал байкалууда, алар көпчүлүк учурда мүмкүн болгон тапшырыкчы же болбосо чыгарылуучу продуктуну сатуу көлөмү

тууралуу дагы билишпейт.

Бул учурда интеллектуалдык менчиктен алынган натыйжанын тагдыры жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн анын экономикалык баалуулугун божомолдоп болсо дагы, баалоо зарыл.

Бул үчүн эч болбогондо интеллектуалдык иштин натыйжасынын техникалык деңгээлине патенттик изилдөө жүргүзүү зарыл.

Патенттик изилдөөнүн жүрүшүндө интеллектуалдык иштин натыйжасынын техникалык деңгээлин жана экономикалык натыйжалуулугун аныктоо.

Патенттик изилдөөнү баштаганда интеллектуалдык иштин натыйжасын жана ага тиешелүү тармактын өнүгүү тенденцияларын карап чыгуу керек.

Изилдөөнүн жүрүшүндө интеллектуалдык иштин натыйжасынын экономикалык натыйжалуулугуна таасир этүүчү негизги көрсөткүчтөр аныкталат.

Андан кийин чыгарыла турган интеллектуалдык менчик объектисинин аналогдору аныкталат. Бул тармактагы алдыңкы уюмдар чыгаруучу аналогдорго көңул буруу зарыл. Аналогдордун негизги көрсөткүчтөрүнүн маанилери белгиленет.

Андан кийин изилденип жаткан интеллектуалдык иштин натыйжасына жана табылган аналогдордун техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрүнө салыштырма талдоо жүргүзүлөт.

Интеллектуалдык иштин натыйжасынын техникалык деңгээлинин жана экономикалык натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү

Интеллектуалдык иштин натыйжасынын көрсөткүчтөрү төмөнкүлөргө бөлүнөт:

- Сандык (кубаттуулук, энергия сыйымдуулук, өндүрүмдүүлүк, тактык, масса, тыш өлчөм жана ушу сыяктуулар), булар сандык маанилери менен мүнөздөлөт жана

- Сапаттык (тоскоолдуктарга туруштук берүү, эскирүүгө туруштук берүү, ыңгайлуулук, өрттөн коопсуздук жана ушу сыяктуулар), алар үч же беш баллдык шкала боюнча бааланат (мисалы, «начарыраак – бирдей – жакшыраак»).

Интеллектуалдык иштин натыйжасынын экономикалык натыйжалуулугуна таасир берүүчү көрсөткүчтөрүнө өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Алар мисалы: конструкцияны жеңилдетүү, оңдоого жарамдуулук, эмгек түйшүгүн төмөндөтүү, өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу, металлдын чыгымдалышын азайтуу болушу мүмкүн.

Изилденип жаткан интеллектуалдык иштин натыйжасына көрсөткүчтөрдүн жана алдыңкы жетишкендиктердин көрсөткүчтөрүнө көрсөткүчтөрүнө салыштырма талдоо жүргүзгөндөн кийин интеллектуалдык иштин натыйжасынын техникалык деңгээлин салыштырып, негиздөө менен аныктоо жетиштүү жана ал алдыңкы өндүрүүчүлөрдүн технологияларынан калып калдыбы же айрым көрсөткүчтөр боюнча алдыга чыктыбы, ушуларга жыйынтык чыгарса болот.

*Ийгиликтүү коммерциялаштыруунун шарттары*

Интеллектуалдык иштин натыйжасын ийгиликтүү коммерциялаштыруу үчүн бир катар шарттарды сактоо зарыл.

1) Товар жаңы жана өзгөчө болушу керек, б.а. атаандаштардын окшош товарларынан айырмаланып жана керектөөчүгө жаңы артыкчылыктарды берүүсү зарыл.
2) Товар конкреттүү рынок чөйрөсүнө жана конкреттүү керектөөчүгө багытталышы керек.
3) Товар рыноктун керектөөлөрүнө ылайык келиши керек.
4) Товар фирманын функционалдык, өндүрүштүк, региондук жана башка мүмкүнчүлүктөрүнө жана артыкчылыктарына ылайык келиши керек.
5) Товар негизги параметрлеринин суммасы боюнча атаандаштардын продукциясынан артыкчылыктуу болушу керек.
6) Товарды рынокко илгерилетүү пост-сатуу кызмат көрсөтүүлөрдүн толук топтому менен коштолот: кепилдендирүүчү тейлөө, пайдалануу боюнча нускамалар; зарыл учурда – пайдалануучуларды үйрөтүү жана ушу сыяктуулар.

Бирок ийгиликтүү коммерциялаштыруунун жогоруда аталган бардык шарттары аткарылса дагы, булар жетишсиз болушу мүмкүн. Мындан ары маркетинг чеберчилиги күчүнө кирет. Формалдуу айтканда, ийгиликтүү маркетинг – бул ийгиликтин 50% болуп эсептелет.

Ошондуктан инновациялык продуктуну коммерциялаштырууда маркетингдин ролу маанилүү. Ойлонуштурулбаган маркетинг интеллектуалдык менчиктин ийгиликтүү объектисин дагы бузуп салууга жөндөмдүү жана тескерисинче, керектөөчүгө болжол менен инновациялык продуктунун жогорулатылган баасын таңуулап бериши дагы мүмкүн. Ушундай таңуулап берилген продуктуларга мисалы: ультаүндүү кир жуучу машиналарды, көптөгөн биологиялык тамак-аш кошулмаларын, рактан жана СПИДден дарыларды киргизсек болот, бул дарылар дартты айыктырбастан, ырбатышат жана ушу сыяктуулар.

Маркетинг чеберчилигин изилдөө бул курстан тышкары дагы берилген, ошондуктан мындан ары биз интеллектуалдык менчик объектилерине колдонулуучу айрым принциптерди гана карап чыгабыз.

Коммерциялаштыруунун өзгөчөлүктөрүн шарттуу түрдө эки топко бөлөбүз:

- ири жана орто уюмдар үчүн;
- чакан бизнес жана жеке жактар үчүн.

Мындай бөлүштүрүү өндүрүүчүлөрдүн ортосунда так коюлган чектер болбосо дагы, финансылык жана өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүндөгү бир кыйла айырмачылыктарына байланыштуу.

## *Уюмда жаратылган интеллектуалдык менчик объектисин коммерциялаштыруу*

Уюмда интеллектуалдык менчик объектисин коммерциялаштыруу эгер мурда ушул объектини жаратуу пландалса же аны жаратуу боюнча илимий-изилдөө иштери пландалса, бир аз жеңилирээк болот.

Уюмда, эреже катары, интеллектуалдык менчик объектисинин негизинде продукция даярдоо үчүн өндүрүштүк кубаттуулук жана өздөштүрүлгөн рынок жана мүмкүнчүлүктүү тапшырыкчылар бар.

Ошондуктан кайрадан жаратылган интеллектуалдык менчиктин объектиси жаңы функцияларды, жаңы параметрлерди кошуу, баасын көбөйтүү же өздүк наркын төмөндөтүү менен, көпчүлүк учурда уюмдун продукциясында пайдаланылат.

Мындай пайдалануу тиешелүү продукцияны чет өлкөлөрдө пайдаланууга же сатууга башка уюмдар менен лицензиялык келишимдерди түзүү аркылуу интеллектуалдык менчик объектисине укуктарды кошумча коммерциялаштырууга көмөктөшөт.

Уюмда анын негизинде жаратылган интеллектуалдык менчик объектисин же продуктуну сатуунун мүмкүн болгон жолдорун санап берели.

1. Контракт же тапшырык боюнча инновациялык продуктун иштеп чыгуунун жүрүшүндө мурда жаратылган интеллектуалдык менчик объектисин пайдалануу. Ушуга байланыштуу интеллектуалдык менчик объектисинин эсептик же рыноктук наркы иштеп чыгуунун баасына кошулат.

2. Контракт же тапшырык боюнча илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук жумуштарды аткаруунун жүрүшүндө интеллектуалдык менчик объектисин жаратуу. Бул интеллектуалдык менчик объектисине тендерди утуп алууга, тапшырыктын баасын көбөйтүүгө же лицензияны сатууга мүмкүндүк берет.

3. Интеллектуалдык менчик объектисин уюмдун жеке каражатынын эсебинен, бирок акыркы продуктунун дараметтүү тапшырыкчы менен келишим боюнча жаратуу. Мындай учурда ушундай объектини кийин дараметтүү тапшырыкчыга сатуу мүмкүн болот.

4. Маркетингдик жана патенттик изилдөөлөрдүн негизинде уюмдун жеке каражатынын эсебинен интеллектуалдык менчик объектисин жаратуу. Мындан кийин конкреттүү, мурдан белгиленген керектөөчүлөргө сатууга болот, ушуга байланыштуу уюмдун топ-менеджерлери жана жооптуу менеджерлер продуктуну керектөөчүлөрдүн арасынан сатып алуучуларды өз алдынча табышы керек.

### *Илимий уюмда же жалгыз ойлоп табуучулар тарабынан жаратылган интеллектуалдык менчик объектисин сатуунун жолдору*

Өздөрүнүн жеке өндүрүшү болбогон университеттер, илимий уюмдар, жалгыз ойлоп табуучулар үчүн өз интеллектуалдык менчик объектисин ойдогудай ишке ашыруу болуп ага болгон укукту сатуу же аны пайдаланууга башка тараптар менен лицензиялык келишимди түзүү саналат.

Бирок конкреттүү продуктуга айлантыла элек, идея катары интеллектуалдык менчик объектисинин өзүн сатуу – бул сонун, бирок Кыргызстанда сейрек ишке ашырылуучу каалоо-тилек десек болот.

Интеллектуалдык менчик объектисин стартап баскычында, башкача айтканда, качан тажрыйбадан өткөн үлгүлөр жаратылганда сатууга болот. Бирок бул учурда рыноктун катаал мыйзамдары күчүнө кирет. Ойлоп табуунун негизинде башталган бизнес стандарттуу продуктулар жана технологиялар менен атаандашат, булардын эреже катары, өзүнүн жөнгө салынган коштомосунан улам, стартаптын жүрүшүндө артыкчылыктары көп.

Университетте, илимий уюмда же энтузиаст жараткан интеллектуалдык менчик объектисин же анын негизинде жасалган продуктуну сатуунун мүмкүн болгон жолдору.

1. Интеллектуалдык менчик объектиси камтылган продуктуну “нөлдөн тартып”, башкача айтканда стартаптын жүрүшүндө чыгаруу жана сатуу боюнча бизнести түзүү аркылуу коммерциялаштыруу.

2. Интеллектуалдык менчик объектисин уюмдун тааныган менеджерлери – дараметтүү сатып алуучулар байланышуу аркылуу сатуу.

3. Интеллектуалдык менчик объектисин инвестициялык форумдарда, конференцияларда, көргөзмөлөрдө илгерилетүү, бизнес периштелердин, технологиялар трансферлеринин тарамдары менен иштөө.

4. Интеллектуалдык менчик объектисин интеллектуалдык менчик сайттарында жана стартап аянтчаларында маалымат жайгаштыруу аркылуу сатуу.

5. Ортомчу аркылуу сатып алуучуларды издөө, мисалы: патенттик фирманы.

6. Интеллектуалдык менчик интернет-аукциондору же стартаптар үчүн интернет-аянтчалар аркылуу сатуу.

Интеллектуалдык менчик объектисинин негизинде жаратылган продуктуну же технологияны коммерциялаштырууда ойлоп табуу, пайдалуу модель, ЭЭМ үчүн программа же маалыматтар базасы – бул инновация эмес, анын бөлүгү гана экендигин түшүнүү зарыл.

Ар бир инновация эки түзүүчүдөн турат: креативдүү (илимий-техникалык) жана коммерциялык (маркетингдик).

Инновацияны илимий-техникалык түзүүчүлөр:

1) Интеллектуалдык менчик объектиси (ойлоп табуу, пайдалуу модель, өнөр жай үлгүсү, ноу-хау), б.а. корголгон жаңы, өзгөчө техникалык чечим, ал продуктуну же технологияны атаандаштарынын окшош объектилеринен коргойт жана ага жаңы пайдалуу касиеттерин, функцияларын же мүнөздөмөлөрүн билдирет.

2) Интеллектуалдык менчик объектисинин тажрыйбалуу үлгүсү.

3) Объектини же технологияны баяндоочу конструктордук документтер.

4) Объектинин өндүрүш процессин баяндоочу технологиялык документтер.

Инновацияны коммерциялык түзүүчүлөр:

1) Атаандаштыкка жөндөмдүү баа.

2) Атаандаштык деңгээлдеги негизги техника-экономикалык көрсөткүчтөр жана сапаттын көрсөткүчтөрү.

3) Өндүрүүчүнүн кепилдиги жана анын ишкер аброю.

4) Сервис, башкача айтканда сатуудан кийин тейлөө, пайдаланууда коштоо, пайдалануу жана тейлөө боюнча нускамалар жана сунуштар.

Атаандаштык рынокто инновацияларды сатууда рыноктун жалпы мыйзамдары колдонулат, аларды эске алуу зарыл. Биринчи, белгиленген инвестицияларды инновацияларга салуунун зарылдыгы.

Мындан рынокко инновацияларды ийгиликтүү чыгарууну жогорулатуу үчүн инвестициялык долбоор же эч болбогондо бизнес-план түзүү керек.

Инновациялык долбоордун же бизнес-пландын негизги пункттары:

1. Жаңы продуктуга божомолдонгон сурамдын болушу. Эсептик мезгилдин ичинде жылдар боюнча сатуунун божомолдонгон көлөмү.

2. Жаңы продукт үчүн рыноктун мүнөздөмөсү, анын өзгөчөлүктөрү жана ага коюлган талаптар. Жаңы продуктунун ушул талаптарга ылайык келиши. Негизги атаандаштар жана алардын продуктулары. Жаңы продуктунун жана атаандаштардын мыкты окшош продуктулардын негизги көрсөткүчтөрүнүн салыштырма талдоосу.

3. Атаандаштык рыногунда продуктуну сатуу, анык баасы.

4. Өндүрүшкө зарыл болгон инвестициялардын көлөмү жана продуктуну илгерилетүү.

5. Өзүн актоо мезгилин эсептөө, б.а. андан кийин продуктуну сатуудан түшкөн суммардык киреше ага салынган каражаттардан качан жогору болот.

6. Продуктуну рынокко чыгаруу стратегиясы. Жарнамалык стратегия, маркетинг жана логистика.

Инновациянын рыноктук абалы ийгиликтүү болушу үчүн инвестициялардын көлөмү минималдуу, ал эми сатуу көлөмү жана баасы, тескерисинче ишенимдүү болушу керек, б.а. продуктунун жогору рентабелдүүлүгү зарыл.

Ошондой эле тандалган рыноктук чөйрөдө болушунча ири жана кооптуу атаандаштардын азыраак болушу жакшы.

Бирок эгер бардык жогоруда айтылган талаптар сакталса, бул рынокто

продуктунун ийгилигине кепилдик бербейт.

Принципиалдуу жаңы продуктуну сатуу оңой эмес. Мында менеджерлердин таланты жана ийгилиги зарыл.

Америкалык изилдөөчүлөрдүн маалыматтары боюнча сунушталган идеялардын жүздөн бири гана стартап баскычына жетет. Ийгиликтүү долбоорлордун ичинен алтынчы бөлүгү гана каржыланат, ушуга байланыштуу ар бир бешинчи долбоор гана ийгиликтүү болот. Ошондо жалпы идеясы бар 300 автордун бирине гана ийгиликтүү ишке ашырууга мүмкүндүк берилет.

### *Интеллектуалдык менчик объектисин интернет-аукциондору жана стартаптар үчүн аянтчалар аркылуу коммерциялаштыруу*

Тематикалык сайттардын бирине маалымат жайгаштырып, интеллектуалдык менчик объектисин эң жөнөкөй коммерциялаштырууга болот. Бирок мында тиешелүү колдоосуз ийгиликке жетүү кыйын экендигин түшүнүү керек.

Интеллектуалдык менчиктин аукциондору менен стартап аянтчаларынын ортосундагы айырмачылык өтө маанилүү.

Интеллектуалдык менчиктин аукциондорунда негизинен патенттер менен корголгон ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү сатылат, алар тууралуу маалымат патенттик өтүнмөлөрдө жана сыпаттамаларда баяндалат.

Стартап учурунда патенттин болушу милдеттүү эмес, бирок пландын жана идеяны ишке ашыруу маалыматтын болушу зарыл, мисалы: тажрыйбалуу үлгү катары.

Кыргызстанда демилгелүү топтун интеллектуалдык менчик объектисин жаратуу процесси менен стартаптын ортосундагы айырма өтө эле бүдөмүк бойдон калган.

Дараметтүү инвесторлор үчүн конкреттүү буюмга же технологияга өткөрүлбөгөн, кагаз түрүндөгү гана ойлоп табуу – бул “катагы мышыктай” эле.

Мындан тышкары ойлоп табуу үчүн анын маани-маңызы жөнүндө маалыматты ачыктоо дайыма плагиат, тактап айтканда – патент менен корголсо дагы, атаандаштар идеяны өздөрүнө алышат.

Пайдаланууга даяр, конкреттүү буюм жасалган инновациялык продукцияны илгерилетүү бир кыйла ийгиликтүү болот.

Бул этапта продуктта камтылган интеллектуалдык менчик объектисинин болушу эч болбогондо эки себеп боюнча, продукттун маанилүү экендигин бир кыйла жогорулатат.

1. Интеллектуалдык менчик объектиси продуктуга дайыма жаңы пайдалуу касиеттерди жана функцияларды берет.
2. Интеллектуалдык менчик объектиси анын ээсин атаандаштарынан

арылтат, б.а. продуктуну чыгарууга убактылуу монополияны түзөт.

Ошого карабастан, интеллектуалдык менчик объектисинин болушу начар маркетинг каталарынан сактап кала албайт жана продуктуну рынокко илгерилетүүдө тобокелдик факторунан коргобойт.

## *Интеллектуалдык менчиктин аукциондору*

Интеллектуалдык менчиктин аукциондору – бул расмий, жалпыга жеткиликтүү интернет-аянтчалар, мында өзүңдүн ойлоп табууң жөнүндө маалыматты бир аз төлөмгө же бекер жайгаштырууга болот.

Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчиктин аукциондору жок.

Россия Федерациясында интернет – аукциондор жакында гана пайда болду, бирок интернет булактары жана мейкиндиктери жеткиликтүү болгондуктан, тез жайылып кетти. Мунун өз минустары бар – качан майда аянтчалар көп болсо, анын кайсынысына болбосун сатып алуучулук сурам абдан түшөт.

2018-жылы Россия Федерациясында россия интеллектуалдык менчигин коммерциялаштыруу боюнча расмий жалпы элдик аукциондук аянтча ачылган, бул Россия Федерациясында, ошондой эле чет өлкөлөрдө дагы. Ал WIPO, Европа патенттик ведомствосунун, Евразия патенттик уюмунун жана башка уюмдардын көмөктөшүүсүндө ачылган.

Бүгүнкү күнү интеллектуалдык менчикти сатуу боюнча ири жана натыйжалуу интернет-ресурстардын көпчүлүгү англис тилинде болуп саналат жана АКШда жана Европада гана жайылтылган.

Россия Федерациясында интеллектуалдык менчик объектисин интернет – аукциондор аркылуу коммерциялаштыруу артыкчылыгы

1. Объект жөнүндө маалымат кызыкдар тараптардын көптөгөн санына жеткиликтүү. Алардын ичинде сунушталган технологияга муктаж болгон уюм дагы болушу мүмкүн.
2. Объектке аны кайра сатуу үчүн интеллектуалдык менчикти сатып алуучу кесипкөй инвестор же уюм кызыкдар болушу мүмкүн, бирок Россия Федерациясында мындай учурлар аз.

Россия Федерациясында интеллектуалдык менчик объектисин интернет – аукциондор аркылуу коммерциялаштыруунун кемчиликтери

Интеллектуалдык менчик объектисин ал тууралуу маалыматты интернетте жайгаштыруу аркылуу автоматтык түрдө сатуунун божомолу көп деле эмес, сунушталган объектилердин санынан 1%дан көп эмес.

Субъективдүү ата мекендик факторлор:

1. Интеллектуалдык менчикти сатуу боюнча борборлошкон интернет-ресурстун жоктугу. Кыргыз Республикасында чекене аукциондук аянчалар аз, бул алардын биринде интеллектуалдык менчик жөнүндө маалымат жайгаштырууда ийгиликке жетүү мүмкүндүгүн азайтат.

2. Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти сатуу

тажрыйбасынын жоктугу. Көпчүлүк учурда интеллектуалдык менчикти сатууну түзүүчүлөрдө рынокто сунушталган продуктуларды илгерилетүүдө билгендери жетишсиз жана алар маалыматты жөнөкөй жайгаштыруу менен чектелет.

3. Аукциондорду түзүүчүлөрдүн өз максатын көздөөсү. Интеллектуалдык менчикти сатуу боюнча борборлошкон интернет- аукциондорду түзүүчүлөр дайыма эле мисалы: коммерциялык патенттик бюро муну ак дилден ишке ашырат. Алардын негизги милдети – өз агенттигин жарналоо жана өз кардарларына патенттөө, патенттик издөө жанаа ушу сыяктуу кызмат көрсөтүү.

4. Кыргыз Республикасында инновацияларды коммерциялаштыруу боюнча адистер жетишпейт. Кыргызстанда интеллектуалдык менчикти коммерциялаштыруу боюнча менеджерлер аз болгондуктан, айрым эксперттердин көпчүлүгүнүн пикири боюнча алар жок эле болгондой.

Параграфты жыйынтыктап жатып, Кыргызстанда интеллектуалдык менчик объектисин, негизинен ойлоп табууну жана пайдалуу моделди коммерциялаштыруу өтө курч маселе бойдон калууда, өзгөчө эгер ойлоп табуунун ата мекендик рынокко колдонууга киргизүү жөнүндө сөз болсо.

Мунун себеби инновацияларды колдонууга киргизүү боюнча инфратүзүмдүн, ошондой эле илимий-техникалык инновациялык продуктуларды илгерилетүү боюнча квалификациялуу менеджерлердин жоктугу менен түшүндүрүлөт.

Россия Федерациясы менен АКШдагы ойлоп табуучулардын жана инновациялар боюнча менеджерлердин катышын каап көрөлү.

АКШ: бир ойлоп табуучуга инноватика боюнча 5-7 менеджер.

Россия: катталган ойлоп табуулардын 50-70 авторуна бир менеджер.

Эгер буга тиешелүү тажрыйбасы болбогондуктан, алар патенттелбеген илимий-техникалык чечимдердин авторлорун кошсок, анда бул катыш бир нече эсеге начарлайт.

Бул параграф боюнча жыйынтык чыгаралы.

Биз интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциялаштыруу сатуу же аларга болгон укукту ижарага берүү же объектилердин өзүнүн продукциясына пайдалануу жолу менен жүзөгө ашырыла тургандыгын аныктадык.

Биз ошондой эле интеллектуалдык менчик объектилерин ийгиликтүү коммерциялаштыруу үчүн алардын техникалык деңгээлине жана экономикалык натыйжалуулугуна квалификацияланган баа берүү зарыл экендигин белгиледик жана ушул баалоолордун аныктыгын жогорулатуунун жолдорун аныктадык.

Мындан тышкары, биз интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциялаштыруунун заманбап ыкмаларын белгиледик: интеллектуалдык менчик интернет-аукциондору жана стартаптар үчүн аянтчалар аркылуу коммерциялаштыруу.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1) Интеллектуалдык менчикти коммерциялаштыруу деген эмне?

2) Интеллектуалдык менчик объектилерин (ИМО) коммерциялаштыруунун эки негизги ыкмасын атагыла.

3) Уюмда интеллектуалдык менчиктин жаралышынын негизги жолдорун атагыла.

4) ИМОго бардык укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишим кандай аталат?

5) Лицензиялык келишим деген эмне?

6) Сиз лицензиялык келишимдердин кандай түрлөрүн билесиз?

7) Материалдык эмес активдер деген эмне жана уюмга алар эмне үчүн керек?

8) Материалдык эмес активдердин баасын эсептөөнүн негизги ыкмаларын атагыла.

9) Интеллектуалдык менчикти баалоого негизги ыкмаларды айтып бергиле?

10) Стартап деген эмне?

**ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ОЮН**

# Эмне? Кайда? Качан?

# I. Улуу ойлоп табуучулар жана ойлоп табуулар: ким же эмне жөнүндө сөз болуп жатат?

№1 суроо

Биринчи өрт өчүргүчтөр 19-кылымдын башында АКШнын көчөлөрүндө пайда болгон. Алардын жардамы менен өрт өчүрүүчүлөр сууга тез жетүүгө жана баалуу убакытты үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк алышкан. Бул ойлоп табуу чоң  акчаны үнөмдөп, көптөгөн адамдардын өмүрүн сактап калган. Бирок өрт гидрантынын ойлоп табуучусу тагдырдын себептеринен улам белгисиз бойдон калган. Патент эмне болгон?

ТУУРА ЖООП:
**АЛ КҮЙҮП КЕТКЕН**




Өрт гидранты ойлоп табуусуна берилген патент 1936-жылы АКШнын Патенттик бюросунун имараты менен кошо күйүп кеткен. Өрт башка көптөгөн патенттерди жок кылган - үч он жылдыкта топтолгон нерселердин баары күлгө айланган (болжол менен 10 000 патент, алардын 2 845и гана калыбына келтирилген).

№2 суроо

Белгилүү болгондой, киноиндустриянын дүйнөгө таанымал өкүлдөрүнүн көбү Америка Кошмо Штаттарынын батыш жээгинде Голливудда жайгашышкан. Бул кокусунан болгон эмес. Голливуддун жаралышынын башталышында кинорежиссерлор атайылап, фильмди жаратуу процессин толугу менен билген жана патенттерге ээ болгон азыркы дүйнөгө белгилүү ойлоп табуучудан жашырынууга аракет кылышкан. Ал ким болгон?

ТУУРА ЖООП:
**ТОМАС ЭДИСОН**



***Томас Эдисон,*** *дүйнөдө 4000ге жакын патент алган америкалык ойлоп табуучу: "Мен жеңилген жокмун. Мен жөн гана иштебеген 10 000 ыкманы таптым".*

Томас Эдисон Чыгыш жээкте, Нью-Джерсиде жашаган. Ал эми Калифорниядагы Тогузунчу округдук апелляциялык сот патенттик дооматтар боюнча негизги чечим чыгаруучу болгон.

## №3 суроо

1945-жылы, Ratheonдо иштеп жүргөн мезгилинде, инженер-радиолокатор Перси Спенсер магнетрондун (радиолокатордун кубаттуулугун күчөтүүчү түзүлүштүн) алдында турган. Ал чөнтөгүндөгү шоколад эрип кеткенин байкаган. Бул аны укмуш ойго түрткөн, ошол эле жылы ал ойлоп табууга өтүнмө берген. Ал ойлоп табуу бүгүнкү күндө дээрлик ар бир батирде бар.

ТУУРА ЖООП:
**МИКРОТОЛКУНДУУ МЕШ**



## №4 суроо

1876-жылы Александр Белл өзүнүн эң чоң ойлоп табуусун патенттеген. Бирок, ушундай эле түзүлүштү 5 жыл мурда, 1871-жылы, ойлоп табуучу Антонио Меуччи ойлоп тапкан, бирок бул эмгеги үчүн ал патентти каттоого 10 доллар төлөөдөн баш тарткан. Кайсы ойлоп табуу жөнүндө сөз болуп жатат?

ТУУРА ЖООП:
**ТЕЛЕФОН**



## №5 суроо

1959-жылы америкалык А. Сфредд өзгөчө патент алган. Анын ойлоп табуусу автомобиль куруу менен байланыштуу жана унаанын кардын, кумдун, ылайдын үстүндө оңой жүрүүсүнө жана чуңкурлардан оңой өтүүгө мүмкүндүк берген. Ал эмнени патенттеген?

ТУУРА ЖООП:

**ТӨРТ БУРЧТУУ ДӨҢГӨЛӨК**



1959-жылы америкалык А. Сфредд төрт бурчтуу дөңгөлөккө патент алган. Ал кардын, кумдун, баткактын үстүндө оңой эле жүрүп, чуңкурлардан оңой өтө алган. Коркунучтарга карбастан, мындай дөңгөлөктүү унаа "аксаган" эмес жана ылдамдыгын 60 км/саатка чейин көбөйтө алган.

№6 суроо

“Samsung” компаниясы байкабай, уурдалган дизайн үчүн 1,5 миллиард доллар төлөгөн. Корпорациянын маркетинг бөлүмү мындай дизайн мыйзамдуу түрдө “Apple” компаниясына таандык экенин билүү үчүн убара болгон эмес, мунун айынан компания өтө чоң айып төлөгөн. Samsung компаниясы эмнени көчүрүп алган?

ТУУРА ЖООП:

**ПЛАНШЕТТИН ТЕГЕРЕКТЕЛГЕН БУРЧТАРЫ**



# II. Улуу ойлоп табуучулардын ойлорун сөзмө-сөз же маанисине жакын толуктоо

№1 суроо

Америкалык финансист, биржалык алыпсатар, ошондой эле саясатчы, мамлекеттик ишмер, АКШнын президенттери Вудро Вилсон менен Франклин Рузвельттин кеңешчиси болгон Бернард Барух бир кезде мындай деген: **"Миллиондогон адамдар алмалардын түшкөнүн көргөн, бирок Ньютон гана ....,"** - деп сураган. (1 сөз)

ТУУРА ЖООП:
**ЭМНЕГЕ**



№2 суроо

Англиялык жазуучу, илимпоз, футуролог жана ойлоп табуучу сэр Артур Чарльз Кларк технологиялык прогресс тууралуу мындай деп ойлогон:
**"Ар кандай жетишерлик өнүккөн технология ...айырмаланбайт."** (1 сөз**)**

ТУУРА ЖООП:
**МАГИЯ**



№3 суроо

Даниялык физик жана философ, физика боюнча Нобель сыйлыгынын ээси Нильс Бор, акылдуу адамдар жөнүндө мындай деген:
**".... - өтө тар адистикте мүмкүн болгон бардык каталарды кетирип бүткөн адам".** (1 сөз)


ТУУРА ЖООП:
**ЭКСПЕРТ**



№4 суроо

Дагы бир Нобель сыйлыгынын лауреаты - Петр Капица, советтик инженер, физик, СССР Илимдер Академиясынын академиги мындай деп эсептеген: **"Чыгармачылык эркиндиги - ... жасоо эркиндиги**”. (1 сөз)

ТУУРА ЖООП:
**КАТА**



№5 суроо

Француз жазуучусу, европалык адабияттагы реализмдин негиздөөчүлөрүнүн бири Онор де Бальзак төмөнкүдөй деп ырастаган.

**“Бардык илимдердин ачкычы - ... ...”** (2 сөз)

ТУУРА ЖООП:

**СУРОО БЕЛГИСИ**



№6 суроо

Компьютердик технологиялар тармагындагы белгилүү IBM компаниясынын девизи боюнча:

**“Машиналар иштеши керек.**
**Адамдар ... керек”.** (1 сөз)

ТУУРА ЖООП:
**ОЙЛОНУШУ**



# III. Ойлоп табуулар жана ойлоп табуучулар жөнүндө кызыктуу фактылар

№1 суроо

Билл Гейтс (Bill Gates), Марк Цукерберг (Mark Zuckerberg), Стив Жобс (Steve Jobs) жана Томас Эдисондордун ( Thomas Edison) окшош бир нерсеси бар. Тагыраак айтканда, ойлоп табуу жаратган учурга чейин булардын бардыгында бир нерсе болгон эмес. Ал эмне?

ТУУРА ЖООП:
**ЖОГОРКУ БИЛИМ**



## №2 суроо

Музыка тарыхындагы атактуу эки электрогитаранын моделин ойлоп тапкан Лео Фендер, эң таң калычтуусу, озу ... билген эмес. (2 сөз)

ТУУРА ЖООП:
**ГИТАРАДА ОЙНОГОНДУ**



№3 суроо

Бир мейманкананын ресторанынын кежир кардары: "Официант, эмне үчүн картөшкө мындай тууралган?" - деп нааразы болгон, мындай кайрылууга ачууланган ашпозчу Джордж Крам жактырбаган кардардан өч алуу үчүн анын каалоосун өзгөчө кылдаттык менен аткарган. Натыйжада эмне ойлоп табылган?

ТУУРА ЖООП:
**ЧИПСТЕР**



## №4 суроо

Француз инженери Жорж де Местраль ити менен аң уулоого чыгып баратып, уйгак анын төрт буттуу досунун жүнүнө бекем жабышып калганын байкаган. Акырында ал лабораторияда ушундай эле материалды кайра жаратууга жетишкен. Бирок ойлоп табуу НАСА тарабынан  таанылмайынча белгилүү болгон эмес. Сөз эмне жөнүндө болуп жатат?


ТУУРА ЖООП:
**ЖАБЫШКАК-БЕКИТКИЧ**



## №5 суроо

Бул нерсени туш кагаз тазалоочу зат жасоого умтулган Ноа Маквикер ойлоп тапкан. Ал кезде үйлөр көбүнчө камин менен жылытылгандыктан, дубалдарда калган көө Ноа Маквикер ойлоп тапкан материал менен оңой эле жуулчу. Винил туш кагазы пайда болгондон кийин, губка менен туш кагаз тазалагычка болгон муктаждык жоголгон. Бирок Маквикерге анын продуктусун колдонуу боюнча башка идеяны беришкен: бала бакчанын тарбиячысы бул затты балдар менен сабактарга материал катары колдонууну сунуштаган. Ошондон кийин материалдын жуугуч компоненти алынып салынып, боёк кошулган. Натыйжада эмне келип чыккан?

ТУУРА ЖООП:
**ПЛАСТИЛИН**



№6 суроо

Анын жаратуучусу сэр Александр Флеминг бардык убактагы эң мыкты илимпоз деген наамды татыктуу түрдө ала алмак, бирок мындай наам үчүн ал бир аз балитирээк болгон. Бирок... Дал ошол тазалыкты сактоону каалабаганы ага кокустан чыныгы ачылыш жасоого жардам берген, баары 1928-жылы болгон. Күндөрдүн биринде ал өзүнүн лабораториясындагы кир (стафилококктун патогендүү бактериялары бар) пластик табактардын бири көгөрүп калганын көрөт. Окумуштуу аны микроскоптон карап көрүп, көктүн таасири астында бактериялар жок болуп кеткенин байкаган. Акыры ошол көк бул дарынын негизги формуласы болуп чыга келген. Натыйжада ал кайсы дарыны ойлоп тапкан?

ТУУРА ЖООП:
**ПЕНИЦИЛЛИН**




## “Мектеп патенти – келечекке кадам!” эл аралык долбоору

**Сайт: www.schoolpatent.ru**
**Вконтактедеги топ: Школьный патент – шаг в будущее!**
**Facebookтагы топ: Международный проект “Школьный патент”**

## Авторлор жөнүндө кыскача маалымат

**Антипов Антон Александрович** – доцент, филология илимдеринин кандидаты, технологиялык менеджмент жана инновациялар факультетинин доценти, "ИТМО улуттук изилдөө университети" федералдык мамлекеттик автономдуу жогорку билим берүү мекемеси.

**Богданова Елена Леонардовна** — профессор, экономика илимдеринин доктору, ИТМО университетинин Интеллектуалдык менчик институтун өнүктүрүү борборунун директору; "Кадуцей" эл аралык кызматташуу борбору" фондунун Башкармалыгынын төрайымы; Россия Федерациясынын Федералдык Жыйынынын Федерация Кеңешине караштуу Интеллектуалдык менчик маселелери боюнча кеңештин мүчөсү; "27.04.08 Интеллектуалдык менчикти башкаруу" Федералдык окуу-усулдук бирикменин илимий-усулдук кеңешинин төрайымы.

**Ерузалимская Анна Вячеславовна** — компаниянын Юридикалык башкармалыгынын интеллектуалдык менчикти коргоо бөлүмүнүн башкы адиси, "Газпром" компаниялар тобу.

**Коротышева Дарья Алексеевна** — мугалим, кошумча билим берүү педагогу, уюштуруучу-педагог, Санкт-Петербургдун Красносельск районунун №547 жалпы билим берүүчү орто мектеп мамлекеттик бюджеттик жалпы билим берүү мекемеси.

**Коротышева Юлия Николаевна** — химия мугалими, Санкт-Петербургдун Красносельск районунун №547 жалпы билим берүүчү орто мектеп мамлекеттик бюджеттик жалпы билим берүү мекемеси.

**Котенева Ольга Евгеньевна** — "Техприбор" элдик акционердик коомунун патенттик-техникалык маалымат бөлүмүнүн начальниги, Россия Федерациясынын патенттик ишенимдүү өкүлү.

**Максимова Татьяна Геннадьевна** — профессор, экономика илимдеринин доктору, технологиялык менеджмент жана инновациялар факультетинин профессору, "ИТМО улуттук изилдөө университети" федералдык мамлекеттик автономдуу жогорку билим берүү мекемеси.

**Николаев Андрей Сергеевич** — технологиялык менеджмент жана инновациялар факультетинин ассистенти, "ИТМО улуттук изилдөө университети" федералдык мамлекеттик автономдуу жогорку билим берүү мекемеси.

**Пудкова Галина Владимировна** — алдыңкы талдоочу, патент таануучу, "ИТМО улуттук изилдөө университети" федералдык мамлекеттик автономдуу жогорку билим берүү мекемеси.

**Сербиненко Юрий Николаевич** — аскердик-техникалык кызматташуу бөлүмүнүн начальниги, Россия Федерациясынын Коргоо министрлигинин Интеллектуалдык менчик, аскердик-техникалык кызматташуу, куралдарды жана аскердик техниканы экспертизалоо башкармалыгы.

**Кыскача жазуулар үчүн**